**Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО
## 2025-ЖЫЛДЫН 30-НОЯБРЫ

**ДИАУБдун шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын жыйынтыктоочу отчету**

**Варшава**
**2026-жылдын 14-августу**

## МАЗМУНУ


I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ ....... 1

II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ ....... 6

III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ ....... 7

IV. УКУКТУК НЕГИЗ ЖАНА ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ....... 8

V. ШАЙЛОО АДМИНИСТРАЦИЯСЫ ....... 11

VI. ШАЙЛООДО ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ ....... 15

VII. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО ....... 17

VIII. ТАЛАПКЕРДИ КАТТОО ....... 18

IX. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ ....... 21

X. ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО ....... 26

XI. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ (ЖМК) ....... 30

A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ ....... 30

B. УКУКТУК БАЗА ....... 32

C. ЖМК МОНИТОРИНГИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ....... 35

XII. ШАЙЛОО БОЮНЧА ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ....... 37

XIII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ ....... 40

XIV. ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ....... 42

XV. ШАЙЛОО КҮНҮ ....... 42

A. ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫН АЧУУ ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮ ....... 42

B. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУ ....... 44

XVI. ШАЙЛОО КҮНҮНӨН КИЙИНКИ ОКУЯЛАР ....... 46

XVII. РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ....... 48

A. АРТЫКЧЫЛЫКТУУ РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ....... 48

B. БАШКА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР ....... 50

I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН АКЫРКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ....... 55

II ТИРКЕМЕ: ЭЛ АРАЛЫК ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ МИССИЯСЫНА КИРГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ ....... 62

ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ....... 71

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ПАРЛАМЕНТТИК ШАЙЛОО**
**2025-жылдын 30-ноябры**

**ДИАУБдун шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясынын жыйынтыктоочу отчету**[1]

# I. КЫСКАЧА МАЗМУНУ

2025- жылдын 30- ноябрында өтө турган мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыруу алгандан кийин жана өзүнүн мандатына ылайык, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ) 21-октябрда Шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын (ШБМ) түздү. Тамаш Мезерикс мырза жетектеген миссиянын курамына Бишкекте жайгашкан 16 мүчөдөн турган негизги топ жана 29-октябрда өлкө боюнча жайгаштырылган 30 узак мөөнөттүү байкоочу (УМБ) кирди. ДИАУБ ШБМ шайлоодон кийинки окуяларга байкоо жүргүзү үчүн 12-декабрга чейин Кыргызстанда калды. Шайлоо күнү ДИАУБ ШБМге ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын (ЕКПА) делегациялары кошулуп, Эл аралык шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын (ЭШБМ) түзүштү.

ЭШБМ өзүнүн 2025-жылдын 1-декабрында жарыялаган алдын ала жыйынтыктар жана корутундулар жөнүндөгү билдирүүсүндө шайлоо "натыйжалуу өткөрүлдү, бирок чектөөчү өнөктүк чөйрөсү талапкерлердин жана шайлоочулардын катышуусун азайткан" деген тыянакка келген. Сөз эркиндиги, уюмга биригүү жана тынч жыйындарды өткөрүү сыяктуу негизги эркиндиктер конституциялык жактан корголгону менен, жаңы чектөөчү мыйзамдар жана алардын аткарылышынан улам иш жүзүндө барган сайын чектелип келет. Укуктук базага киргизилген акыркы фундаменталдык өзгөрүүлөр мажоритардык шайлоо системасы менен шайлоо округдарынын чектерин кайра аныктоо талапкерлердин шайлоого катышуусуна кошумча чектөөлөрдү жаратып, саясий партиялардын катышуусун бир кыйла төмөндөттү. Оң жагын айтсак, жаңы система боюнча ар бир округда бирден мандат азчылыкты түзгөн жыныстын өкүлүнө ыйгарылып, жалпысынан мындай өкүлдөргө 30 мандат каралат, андан сырткары талапкерлердин 41 пайызы аялдар болду. Шайлоо администрациясы өзүнүн техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ишенип, чечим кабыл алуунун ачык-айкындуулугун жогорулатуу боюнча чараларды киргизди, бирок процесстин башка негизги аспектилери боюнча, айрыкча жаңы добуш берүү технологияларында, өнөктүктү каржылоодо жана шайлоого байланыштуу иштер боюнча чечимдерди кабыл алууда ачык-айкындуулуктун жетишсиздиги байкалды. Бүткүл өлкө боюнча жаңыдан киргизилген аралыктан добуш берүү укугу шайлоочулардын катышуусу үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү түздү. Айрым округдарда өнөктүк иш-чаралары атаандаштыкта өткөнү менен, талапкерлердин ортосундагы олуттуу каржылык айырмачылыктар алардын бирдей шарттарда атаандашуу мүмкүнчүлүгүнө таасир этти. Шайлоо өнөктүгү учурунда добуштарды сатып алуу жөнүндө көптөгөн айыптоолор байкалды. Талапкерлерди бирдей чагылдыруу жана мазмун үчүн жоопкерчилик талаптарын катаал чечмелөө ЖМКлардын талапкерлерди жаңылыктарда же редакциялык программаларда чагылдыруудан карманышына, анын натыйжасында шайлоочулардын маалыматка негизденип тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүнүн азайышына алып келди. Каржылоонун чектелүүлүгү жана жарандык коом уюмдарына таасир эткен акыркы мыйзамдык түзөтүүлөр коомдук жашоого катышууну жана шайлоого байкоо жүргүзүүнү бир топ чектеди. Шайлоо күнү жалпысынан оң бааланды, жаңы добуш берүү технологиялары

[1] Бул отчеттун англис тилиндеги версиясы жалгыз расмий документ болуп саналат. Расмий эмес котормосу кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.

ишенимдүү иштеди жана добуш берүү процедуралары негизинен сакталды, бирок добуш саноо жана жыйынтыктарды чыгаруу процедураларын сактоо боюнча кеңири таралган көйгөйлөр байкалды.

Шайлоого чейинки айларда шайлоо мыйзамдары түп-тамырынан бери өзгөртүлдү. Түзүлгөн укуктук база шайлоо өткөрүү үчүн техникалык негизди камсыз кылганы менен, демократиялык шайлоолор боюнча бир катар эл аралык стандарттарга жооп бербейт жана ДИАУБ менен Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын мурунку рекомендацияларынын көпчүлүгүн эске албайт. 2025-жылдагы мыйзамдык түзөтүүлөр, *башкалардын катарында,* жаңы гендердик өкүлчүлүк квотасы, шайлоо округдарынын чек араларын кайрадан аныктоо жана талапкерлердин квалификациялык талаптарын андан ары чектөө менен жаңы мажоритардык шайлоо системасын киргизди. Мыйзамга түзөтүүлөрдү кабыл алуунун кыскартылган мөөнөтү маңыздуу коомдук талкуулоо мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, мыйзам чыгаруу процессинин инклюзивдүүлүгүнө байланыштуу кооптонууларды жаратып, айрым жоболордун ишке ашырылышына тоскоол болуп, шайлоо мыйзамдарынын туруктуулугуна доо кетирди, бул эл аралык стандарттарга жана жакшы тажрыйбага карама-каршы келет.

Токсон мүчөдөн турган парламент 30 үч мандаттуу округ боюнча жаңы мажоритардык бирдиктүү, өткөрүлүп берилбеген добуш берүү системасы боюнча беш жылдык мөөнөткө шайланат. Шайлоо округдарынын чектерин аныктоонун жаңы эрежелери жана алардын ишке ашырылуусу эл аралык оң тажрыйбага дал келбейт.

Шайлоо администрациясы шайлоону өткөрүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жагынан көпчүлүк кызыкдар тараптардын ишенимине ээ болду. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия (БШК) техникалык даярдыктарды натыйжалуу жана мөөнөтүнөн мурда шайлоого карата тездетилген мөөнөттө көрө алды. БШК чечим кабыл алууда ачык-айкындуулук үчүн алгылыктуу чараларды көрдү жана көп учурда жумушчу топтордо мазмундуу талкуулар жүргүзүлдү, бирок күн тартиби, жоболор жана чечимдер дайыма эле өз убагында жарыяланып турган жок. Төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын иши жетиштүү деңгээлде ачык-айкын болгон жок. Округдук шайлоо комиссиялары (ОШК) жакшы ресурстар менен камсыздалган жана өз милдеттерин, көбүнчө БШКнын активдүү катышуусу менен, кесипкөйлүк менен аткарышкан. Шайлоо материалдарын жеткирүүнү жеңилдетүү үчүн ОШКнын алдындагы борборлор катары колдонулган аймактык шайлоо комиссияларынын укуктук макамы, функциялары жана юрисдикциялары мыйзамда каралбаганы жана жөнгө салынбаган бойдон калуусу ырaатсыз практикага алып келди. Шайлоочуларды маалымат менен камсыздоо өнөктүктөрү салттуу маалымат каражаттарында кеңири чагылдырылды, бирок улуттук азчылыктардын тилдеринде жеткиликтүү болгон жок. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын катышуусун жогорулатуу боюнча чаралар ырaатсыз ишке ашырылды.

Бардык шайлоо участокторунда шайлоочулардын өздүгүн аныктоо менен алдын ала жыйынтыктарды белгилөө жана берүү үчүн электрондук жабдуулар колдонулган. БШК шайлоо кызматкерлерин жаңы жабдууларды колдонууга жетиштүү деңгээлде даярдап, байланыш көйгөйлөрүн чечүү үчүн чараларды көргөн. Шайлоочулар жабдууларды сынап көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, алардын колдонулуусуна жалпы ишеним көрсөтүшкөн. Бул аракеттерге карабастан, мамлекеттик сатып алуулар процессинин, көз карандысыз текшерүүнүн же сертификациялоонун жана аудит жөнүндө коомдук маалыматтын жоктугу технологиянын толук кандуулугуна болгон жалпы ишенечти төмөндөткөн.

Шайлоочулардын 23-ноябрда жарыяланган акыркы тизмесине 4 294 243 шайлоочу кирген, алардын 52 пайызы аялдар болгон. Шайлоочуларга тизмелерди текшерүү үчүн жетиштүү

мүмкүнчүлүк берилген жана кызыкдар тараптардын тизменин тактыгына жана толуктугуна болгон ишеними жогору болгон. ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын көптөн берки рекомендацияларына жана эл аралык стандарттарга карама-каршы келип, эркинен ажыратылгандар жана сот тарабынан юридикалык жактан жарамсыз деп табылгандар шайлоо укугунан ажыратылган бойдон калды.

БШК талапкерлерди каттоо процессин ачык жана натыйжалуу жүргүзүп, 465 талапкерди каттады, алардын 189у аялдар (41 пайыз) жана 10у өзүн улуттук азчылыктарга таандык деп эсептегендер (2 пайыз) болду. Көпчүлүк талапкерлер өзүн-өзү көрсөткөн; бир гана саясий партия талапкерлерди көрсөттү, бул жаңы шайлоо системасы саясий партияларга кандай таасир этиши мүмкүн экенин көрсөтүп турат. Талапкерлердин катышуусуна коюлган мыйзамдык талаптар өтө эле чектөөчү болуп, эл аралык стандарттарга жана ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын мурунку рекомендацияларына карама-каршы келет. Жалпысынан 57 талапкер катышуу талаптарына жооп бербегендиги, кайтарылбай турган жаңы шайлоо акысын төлөбөгөндүгү же атайын банк эсебин ачпагандыгы үчүн каттоодон четтетилди, бул саясий турмушка катышуу укугун чектеди.

Өнөктүк мөөнөтүнүн кыскалыгы, 10-ноябрдан 29-ноябрга чейин, талапкерлердин шайлоочуларга жетүү мүмкүнчүлүктөрүн чектеди. Расмий өнөктүккө катышуучулардын саны көп болгону менен, өнөктүктү чектөөчү эрежелер жана алардын аткарылышы, ошондой эле бийликтин каршы пикирдегилерге көргөн аракеттери чыныгы атаандаштыкка тоскоол болду. Шайлоо күнүнө чейинки кыска мөөнөткө созулган активдүүлүктөн тышкары, өнөктүк басаңдык менен өттү; ДИАУБ ШБМдин маектештери бул басаңдыкты сынчыл саясий ишмердүүлүк үчүн жазалануу коркунучу менен байланыштырышты. Шайлоо иш-чаралары бардык аймактарда, анын ичинде БШК жана УШКлар тарабынан биргелешип уюштурулган чогулуштарда; үймө-үй кыдырып жүргүзүлгөн үгүт иштеринде жана социалдык тармактардагы иш-аракеттерде байкалды. Социалдык тармактардагы үгүт иштери атайын жөнгө салынбайт жана аларга жалпы өнөктүк эрежелери колдонулат; онлайн өнөктүк иш-чаралары бийлик тарабынан активдүү көзөмөлдөнүп турду. Шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу посттордо жалпысынан талапкерлердин ишмердүүлүгү жана ким экендиги чагылдырылып, программалык маселелер, анын ичинде жогорку деңгээлдеги өз ара аракеттенүүнү жараткан маселелер аларда сейрек болду. Укуктук база бардык талапкерлер үчүн бирдей өнөктүк шарттарын камсыз кылганы менен, талапкерлердин ортосунда олуттуу каржылык айырмачылыктар болгону алардын бирдей шартта атаандашуу мүмкүнчүлүгүнө таасир эткен. Добуштарды сатып алуу боюнча айыптоолор шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө кеңири тараган. Шайлоого чейинки жума массалык башаламандыктарды уюштурууга даярданган деген айып менен белгилүү саясатчылардын камакка алынышы менен эсте калды.

Социалдык тармактарда үгүт иштерин жүргүзүү атайын жоболор менен жөнгө салынбайт жана аларга жалпы үгүт иштери боюнча эрежелер колдонулат. Бийлик интернет мейкиндигинде өткөрүлгөн өнөктүк иш-чараларына активдүү мониторинг жүргүзүп турду. Өнөктүккө байланыштуу посттор, жалпысынан алганда, талапкерлердин ишмердүүлүгүн чагылдырып, инсандыкка багытталган, программалык маселелерди, анын ичинде жогорку деңгээлдеги өз ара аракеттенүүнү жараткан иштерди сейрек чагылдырган.

Аялдар саясий жашоодо аз өкүлчүлүккө ээ, муну ДИАУБ ШБМдин маектештери тамырлаган патриархалдык стереотиптерге, каржылык тоскоолдуктарга, социалдык стигмага, көтөрүмсүздүк мамилеге жана катышууну илгерилетүүчү оң чаралардын жоктугуна байланыштырышты. Жаңы шайлоо системасы аз көрсөтүлгөн жыныстагы өкүлдөр үчүн ар бир аймакта бирден - жалпысы 30 мандат - бөлүп берет, бул гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча эл аралык рекомендацияларга жооп бербейт, ал эми башка оңдоочу чаралар каралган

эмес. Катталган талапкерлердин 41 пайызга жакыны аялдар болду, бирок бул талапкерлер акысыз эфир убактысынын 33 пайызын гана алышкан. ДИАУБ ШБМдин аял маектештеринин көпчүлүгү аялдардын саясий жашоого көбүрөөк катышуусун камсыз кылуунун амалы катары учурдагы де-факто квотаны кубатташты.

Шайлоо процессинин жүрүшүндө өлкөнүн демографиялык курамы менен улуттук азчылыктардын өкүлчүлүгүнүн ортосунда олуттуу айырмачылыктар байкалган. Этникалык азчылыктар калктын 22 пайызын түзөт, бирок катталган талапкерлердин эки пайызы гана өздөрүн көпчүлүктү түзбөгөн этникалык топко таандык деп эсептешкен жана алардын үчөө гана мандат алышкан. Улуттук азчылыктар үчүн 15 пайыздык квотаны алып салган акыркы мыйзамдык өзгөртүүлөр жана талапкерлердин шайлоого катышуусуна жаңы чектөөлөр бул өкүлчүлүктүн жетишсиздигине өбөлгө түзгөн болушу мүмкүн. Жаңы түзүлгөн шайлоо округдары ДИАУБдун 2025-жылдын башында берген рекомендацияларына карабастан, жергиликтүү аймактардын этникалык курамын эске алган эмес. Өзүн азчылыктын бир бөлүгү катары эсептеген талапкерлер ошол топтун гана өкүлдөрү катары каралуудан качышкан. Азчылык топторунун укуктары жана аларды камтууга байланыштуу темалар боюнча талкуулар коомдук үгүт иштеринде дээрлик жок болгон жана азчылык тилдеринде шайлоо жөнүндө маалыматтын жана үгүт иштеринин жеткиликтүүлүгү өтө чектелүү болгон.

Отчеттуулук жана көзөмөл боюнча жоболор, учурда ишке ашырылып жаткан түрүндө, бүтүндүк жана жоопкерчилик үчүн жетиштүү кепилдиктерди камсыз кылбайт. ДИАУБдун шайлоо өнөктүгүн каржылоону жөнгө салуу боюнча мурунку рекомендациялары эске алынбай калууда. Укуктук база, талапкерлерди чыгымдоо чегинен номиналдык түрдө ашып кеткендиги үчүн каттоодон чыгарууну кошо алганда, диспропорциялуу жазаларды карайт жана каржылык маалыматтарды ачыктоо жана текшерүү үчүн жетиштүү системаны түзбөйт, бул анын натыйжалуулугун чектейт. Каржылык маалымат БШК тарабынан шайлоо өнөктүгү учурунда дайыма жарыяланып, талапкерлер негизинен өз мүлкүнө жана жеке колдоочулардын каражаттарына таянганын көрсөтүп турду. Аралык отчеттор техникалык көйгөйлөрдөн улам жарыяланган жок, бул ачык-айкындуулукту жана шайлоочулардын маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн чектеди. Бардык эле талапкерлер мыйзамда каралган мөөнөткө чейин толук каржылык отчетторду тапшыра алышкан эмес.

Конституция сөз эркиндигин камсыз кылат, бирок аны чектөө үчүн өтө кеңири жана бүдөмүк негиздерди да камтыйт. ЖМКларды жөнгө салуучу укуктук база эл аралык милдеттенмелерге жооп бербейт жана ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына карабастан, шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин тар чечмелөөгө жол бербөө үчүн ага өзгөртүүлөр киргизилген эмес, бул атаандаштардын шайлоо өнөктүктөрүн жаңылыктарда жана редакциялык программаларда чагылдыруунун жоктугуна алып келген.

Мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар мыйзамга ылайык талапкерлерге акысыз эфир убактысын камсыз кылган. Анткени менен, телерадиокомпаниялардын бардыгындагы, ошондой эле онлайн порталдардагы жаңылыктар дээрлик толугу менен шайлоонун процедуралык аспектилерине жана бийлик органдарынын ишмердүүлүгүнө арналышы шайлоочулардын маалыматка таянып тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүн чектеген. Ал сыңары, ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына карабай, талапкерлердин акы төлөнүүчү контенти өнөктүк учурунда жаңылык сегменттеринде да чагылдырылып, аналитикалык репортаждардын аздыгы менен кошо шайлоочулардын маалыматка таянып тандоо мүмкүндүгүн чектеген.

Укуктук базада соттук кароону жана кароонун мөөнөттөрүн тездетүү каралган. Ага карабай, акыркы өзгөртүүлөр саясий партиялардын шайлоо жыйынтыктарына даттануу

мүмкүнчүлүгүн чектеп койду, ал эми шайлоочулардын мындай талаш-тартыштардан четтетилиши натыйжалуу чара көрүү мүмкүнчүлүгүн чектеди. Шайлоонун кыска убакытта өткөрүлүшү даттанууларды берүү жана чечүү үчүн жетиштүү мезгил берген жок. БШКнын талаш-тартыштар боюнча отурумдары ачык-айкындуулукту жана тараптарга өз иштерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн бергени менен, бир топ иштердин жабык каралышы, процедуралык кепилдиктерди бузду. Шайлоого байланыштуу көпчүлүк чечимдер жана БШКнын айрым чечимдери кечигүү менен жарыяланып, ачык-айкындуулукту чектеди. ДИАУБ ШБМге берилген чечимдердин көбү себептердин жана тыянактардын негизделишинин жетишсиздиги менен мүнөздөлдү, ал эми БШКнын чечимдеринде даттануу жолдору көрсөтүлгөн эмес.

Укуктук база шайлоого жарандык жана эл аралык байкоо жүргүзүүнү камсыз кылат. Талапкерлер шайлоо комиссияларына байкоочуларды жөнөтө алышат, бирок ресурстардын чектелүү болушунан улам, бул мүмкүнчүлүк көпчүлүк талапкерлер үчүн жеткиликсиз болгон. БШК 788 эл аралык байкоочуну жана эки гана жарандык уюмду аккредитациялаган, алардын ар бири бирден байкоочу дайындаган. Каржылоонун чектелүүлүгү, байкоо жүргүзүүнүн саясий иш-аракет катары аныкталганы жана чет өлкөдөн каржыланган жарандык коом уюмдарын "чет элдик өкүлдөр" катары каттоодон өткөрүүнү талап кылган акыркы түзөтүүлөр жарандык уюмдардын коомдук жашоого катышуу мүмкүнчүлүгүн бир топ төмөндөттү. ДИАУБ ШБМдин айрым жарандык коомдон чыккан маектештери шайлоого байкоо жүргүзүү иш-аракеттерине катышкандыгы үчүн жазалануудан коркушаарын билдиришти.

Шайлоо күнү тынч жана тартиптүү өтүп, жол-жоболор негизинен сакталды. Шайлоочулар биринчи жолу өздөрүнүн шайлоо округунан тышкары каалаган шайлоо участогунда аралыктан добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. ЭШБМ байкоочулары жаңы добуш берүү технологиялары дээрлик бардык байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунда, байланыш көйгөйлөрүнө карабастан, толук жана туура иштеп жатканын байкашты. Шайлоо комиссияларынын кызматкерлеринин арасында аялдар жакшы көрсөтүлгөн. ЭШБМ байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 96 пайызында добуш берүүнү оң баалашты, бирок процедуралык кемчиликтердин, анын ичинде добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу маселелердин, ошондой эле уруксаты жок адамдардын көптүгүн жана кийлигишүүлөрдүн болгонун билдиришти. Топтук добуш берүү, бир нече жолу добуш берүү жана башка бирөөнүн ордуна добуш берүү сыяктуу бир нече олуттуу процедуралык кемчиликтер байкалды. Бир нече учурларда байкоочулар шайлоо участокторунун айланасында добуш сатып алуунун белгилерин көрүштү. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун үчтөн биринен көбүндө добуштарды эсептөө, ал эми алардын дээрлик жарымында жыйынтык чыгаруу процесси терс бааланган. Тилекке каршы, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун дээрлик жарымында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн көз карандысыз добуш берүү мүмкүнчүлүгү камсыз кылынган эмес. БШК алдын ала маалымат боюнча катышууну 34,31 пайыз деп жарыялап, добуш берүү аяктагандан кийин дароо эле электрондук түрдө түзүлгөн алдын ала жыйынтыктарды шайлоо участоктору боюнча бөлүп, өзүнүн веб-сайтына жарыялай баштады, бул ачык-айкындуулукту арттырды.

Бул отчетто Кыргызстандагы шайлоолордун ишенимдүүлүгүн андан ары жогорулатуу жана аларды ЕККУнун алдында алынган жана демократиялык шайлоолор боюнча башка эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга ылайык келтирүү аракеттерин колдоо максатында рекомендациялар берилген. Шайлоо мыйзамдарынын базасын инклюзивдүү жана ачык-айкын процесс аркылуу карап чыгуу; эл аралык стандарттарга, ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге жана жакшы тажрыйбага ылайык талапкерлерге коюлган талаптарды кайра карап чыгуу; негизги эркиндиктерди коргоо үчүн шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин өзгөртүү;

шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча аудиттик жол-жоболорду, мөөнөттөрдү жана аудиттин жыйынтыктарын жарыялоону жөнгө салуу; мыйзам чыгаруу органында улуттук азчылыктарга таандык адамдардын жетиштүү өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн тиешелүү атайын чараларды киргизүү; эл аралык стандарттарга ылайык сөз эркиндигин камсыз кылуу жана колдоо үчүн ЖМКлар боюнча укуктук базаны кайра карап чыгуу; шайлоо өнөктүгүн, айрыкча жаңылыктарда жана учурдагы окуялар программаларында чагылдырууну камсыз кылуу үчүн ЖМКлар үчүн шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин өзгөртүү; төмөнкү деңгээлдеги комиссиялар үчүн, айрыкча, эсептөө жана жыйынтыктоо жол-жоболору боюнча комплекстүү, стандартташтырылган, практикалык жана өз убагында окутууну камсыз кылуу; ошондой эле шайлоонун жыйынтыктарын эсептөө жана жыйынтыктоо боюнча бардык укуктук жана процедуралык жоболордун толук сакталышын камсыз кылуу артыкчылыктуу рекомендацияларга кирет. ДИАУБ ушул жана мурунку отчеттордо камтылган рекомендацияларды ишке ашырууда бийлик органдарына жардам берүүгө даяр.

## II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ), 2025-жылдын 30-ноябрындагы мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыруудан кийин жана өзүнүн мандатына ылайык, 21-октябрда Шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын (ШБМ) түздү. Тамаш Мезерикс жетектеген миссиянын курамына Бишкекте жайгашкан 16 мүчөдөн турган негизги топ жана 29-октябрда өлкө боюнча жайгаштырылган 30 узак мөөнөттүү байкоочу (УМБ) кирген. ДИАУБ ШБМ шайлоодон кийинки окуяларды байкоо үчүн 12-декабрга чейин Кыргызстанда калды.

Шайлоо күнү ДИАУБ ШБМге ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын (ЕККУ ПА) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын (ЕКПА) делегациялары кошулуп, Эл аралык шайлоого байкоо жүргүзүү миссиясын (ЭШБМ) түзүштү. Клод Хааген (парламент мүчөсү - ПМ) ЕККУнун төрагасы тарабынан ЕККУнун кыска мөөнөттүү байкоочулар миссиясынын атайын координатору жана жетекчиси болуп дайындалды. Моника Зайкова (ПМ) ЕККУ ПА делегациясынын башчысы болду. Георгиос Стаматис (ПМ) ЕКПА делегациясын жетектеди. Бул ЭШБМге катышкан ар бир институт 2005-жылдагы Эл аралык шайлоолорду байкоо принциптеринин декларациясын кабыл алышкан. Шайлоо күнү ЭШБМ 45 өлкөдөн келген жалпысынан 356 байкоочудан турду, анын ичине ДИАУБ тарабынан жөнөтүлгөн 223 байкоочу, ЕККУ ПАдан 72 мүчөдөн турган делегация жана ЕКПАдан 18 мүчөдөн турган делегация кирет.

ДИАУБ ШБМ шайлоо процессинин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоолор боюнча башка эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкештигин баалады. Бул жыйынтыктоочу отчет 1-декабрда Бишкекте өткөн басма сөз жыйынында жарыяланган Алдын ала корутундулар жана жыйынтыктар жөнүндөгү билдирүүдөн кийин даярдалган.[2]

Миссия шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакырганы үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө, ошондой эле Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссияга (БШК) жана Тышкы иштер министрлигине көрсөткөн жардамы үчүн ыраазычылык билдирет. Миссия ошондой эле башка мамлекеттик мекемелерге, сот органдарына, саясий партияларга, маалымат каражаттарына, жарандык коом уюмдарына, эл аралык коомчулуктун өкүлдөрүнө жана башка маектештерге кызматташтыгы үчүн ыраазычылык билдирет.

---

[2] ДИАУБдун Кыргызстан боюнча шайлоого байланыштуу мурунку отчетторун караңыз.

## III. ТҮЗҮЛГӨН АБАЛ ЖАНА САЯСИЙ КОНТЕКСТ

Президент Садыр Жапаров, парламент өзүн-өзү 30-сентябрда таркаткандан кийин, 30-ноябрда мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоо өткөрүлөрүн жарыялаган. Парламенттин[3] өзүн-өзү таркатуу чечими бийлик тарабынан жаңы шайлоо системасынын алкагында парламенттик жана президенттик шайлоо өнөктүктөрүн удаалаш өткөрүүнүн административдик жана социалдык кысымдарын азайтуу аракети катары сыпатталган.[4] Бул шайлоо көпчүлүк тарабынан президенттик бийликти бекемдөөдөгү дагы бир кадам катары кабыл алынган.[5]

Өзүн-өзү таркаткан парламент 2021-жылдын ноябрында,[6] 2020- жылдын октябрь айындагы шайлоонун жыйынтыгы кеңири жана зомбулуктуу коомдук наразычылык акцияларынан улам жокко чыгарылгандан кийин, шайланган. Аялдар саясий жашоодо аз өкүлчүлүккө ээ жана алар таркаган парламенттеги 90 орундун 20сын, 23 министрлик кызматтын бирин ээлеп, ал эми 7 губернаторлук кызматтын бирин да ээлеген эмес. Маектештер ДИАУБ ШБМге аялдардын саясаттагы аз өкүлчүлүгү тамырлаган патриархалдык стереотиптерден, каржылык тоскоолдуктардан, социалдык стигмадан жана көтөрүмсүз мамиледен, ошондой эле эл аралык стандарттарда каралгандай, көбүрөөк катышууга түрткү берүүчү дараметти өнүктүрүү чараларынын жоктугунан келип чыгаарын билдиришти.[7]

Президенттик системаны кайра киргизүү боюнча 2021- жылдагы референдумдан кийинки мезгил бийлик балансынын өзгөрүшү менен мүнөздөлүп, президенттин саясий жашоодогу ролун күчөттү.[8] Мамлекеттик институттардын, анын ичинде сот бийлигинин, коррупцияга каршы жана улуттук коопсуздук органдарынын, айрыкча Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин (УКМК) ролунун ортосундагы функцияларды кайра бөлүштүрүү

---

3 Өзүн-өзү таркатуу сунушун 32 парламент мүчөсү (ПМ) демилгелеп, 25-сентябрда 84 добуш менен кабыл алынган. Конституцияга жана "*Жогорку Кеңештин* регламенти жөнүндө" мыйзамга ылайык, мындай сунушту бардык (90) депутаттардын үчтөн бири демилгелей алат жана кеминде үчтөн экисинин колдоосу талап кылынат.

4 Президенттин жана Жогорку Кеңештин төрагасынын билдирүүлөрүн караңыз.

5 2024-жылдын август айында президент Жапаров "бийликтин вертикалы күчтүү жана бекем болушу керек" деп баса белгилеп, парламентке "маанилүү чечимдерди, ири долбоорлорду, реформаларыбызды жана мыйзам чыгаруу демилгелерибизди кечиктирбестен жана куру сөзү жок колдогону" үчүн ыраазычылык билдирген.

6 *"Ата-Журт* Кыргызстан" 15 мандат, *"Ишеним* " 12 мандат, *"Ынтымак"* 9 мандат, "Альянс" 7 мандат жана *"Бүтүн Кыргызстан"*– 6 орун; жана *Ыйман Нуру партиясы.* – 5 орун *алган*. Парламенттин отуз алты мүчөсү саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн эмес.

7 Аялдарга карата басмырлоону жок кылуу боюнча БУУнун (АКБЖК) 1979-жылдагы Конвенциясынын 4-беренеси жана анын Комитетинин 2004-жылдагы № 25 Жалпы сунушу саясий жана коомдук жашоого тең укуктуу катышууга көмөктөшүүчү практикалык кадамдар менен колдоого алынуучу убактылуу атайын чараларды көрүү зарылдыгын белгилейт; ошондой эле АКБЖКнын № 23 жалпы сунушун караңыз; АКБЖКнын чечим кабыл алуу системаларында аялдардын тең жана инклюзивдүү өкүлчүлүгү боюнча № 40 жалпы сунушун караңыз; ошондой эле Кыргызстандын төртүнчү мезгилдүү отчету боюнча 2024-жылдагы Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитеттин (ЭСМУК) корутунду тыянактарын жана Кыргызстандын бешинчи мезгилдүү отчету боюнча 2021-жылдагы АКБЖК корутунду тыянактарын караңыз.

8 Жапаров мырза 2021-жылдын январь айындагы президенттик шайлоодо шайланган, ал президенттик системаны кайра киргизүүнү тандаган референдум менен бир убакта өткөрүлгөн. Натыйжада, 2021-жылдын апрель айындагы референдум аркылуу кабыл алынган жаңы Конституция президенттин ыйгарым укуктарын бир топ кеңейтти, *анын* ичинде мыйзам чыгаруу жана референдум демилгелерин көтөрүү, Конституциялык Соттун жана Жогорку Соттун төрагаларын кошо алганда, сот бийлигин дайындоо жана кызматтан алуу укуктары берилди, ошондой эле аткаруу бийлиги премьер-министрден президентке өткөрүлдү жана алты жылдык президенттик мөөнөт эки беш жылдык мөөнөт менен алмаштырылды.

аркылуу борборлоштурулган башкаруу модели түзүлдү.[9] Саясий абал чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду жана саясий партиялардын таасири азайды.

Жаңы мыйзамдар конституция менен корголгон сөз эркиндигине, уюмдарга биригүүгө жана тынч чогулуштарга чектөөлөрдү киргизди, ал чектөөлөр жана аларды аткаруу ыкмасы, ошондой эле жакында активисттердин, журналисттердин жана саясатчылардын куугунтукталышы жана камакка алынышы эл аралык адам укуктарын коргоочу уюмдар тарабынан сынга алынып келген.[10]

## IV. УКУКТУК НЕГИЗ ЖАНА ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ

Парламенттик шайлоо негизинен 2021-жылдагы Конституция жана 2011-жылдагы "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын *Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Конституциялык Мыйзам (акыркы жолу 2025-жылдын октябрында өзгөртүлгөн Шайлоо жөнүндө Мыйзам)*[11] менен жөнгө салынган. Кыргыз Республикасы демократиялык шайлоолор боюнча негизги эл аралык жана аймактык документтерди кабыл алган.[12] Шайлоо өткөрүү үчүн техникалык негизди камсыз кылганы менен, укуктук база демократиялык шайлоолор боюнча бир катар эл аралык стандарттарга жооп бербейт. Шайлоо процессинин айрым аспектилеринде комплекстүү жана өз убагындагы

9 Камчыбек Ташиев мырза 2021-жылдан бери Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы жана Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары болуп иштеп келген, ал 2026-жылдын февралында кызматтан алынганга чейин өлкөдөгү эң таасирдүү саясий фигуралардын бири катары кабыл алынган (*Шайлоодон кийинки окуяларды караңыз*).

10 БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын (БУУ АУЖКБ) 2024-жылдын январь жана 2025-жылдын март айларындагы Кыргызстандагы сөз эркиндигинин абалы, анын ичинде көз карандысыз маалымат каражаттары жана жарандык коом үчүн мейкиндиктин тарышы боюнча билдирүүлөрүн караңыз. 2024-жылдын февраль айында ДИАУБдун директору жана ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү "чет элдик өкүлчүлүк " мыйзамынын "жарандык коомго өтө терс таасирин тийгизет" деп күтүлүп жаткандыгына байланыштуу аны жокко чыгарууга чакырышкан. Мыйзамдын мурунку долбоору боюнча ДИАУБдун 2022-жылдагы шашылыш убактылуу корутундусун караңыз. БУУ АУЖКБ 2024-жылдын апрель айында "чет элдик өкүлчүлүк мыйзамы" жарандык коомдун ишине коркунуч келтирип, "сөз эркиндигине, уюмга биригүүгө, тынч чогулуштарга жана коомдук иштерге катышуу" боюнча негизги укуктарды кеңири бузат деп билдирген. Өз корутундусунда "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" мыйзам боюнча Европа Кеңешинин Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясы (Венеция комиссиясы) мыйзам " уюмга биригүү эркиндиги укугуна жана басмырлоого жол бербөө принцибине шайкеш келбей турганын" баса белгиледи. Ошондой эле Хьюман Райтс Вотч, Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк, Хьюман Райтс Дефендер жана Амнести Интернешналдын отчетторун караңыз.

11 Парламенттик шайлоолорду жөнгө салуучу укуктук база Борбордук Шайлоо комиссиясынын жоболору менен толукталган Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия жөнүндө 2021-жылдагы Конституциялык мыйзамды (2025-жылдын июль айында өзгөртүлгөн), 2011-жылдагы Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамды (2021-жылы өзгөртүлгөн) камтыйт. Башка тиешелүү жоболор 1999-жылдагы "Саясий партиялар жөнүндө" мыйзамда (2025-жылы өзгөртүлгөн), 2012-жылдагы "Чогулуштар жөнүндө" мыйзамда, 2021-жылдагы Жазык кодексинде (2025-жылы өзгөртүлгөн) жана 2021-жылдагы Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексте (2025-жылы өзгөртүлгөн) камтылган.

12 Аларга 1966-жылдагы Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт (ЖСУЭП), 1975-жылдагы Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу жөнүндө конвенция (РБЖКК), 1979-жылдагы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу жөнүндө конвенция (АКБЖК) жана анын кошумча протоколу, 2006-жылдагы Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция (МУЖК), 2003-жылдагы БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясы (БУУКК) жана 2002-жылдагы Демократиялык шайлоолордун, шайлоо укуктарынын жана эркиндиктеринин стандарттары боюнча КМШ конвенциясы кирет. Кыргызстан Европа Кеңешинин Укук аркылуу демократия боюнча Европа комиссиясынын (Венеция комиссиясы) мүчөсү жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы менен демократия боюнча өнөктөш статусуна ээ.

кошумча жөнгө салуулар жетишсиз болуп, эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келип, укуктук тактыкты бузат.

Шайлоо мыйзамына 2025-жылы жети жолу (акыркысы октябрь айында) өзгөртүүлөр киргизилип, парламенттик шайлоого аз калганда шайлоо алкагынын көпчүлүк аспектилери өзгөртүлүп, ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын көпчүлүк рекомендациялары, анын ичинде туткундардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоо укуктарын чектөө, шайлоо өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөө, шайлоо талаш-тартыштарындагы укуктук абал жана шайлоо өнөктүгүнүн эрежелери эске алынбай калган. Түзөтүүлөрдө, *башкалардын ичинде*, мажоритардык шайлоо системасы, гендердик өкүлчүлүк квотасы, шайлоо округдарынын чек араларын аныктоо жана кайтарылгыс каттоо акысы киргизилгени талапкерлердин катышуусун андан ары чектеп, шайлоо өнөктүгүнүн эрежелери өзгөртүлгөн жана кошумча шайлоолор жокко чыгарылган.

ДИАУБ Шайлоо мыйзамына өзгөртүүлөрдүн долбоору боюнча 2025-жылдагы корутундусунда Мыйзамга кыскартылган убакыттын ичинде өзгөртүүлөр киргизилгенин, бул маанилүү коомдук талкуулоо мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, мыйзам чыгаруу процессинин инклюзивдүүлүгүнө байланыштуу кооптонууларды жаратканын белгилеген.[13] Шайлоо алдында шайлоо системасынын фундаменталдык элементтеринин өзгөрүшү шайлоо мыйзамдарынын туруктуулугуна жана алардын келечегин көрүү мүмкүндүгүнө доо кетирет.[14]

*Шайлоонун укуктук базасы демократиялык шайлоолордун эл аралык стандарттарына жана ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына ылайык кайра каралышы керек. Мындай кайра карап чыгуу шайлоого чейин ачык, инклюзивдүү жана айкын консультация процесси аркылуу жүргүзүлүшү зарыл. Укуктук ишенимдүүлүктү камсыз кылуу жана бардык кызыкдар тараптар үчүн тийиштүү даярдык көрүү мүмкүнчүлүгүн берүү максатында кошумча мыйзамдар шайлоо процессинин тиешелүү баскычтарына чейин өз убагында кабыл алынып, жарыяланышы керек.*

Токсон мүчөдөн турган парламент 30 үч мандаттуу округ боюнча жаңы мажоритардык бирдиктүү, өткөрүлүп берилбеген добуш берүү системасы (ӨБДС) боюнча беш жылдык мөөнөткө шайланат. Шайлоочулар бир талапкерге же баарына каршы добуш бере алышат. Эң көп добуш алган үч талапкер жеңүүчү болот, алардын бири аз өкүлчүлүктүү жыныстан болушу керек. ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери ӨБДС системасы саясий партияларды алсыратып, жергиликтүү колдоо тармактарын пайда болушуна алып келип, ыраattуу улуттук саясий күн тартибин иштеп чыгууга тоскоол болушу мүмкүн деген пикирде болушту.

---

13 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын *Жогорку Кеңешинин* депутаттарын шайлоо жөнүндө" Конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Конституциялык мыйзамдын долбоору боюнча ДИАУБдун 2025-жылдагы юридикалык корутундусунун 19-25-пункттарын караңыз. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 5.8-пунктунда "мыйзамдар коомдук жол-жоболордун аягында кабыл алынат [...], бул алардын колдонулушунун шарты болуп саналат" деп айтылат. Ошондой эле, ДИАУБдун 2024-жылдагы Жакшыраак мыйзамдар үчүн демократиялык мыйзам чыгаруу боюнча көрсөтмөлөрүнүн 23-пунктуна жана Венеция комиссиясынын 2025-жылдагы Мыйзам үстөмдүгүнүн жаңыртылган текшерүү тизмесинин 60-пунктуна караңыз.

14 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча жакшы тажрыйба кодексинин II.2.b пунктунда "шайлоо укугунун негизги элементтери, атап айтканда, шайлоо системасынын өзү, шайлоо комиссияларынын курамы жана шайлоо округдарынын чек араларын аныктоо шайлоого бир жылдан аз убакыт калганда өзгөртүүлөргө ачык болбошу керек" деп айтылат; 2024-жылдагы Венеция комиссиясынын Шайлоо мыйзамдарынын туруктуулугу боюнча кайра каралган чечмелөөчү декларациясында шайлоого байланыштуу укуктук реформалар кечиктирилген мыйзамдык өзгөртүүлөр менен процессти башкаруу жана түшүнүү бузулбашы үчүн эрте жүргүзүлүшү керектиги баса белгиленген.

Өкүлчүлүгү аз болгон жыныстагы талапкерлер үчүн бөлүнгөн 30 мандат бийлик тарабынан "аялдар квотасы" катары көрсөтүлгөн.[15] Саясий катышууну күчөтүү чаралары мактоого татырлык болгону менен, ДИАУБ ШБМ менен маектешкен көптөгөн адамдар квота системасы саясий катышуудагы гендердик теңчилик боюнча эл аралык рекомендациялталган стандартка дал келбейт деген кооптонууларын билдиришти.[16] Мыйзамда аялдардын саясаттагы мүмкүнчүлүктөрүн жана өкүлчүлүгүн жогорулатуу үчүн эл аралык стандарттарга карама-каршы келген дараметти жогорулатуу боюнча окутуулар же каржылык субсидиялар сыяктуу башка чаралар каралган эмес.[17]

*Саясий өкүлчүлүктө гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн мыйзам чыгаруу жана дараметти күчөтүү чаралары каралышы керек. Саясий жашоого катышууда мазмундук теңчиликке жетүү боюнча АКБЖК рекомендацияларына ылайык, өкүлчүлүгү аз болгон жыныстагы адамдар үчүн квота көбөйтүлүп, окутуу, насаатчылык жана каржылык колдоо сыяктуу кошумча укуктук жана саясий чаралар менен толукталышы керек.*

Шайлоо округдарынын чектерин аныктоонун жаңы эрежелери жана аларды ишке ашыруу чектерди аныктоого жооптуу мекеменин курамы жана ага байланыштуу жол-жоболор боюнча эл аралык жакшы тажрыйбага дал келбейт,[18] административдик чек аралардын сакталышы,[19] шайлоочулардын орточо санынан жол берилген четтөө,[20] жана улуттук азчылыктардын

---

15 Эгерде талап кылынган жыныстагы шайланган талапкерлер жок болсо, анда үчүнчү орунду алган талапкердин мандаты ошол округда эң көп добуш алган карама-каршы жыныстагы талапкерге берилет.

16 2024-жылдагы АКБЖКнын № 40 жалпы сунушу тең укуктуу жана инклюзивдүү өкүлчүлүктү негизги милдет катары белгилеп, катышуучу мамлекеттерге "чечим кабыл алуунун бардык чөйрөлөрүндө аялдар менен эркектердин ортосундагы 50:50 теңдигин институционалдаштыруу үчүн Конституцияга жана мыйзам чыгаруу базаларына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү" талап кылат жана чечим кабыл алууда тең салмактуу өкүлчүлүккө жетүү үчүн натыйжалуу убактылуу атайын чараларды көрүүгө чакырат. ДИАУБдун 2025-жылдагы Гендердик теңчилик боюнча жол картасы: Саясатта аялдар менен эркектердин тең жана маңыздуу өкүлчүлүгүнө карай жети кадам гендердик теңчиликти башкаруу принциби катары андан ары белгилеп, теңчилик башкаруунун негизги принциби жана трансформациялык өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткычы болушу керек, аялдар чечим кабыл алуу системаларында эркектер менен тең укуктуу болушу керек деп айтылат.

17 АКБЖК Конвенциясынын 4-беренеси жана анын 2004-жылдагы № 25 Жалпы сунушу, саясий жана коомдук жашоого тең укуктуу катышууга көмөктөшүүчү практикалык кадамдар менен колдоого алынышы керек болгон шайлоо квотасын кошо алганда, убактылуу атайын чараларды көрүү зарылдыгын белгилейт. АКБЖКнын 1997-жылдагы № 23 жалпы сунушун жана 2024-жылдагы № 40 жалпы сунушун караңыз .

18 Мыйзамда БШК ар бир парламенттик шайлоонун алдында шайлоо округдарын аныктайт деп белгиленген. 1.2.2.vii. пунктчасы. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын жакшы тажрыйба кодексинде процесс "калыс жана [...] көпчүлүк мүчөлөрү көз карандысыз болгон комитеттин пикирин эске алуу менен жүргүзүлүшү керек, [жана] географты, социологду жана партиялардын тең салмактуу өкүлчүлүгүн, зарыл болсо, улуттук азчылыктардын өкүлдөрүн камтышы керек" деп айтылат. БШК 2025-жылдын 1-октябрында мыйзамдуу мөөнөттө 30 жаңы шайлоо округун аныктаган.

19 Мыйзам административдик чек араларды сактоону сунуштайт, бирок бул 2025-жылдагы шайлоо өнөктүгүндө камсыздалган эмес. БШК шайлоо округдарын аныктоо учурунда чектеш административдик бирдиктерди кошуп, анын ичинде Баткен жана Ош облустарынын аймактык бирдиктеринен турган № 3 шайлоо округун жана Ноокат району менен Араван районунун аймактык бирдиктеринен турган № 4 шайлоо округун түзгөн.

20 Мыйзамда шайлоо округдарында шайлоочулардын саны болжол менен бирдей болушу керектиги жана республикалык орточо көрсөткүчтөн 20 пайызга чейин четтөөгө жол берилгени белгиленген. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 7.3-пунктунда катышуучу мамлекеттер "бойго жеткен жарандарга жалпы жана тең шайлоо укугун кепилдейт" деп белгиленген. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Жакшы тажрыйба кодексинин I.2.2.iv пунктунда өзгөчө жагдайларды кошпогондо, четтөөлөр 10 пайыздан ашпашы керек жана эч кандай шартта 15 пайыздан ашпашы керек деп каралган.

кызыкчылыктарын эске алуу боюнча юридикалык талаптардын жоктугу[21] жаңы шайлоо округдарындагы шайлоочулардын саны бири-биринен олуттуу айырмаланып, добуш берүүнүн теңдигине таасир этти.[22]

*Добуш берүүнүн теңдигин камсыз кылуу үчүн, эл аралык жакшы тажрыйбага ылайык, ар бир* округда *шайлоочулардын орточо санынан жол берилген четтөөнү азайтуу керек. Шайлоо округдарынын чек араларын аныктоо көз карандысыз жана калыс орган, ошондой эле улуттук азчылыктарды кошо алганда, бардык тиешелүү кызыкдар тараптар менен консультация жүргүзүү менен жасалышы керек.*

## V. ШАЙЛОО АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

Парламенттик шайлоо БШК, 30 округдук шайлоо комиссиялары (ОШК) жана 2500гө жакын участкалык шайлоо комиссияларынан (УШК) турган үч баскычтуу шайлоо комиссияларынын системасы тарабынан өткөрүлдү.[23] БШК парламент жана президент көрсөткөн талапкерлердин ичинен парламент тарабынан дайындалган туруктуу орган болуп саналат, ал эми ОШКлар убактылуу БШК тарабынан аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) курамынын негизинде түзүлөт жана шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыялангандан кийин таркатылат.[24]
ОШК мүчөлөрүн тандоо үчүн төраганы жана катчыны тандоодо шайлоого байланыштуу тажрыйбанын болушун эске алуу талабынан башка эч кандай юридикалык критерийлер жок, бул БШКга кеңири эркиндик берет. Бул шайлоодо ОШКлар 2025-жылдын 3-октябрында түзүлгөндөн бери алардын курамында 30га жакын өзгөрүү болду, алардын көпчүлүгү жеке

---

21 Мыйзам шайлоо округдарынын этникалык курамын эске алууну талап кылбайт жана аны ишке ашыруу географиялык жактан топтолгон жамааттардын жасалма бөлүнүшүн жаратты, бул улуттук азчылыктардын өкүлдөрү болгон талапкерлердин өз жамаатынын шайлоочуларын мобилизациялоо мүмкүнчүлүгүнө таасирин тийгизди. Бул маселе Өзгөндүн № 9 жана № 11 шайлоо округдарынын, Оштогу № 5, 7, 8 округдарынын жана Сузактын № 11 жана № 12 округдарынын ортосунда бөлүнүшүнө тиешелүү болуп, этникалык өзбек жамааттарына таасирин тийгизди, ал эми № 7 жана № 9 округдардын чек араларын аныктоо этникалык тажик жамаатына таасирин тийгизген болушу мүмкүн. ЕККУ УАЖКнын 1999-жылдагы Улуттук азчылыктардын коомдук жашоого натыйжалуу катышуусу боюнча Лунд рекомендацияларынын 10- сунушунда "шайлоо округдарынын географиялык чек аралары улуттук азчылыктардын тең укуктуу өкүлчүлүгүнө көмөктөшүшү керек" деп айтылат. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы Жакшы тажрыйба кодексинин I.2.2.vii пунктунда "шайлоо округдарынын чек аралары кайрадан аныктоо […]улуттук азчылыктарга зыян келтирбестен жасалышы керек" деп айтылат. 25-берене 1966-жылдагы БУУнун ЖСУЭПтин 2-беренеси менен бирге шайлоо укуктарын ишке ашырууда басмырлоодон коргойт.

22 БШКнын 2025-жылдын 1-октябрындагы № 88 токтомунда ар биринде орточо эсеп менен 142 900 шайлоочу бар 30 округ аныкталган. Сегиз округдагы шайлоочулардын саны (жалпы санынын 26,7 пайызы) эл аралык деңгээлде сунушталган 10 пайыздык босогодон ашып кетти: № 9 (-14,10 пайыз), № 15 (+12,11 пайыз), № 28 (+12,09 пайыз), № 13 (+11,9 пайыз), № 27 (+10,37 пайыз), № 20 (-10,6 пайыз) жана № 4 (-10,24 пайыз). Андан тышкары, № 5 округ 15 пайыздык босогодон ашып кетти. 1996-жылдагы БУУнун Жарандык жана шайлоо укуктары жөнүндөгү жалпы декларациясынын № 25 жалпы комментарийинин 21-пунктунда "шайлоо округдарынын чек араларын чийүү жана добуштарды ыйгаруу ыкмасы добуштарды бөлүштүрүүнү бурмалабашы керек" деп айтылат.

23 Бул шайлоо үчүн БШК 34 өлкөдө башка мамлекетте добуш берүү үчүн 100 шайлоо участогун, анын ичинде Россия Федерациясында 40, Түркияда 8, Казакстанда 7, Америка Кошмо Штаттарында жана Канадада 6дан жана Корея Республикасында 4 участок түздү. БШК аралыктан добуш берүү үчүн гана 27 шайлоо участогун түздү, алар БШКнын аралыктан добуш берүү жөнүндөгү токтомдору менен жөнгө салынат жана эч бир белгилүү шайлоо округуна карабайт.

24 Парламент 12 мүчөдөн турган БШКнын жарымын президенттин сунушу менен, экинчи жарымын өзүнүн сунушу менен беш жылдык мөөнөткө дайындайт. Президент да, парламент да өздөрүнүн талапкерлерин кызматтан алууну сунуштай алышат. АШКлар шайлоо администрациясынын туруктуу органдары болуп саналат. Мыйзам боюнча, алар парламенттик шайлоолордо иштебейт.

себептерден улам өзүн-өзү ОШК курамынан чыгарууга байланыштуу болду. Катталган талапкерлер бардык деңгээлдеги шайлоо комиссияларына өкүлдөрдү дайындоого укуктуу. Шайлоо администрациясынын шайлоону өткөрүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү көпчүлүк кызыкдар тараптардын ишенимине ээ болду.

УШКлар саясий партиялардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан бирдей санда көрсөтүлгөн талапкерлерден турат, ал эми жалпы мүчөлүк катталган шайлоочулардын санына жараша болот.[25] ДИАУБ ШБМ менен маектешкен бир нече адам саясий партиялар УШКларга мүчөлөрдү көрсөтпөгөнүн, бул комиссиялардагы саясий плюрализмди азайтканын белгилешти. ДИАУБ ШБМ УШКлар негизинен жергиликтүү мамлекеттик кызматкерлерден турарын байкады.

Аялдар ОШКларда 57 пайызды жана УШКларда 70,5 пайызды түзүп, жакшы өкүлчүлүккө ээ болушкан, ал эми БШКнын курамында 11 мүчөнүн ичинен 2 гана аял киши.[26] ДИАУБдун мурунку рекомендациясына карабай, улуттук азчылыктарга шайлоо администрациясында мыйзам менен кепилденген эч кандай квота жок жана БШКнын маалыматы боюнча, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын өкүлчүлүгү үчүн да эч кандай орун же квоталар жок.[27]

*Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жана улуттук азчылыктардын, айрыкча алар калктын олуттуу бөлүгүн түзгөн аймактарда, шайлоо администрациясынын ишине катышуусуна көмөктөшүү боюнча чараларды киргизүүнү карап чыгуу керек.*

БШК мөөнөтүнөн мурда шайлоого техникалык даярдыктарды натыйжалуу жана тездетилген мөөнөттө көрдү. БШК талапкерлердин өкүлдөрү жана эл аралык байкоочулар үчүн ачык үзгүлтүксүз сессияларды өткөрүү, жаздырылган сессияларды онлайн режиминде трансляциялоо жана жарыялоо аркылуу ачык-айкындуулукту жогорулатты. Талапкерлердин БШКдагы өкүлдөрүнө талапкерлерине тиешелүү маселелер качан каралаары жөнүндө кабар берилип, эреже катары, алар сессияларга катышып, өз пикирлерин билдире алышкан. Бирок, БШКнын сессияларынын күн тартиби, жоболору жана чечимдери дайыма эле өз убагында жарыялана берген жок. Андан тышкары, көп учурда мазмундуу талкуулардын дайыма эле жеткиликтүү боло бербеген жумушчу топтордо өтүшү чечим кабыл алуунун ачык-айкындуулугун ого бетер төмөндөткөн.

ОШКлар жетиштүү ресурстар менен камсыз болушкан жана өз милдеттерин кесипкөйлүк менен аткарышкан, көбүнчө БШК өкүлдөрү алардын административдик милдеттерди

---

25 УШКлар 500гө чейин шайлоочу катталган участоктордо 7ден кем эмес мүчөдөн, 501–1200 шайлоочу катталган участоктордо 9дан кем эмес мүчөдөн жана 1200дөн ашык шайлоочу катталган участоктордо 11ден кем эмес мүчөдөн түзүлүшү керек. Бир шайлоо участогу 3000 шайлоочуга чейин кабыл алышы мүмкүн.

26 Парламент 2025-жылдын 12-сентябрында президент тарабынан көрсөтүлгөн БШКнын төрт аял мүчөсүнүн экөөсүнүн ыктыярдуу түрдө кызматтан кеткендигине байланыштуу ыйгарым укуктарын токтотуп, алардын ордуна эки эркек кишини дайындады. Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 2-беренесине ылайык, "[...] (БШКнын) бир жыныстагы мүчөлөрүнүн саны жетимиш пайыздан ашпашы керек".

27 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин басмырлоого тыюу салган жана катышуучу мамлекеттерди укуктардын бирдей пайдаланылышын камсыз кылуучу чараларды көрүүгө милдеттендирген 31-пунктун жана коомдук иштерге натыйжалуу катышууну камсыз кылган 35-пунктун караңыз; ошондой эле ЕККУнун 1991-жылдагы Москва документинин 41.2-пунктун караңыз. Ошондой эле 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Жакшы тажрыйба кодексинин II.3.1.d.iv пунктун жана анын Түшүндүрмө отчетунун 76-пунктун караңыз , анда "шайлоо комиссиясынын курамына... улуттук азчылыктардын өкүлдөрү кириши мүмкүн" деп айтылат.

аткаруусуна активдүү катышкан.[28] Айрым ОШКлар *кезексиз*, көбүнчө кыска мөөнөттө жыйындарын өткөрүшкөн, ал эми жыйындардын күн тартиби жана протоколдору көп учурда жарыяланган эмес, бул ачык-айкындуулукту жана байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн чектеген.[29] Айрым ОШКлардын ишине алардын шайлоо округдарынын чоңдугу жана байланыш көйгөйлөрү таасир этти.[30]

*Чечим кабыл алууда толук ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн шайлоо администрациясынын бардык деңгээлдеги органдары ачык жыйындарды өткөрүп, алардын күн тартибинин долбоорлорун жана протоколдорун өз убагында жана ырааттуу түрдө жарыялашы керек.*

Мыйзам боюнча, ОШКлар УШКлардан шайлоо документтерин алуу жана округдук деңгээлдеги жыйынтыктарды чыгаруу үчүн жоопту. Шайлоо күнүнүн алдында БШК ДИАУБ ШБМге АШКлар шайлоо материалдарын жеткирүүнү жеңилдетүү үчүн ОШКнын алдында борборлор катары кызмат кылаарын билдирген. Бул ОШКнын алдындагы борборлордун укуктук макамы, милдеттери жана аймактык юрисдикциясы мыйзамда белгиленген эмес жана жөнгө салынбаган бойдон калуусу, анын ичинде айрым ОШКнын алдындагы борборлордун жыйынтыктарды эсептөөгө жана УШКлардын материалдарын иштетүүгө катышуусу, ыраатсыз практикага алып келди. ОШКнын алдындагы борборлор жол жүрүү убактысын кыскартуу жана материалдарды жеткирүүнү тездетүү үчүн оперативдүү чечимди рекомендациятаганы менен, алардын так укуктук негизи жок сезимтал шайлоо процедураларына катышуусу округдар боюнча процедуралык ырааттуулукту чектеп, ачык-айкындуулукту төмөндөтүп, процесстин мыйзамдуулугуна жана бүтүндүгүнө байланыштуу кооптонууларды жаратты.

*Мыйзамдуулукту, бүтүндүктү жана коомдук ишенимди камсыз кылуу үчүн шайлоонун жыйынтыктарын жана шайлоо материалдарын иштетүү мыйзам тарабынан ыйгарым укук берилген мекемелер тарабынан гана жүргүзүлүшү керек. Ар кандай оперативдүү чечимдин так укуктук негизи болушу керек жана анын бирдей ишке ашырылышы камсыз кылынышы зарыл.*

БШК шайлоо күнүнө эки жума калганда шайлоо күнүндөгү жол-жоболор, анын ичинде аралыктан добуш берүү боюнча эрежелерди кабыл алган, бул окутууларда процессти толук түшүндүрүү жана маалыматты ОШК жана УШК мүчөлөрүнө натыйжалуу жеткирүү үчүн жетиштүү убакыт калтырган эмес.[31]

*Шайлоо күнүндөгү жол-жоболордун ырааттуу аткарылышын камсыз кылуу үчүн, тиешелүү жоболорду шайлоо күнүнө чейин жетиштүү убакыт калганда кабыл алып, жарыялоо, ошондой эле ОШК жана УШКларга так, деталдуу көрсөтмөлөрдү өз убагында таратуу маселесин карап чыгуу керек.*

---

28 БШКнын атайын өкүлдөрү – бул ОШК, УШКларга координациялык, уюштуруучулук жана методологиялык колдоо көрсөтүү үчүн аймактарга дайындалган БШК аппаратынын туруктуу кызматкерлери.

29 Мындай көрүнүштөр Балыкчы, Кара-Кулжа, Кербен, Кочкор, Кызыл-Кыя, Массы, Ноокат, Токмок, Токтогул, Өзгөндө байкалган Бишкек, Манас жана Сузакта жарыяланбаган чечимдер тууралуу кабарланган.

30 Араван, Бишкек, Балыкчы, Чолпон-Ата, Кара-Суу, Кант, Кызыл-Суу, Кызыл-Кыя, Манас, Ноокат, Ош, Сузак, Талас жана Токмоктогу байкоолордун негизинде.

31 БШК 21-ноябрда андан бир жума мурун кабыл алынган эки жобону жарыялады: шайлоочулардын өздүгүн аныктоо жана алыстан добуш берүүнү уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктоо тартиби жөнүндө, бул өз шайлоо округунан тышкары шайлоо участогунда добуш берүүгө мүмкүндүк жаратат.

ДИАУБ ШБМдин узак мөөнөттүү байкоочулары тарабынан байкалган УШКлар үчүн окутууларынын сапаты ар кандай болгон, айрымдары сапаттуу презентацияларды колдонуу менен өтүп, структуралаштырылган жана практикалык сессияларды камтыса, калгандары кошумча материалдары жок лекциялар түрүндө өткөн. УШК лар үчүн айрым окутуулар жокко чыгарылган, ал эми айрымдары кыска мөөнөттө өткөрүлгөн.

*Шайлоо администрациясынын кесиптик дараметин жогорулатуу үчүн БШК төмөнкү деңгээлдеги комиссиялар үчүн ар тараптуу, стандартташтырылган, практикалык жана өз убагындагы окутууларды өткөрүшү керек, айрыкча эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу жол-жоболоруна басым жасалышы зарыл.*

Шайлоочулар үчүн кеңири маалымат телекөрсөтүү роликтери жана социалдык медиа платформалары аркылуу, ал эми анча чоң эмес деңгээлде коомдук чогулуштар аркылуу берилген, сыртта илинген үгүт жарнамалары аз болгон. Шайлоочулар үчүн маалымат жаңы шайлоо системасы, талапкерлердин катышуусу жана шайлоочуларды каттоо сыяктуу ар кандай темаларды камтып, кыргыз жана орус тилдеринде жайылтылган, ал эми азчылык тилдеринде, сенсордук же акыл-эс бузулуулары бар адамдар үчүн жеткиликтүү форматтарда чыгарылган жок.[32] Жарандык коом шайлоочуларды окутуу иш-чараларына дээрлик катышпады, көптөгөн маектештер жарандык коом уюмдары мыйзамдык жана каржылык чектөөлөрдөн улам шайлоого байланыштуу иш-чаралардан качаарын белгилешти.

*Маалыматка таянып катышууну өнүктүрүү жана шайлоочулардын катышуусун кубаттоо үчүн, шайлоочулардын түшүнүгүн арттыруу жана маалымат берүү иш-чараларын кеңейтүүнү, аларды, улуттук азчылыктарды жана ар кандай майыптыгы бар адамдарды кошо алганда, ар кандай шайлоочулар топторуна ылайыкташтырууну карап чыгуу керек.*

Укуктук базада ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын катышуусун кеңейтүү боюнча чаралар каралган.[33] Бул чаралардын айрымдарын ишке ашыруу ыраатсыз бойдон калууда. ДИАУБдун байкоочулары шайлоо күнүнө чейин шайлоо участокторун картага түшүрүү системалуу түрдө жүргүзүлүп жатканын билдиришкени менен, аныкталган кемчиликтерди жоюу аракеттери дайыма эле натыйжалуу болгон эмес. Андан тышкары, добуш берүү процедураларынын, анын ичинде жаңы киргизилген добуш берүү технологияларынын жеткиликтүүлүгү, жардамчы технологиялардын жоктугунан улам чектелүү болгон. Мындан тышкары, маектештер ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын катышуусуна таасир этүүчү социалдык жана маданий тоскоолдуктардын сакталып калганын, бул шайлоочуларды маалымат менен камсыз кылуунун жана маалымдуулукту жогорулатуу аракеттеринин чектелүүлүгүн белгилешти.

*Борбордук шайлоо комиссиясы, майыптардын уюмдары менен кеңешип, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн шайлоо процессинин жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу боюнча аракеттерин улантышы керек, анын ичинде көз карандысыз жана*

---

[32] Конституцияда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил экени жана этникалык топторго өз эне тилдерин сактоо жана өнүктүрүү үчүн шарттардын кепилдениши белгиленген. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы жакшы тажрыйба кодексинин 1.3.1.b пункту"мамлекеттик органдардын бир катар позитивдүү милдеттенмелери бар; *мисалы*, алар ii. шайлоочуларга тизмелери жана шайлоого катышып жаткан талапкерлер менен таанышууга мүмкүнчүлүк бериши керек [...]. iii. Жогорудагы маалымат улуттук азчылыктардын тилдеринде да жеткиликтүү болушу керек" деп айтылат.

[33] Аларга жеткиликтүү шайлоо участокторун картага түшүрүү, жеткиликтүүлүк стандарттары, ири шрифт/Брайль шрифтиндеги материалдар, добуш берүү жайларын жетиштүү жарыктандыруу жана бирөөнүн жардамы менен жана көчмө добуш берүү кирет. Акыркысын ден соолугуна же майыптыгына байланыштуу шайлоо участогуна келе албаган шайлоочулар шайлоо күнүнөн бир күн мурун сурана алышат.

*жашыруун добуш берүүнү жеңилдетүү үчүн тийиштүү жайгашуу жана дайыма жеткиликтүү жардамчы куралдар менен камсыздалган шайлоо участокторуна физикалык жактан жетүүнү камсыз кылуу зарыл.*

## VI. ШАЙЛООДО ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ

Шайлоо көпчүлүк добуш берүү процедураларын бирдиктүү системага чогулткан жана алдын ала жыйынтыктарды электрондук түрдө эсептөөгө мүмкүндүк берген жаңы добуш берүү жабдууларын колдонуу менен өткөрүлдү. VID-BP жабдуусу инсандын өздүгүн тастыктоону, манжа изин жана бетти сканерлөө аркылуу биометрикалык аныктоо менен шайлоочулардын идентификациялык баракчаларын жана бюллетендерди басып чыгарууну айкалыштырды. Ошондой эле, бул жабдуу добуш берүү учурунда шайлоочулардын катышуусу жөнүндө маалыматтарды БШКга үзгүлтүксүз жиберип турууга мүмкүндүк берет.

Шайлоо бюллетендери шайлоочулар тарабынан кол менен толтурулуп, добуш берүүнүн купуялуулугун сактоо менен бюллетень сканерине салынат. Добуш берүү аяктагандан кийин, сканер алдын ала жыйынтыктарды дароо жөнөтүү жана андан кийин сканерленген кагаз протоколдорду жөнөтүү үчүн интернетке туташтырылат. Электрондук түрдө түзүлгөн жыйынтыктар алдын ала жыйынтык катары кызмат кылат, ал эми кол менен эсептөө милдеттүү бойдон калат жана анын жыйынтыктар гана юридикалык жактан жарактуу болуп саналат.

БШКнын окутуулары шайлоо кызматкерлерин жаңы жабдууларды колдонууга жетиштүү деңгээлде даярдады жана алар жетиштүү машыгуу көнүгүүлөрү менен бекемделди. Бийлик электр энергиясынын жана интернет байланышынын туруксуздугун чечүү боюнча чараларды көрдү, бул эң көп кездешкен көйгөйлөр болду; бирок, алыскы аймактарда кошумча жабдууларды жеткирүүдө бир нече кечигүүлөр байкалды.[34]

ДИАУБ ШБМдин шайлоо комиссияларына кирген маектештеринин көпчүлүгү жаңы жабдуулардын киргизилишин оң баалап, алардын жалпысынан колдонууга ыңгайлуулугун жана шайлоо күнүндөгү жол-жоболорду жеңилдетүүсүн баса белгилеп, алардын техникалык аспектилерине ишеним билдиришти. Бирок, эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келип, электрондук добуш берүү системаларын жана колдоо кызматтарын жеткирүү боюнча келишим ачык тендерсиз түзүлгөн, бул ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти камсыз кылбайт, ошондой эле технологияны кылдаттык менен карап чыгууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу анын бүтүндүгү жөнүндөгү кеңири кабылдоого таасирин тийгизди.[35]

VID-BP тарабынан чыгарылган бюллетенде бюллетендин чыккан убактысын, жайгашкан жерин аныктоо жана бузулган бюллетендерди алмаштыруу үчүн колдонулган уникалдуу Тез жооп берүү (QR) коду камтылган. Бир эле убакта аныкталган шайлоочунун маалыматтарын иштетүү жана тиешелүү бюллетенге байланышкан QR кодун түзүү добуш берүүнүн купуялуулугуна доо кетириши мүмкүн болгон олуттуу алсыздыкты жаратат. Коомчулукка жеткиликтүү баштапкы кодунун жана ар тараптуу техникалык документтердин жоктугу QR

---

[34] ДИАУБдун байкоочулары ар бир ОШКга даярдалган техниктер дайындалганын, ал эми электр энергиясы жана байланыш жаатындагы алсыздыктар кабелдик тармактар жана мобилдик интернет, ошондой эле генераторлорду орнотуу менен чечилгенин билдиришти. Араванда генераторлорду жеткирүүдөгү көйгөйлөр байкалган жана Баткен аймагына техникалык адис дайындалбагандыгы тууралуу маалыматтар болгон.

[35] 2024-жылы Президенттин жана Министрлер Кабинетинин буйруктарынын негизинде чет элдик компания менен келишим ачык тендерсиз түзүлгөн.

коддору менен жеке шайлоочулардын ортосундагы потенциалдуу байланышты баалоого тоскоол болот.

*Добуш берүүнүн купуялуулугун камсыз кылуу үчүн, бюллетендердин изин куу мүмкүн болбошу жана алар шайлоочуга байланбашы керек. Шайлоочунун анонимдүүлүгүнө доо кетирүү коркунучун жок кылуу үчүн бюллетендерде жекелештирилген QR коддору сыяктуу уникалдуу идентификаторлорду колдонуу токтотулушу керек. Добуш берүүнүн купуялуулугуна коркунуч келтирбестен, бүтүндүктү сактоо үчүн бузулган бюллетендерди берүү жана эсепке алуу боюнча альтернативдүү кепилдиктер иштелип чыгышы зарыл.*

Мыйзамда электрондук технологиялардын көз карандысыз текшерилүүсү жана сертификацияланусу каралбаганы системалардын үстүнөн коомдук көзөмөлдү чектейт. БШКнын маалыматы боюнча, акыркы системалык аудит 2020-жылы "*Инфоком*" мамлекеттик ишканасы тарабынан жүргүзүлгөн, бирок анын жыйынтыктары жарыялана элек, бул ачык-айкындуулукту жана коомчулук алдындагы жоопкерчиликти чектейт. БШК колдонулган электрондук жабдуулардын бардык белгиленген мыйзам талаптарына жооп берерин жана кандайча шайкеш келерин көрсөткөн жок.[36] Андан тышкары, жабдуулардын техникалык документтери коомчулукка жеткиликтүү болгон эмес, ал тургай саясий партиялар жана байкоочулар сыяктуу негизги кызыкдар тараптарга тиешелүү документтерди жана жабдууларды орнотуу иштерин көрүү мүмкүнчүлүгү берилбегени эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келет.[37] ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери жабдууларды колдонуунун бүтүндүгүнө байланыштуу кооптонууларын билдиришти.[38]

*Шайлоо технологияларын колдонууга болгон ишенимди бекемдөө үчүн мыйзамда шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жана добуштарды эсептөөчү түзүлүштөрдү көз карандысыз үчүнчү тараптын текшерүүсү жана сертификациялоосу ачык каралышы керек. Тиешелүү кызыкдар тараптарга ишке ашыруу процессинин бардык аспектилерин, анын ичинде техникалык документтерге жетүү, баштапкы кодду карап чыгуу, түзүлүштү конфигурациялоо жана аудит процедураларын кылдаттык менен карап чыгуу үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөр берилиши керек.*

Шайлоочу катталган шайлоо округунан тышкары каалаган шайлоо участогунда добуш бере алган аралыктан добуш берүү бул шайлоодо биринчи жолу бүткүл өлкө боюнча ишке ашырылды жана берилген жалпы добуштардын 12 пайызын түздү.[39] Эгерде шайлоочу аралыктан добуш берүүнү тандаса, анын өздүгү борборлоштурулган жеке маалыматтар аркылуу аныкталат жана шайлоочунун баштапкы шайлоо округунан талапкерлердин тизмеси камтылган бюллетень алат. Бир нече жолу добуш берүүнүн алдын алуу үчүн, борборлоштурулган тизмеде алар ийгиликтүү аныкталгандан кийин, шайлоочу тизмеде добуш берген катары катталат жана ал шайлоочунун өздүгүн аныктоо процесси башка шайлоо

[36] Башка кооптонуулардын катарында, бир эле шайлоочулардын бир нече шайлоочулардын тизмесинде кайталанган жазууларынын алдын алуу жана бир нече идентификациялык түзмөктөргө жүктөөнүн алдын алуу үчүн коопсуздук чараларынын бар экендигине байланыштуу суроолор көтөрүлдү.

[37] The 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Жакшы тажрыйба кодексинин I.3.2.iv пункту жана Түшүндүрмө отчеттун 3.2.2.3 пункту электрондук добуш берүү системаларынын ачык-айкындуулугун жана алардын добуш берүүнүн купуялуулугу талаптарын сактоосун талап кылат.

[38] ДИАУБ ШБМдин байкоолоруна ылайык, шайлоо күнү шайлоо участокторунун 30 пайыздан ашыгында бюллетень сканерлери тармакка туташтырылган, бул шайлоонун алдын ала жыйынтыктарынын эрте берилип кетүү коркунучун жаратат.

[39] 2024-жылдагы жергиликтүү жана парламенттик кошумча шайлоолордо алыстан добуш берүү бир нече жолу ишке ашырылган. Шайлоо мыйзамына ылайык, алыстан добуш берүү жөнүндө чечим шайлоо дайындалганда кабыл алынат. 2025-жылдагы мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоодо алыстан добуш берүү 30-сентябрдагы президенттин жарлыгында аныкталган.

участогунда кайталанбай. БШК шайлоочулардын процесс менен таанышуусун камсыз кылуу жана коомчулуктун ишенимин жогорулатуу үчүн бир нече үлгүлүү көнүгүүлөрдү жана аралыктан добуш берүүнүн үч жалпы улуттук сыноосун уюштурду. Сыноо сессиялары ири сандагы катышуучуларды тарткан жок, бирок шайлоо администрациясына байланыш жана маалыматтарды өткөрүп берүүгө байланыштуу операциялык тобокелдиктерди аныктоого мүмкүндүк берди. Алыстан берилген добуштарды эсептөө жана алардын жыйынтыктарын текшерүү боюнча так жол-жоболордун жоктугу юридикалык ишенимдүүлүктү азайтты.[40]

## VII. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карата жашы 18ден өткөн жарандар добуш берүүгө укуктуу. Жасалган кылмыштын оордугуна карабастан, эркинен ажыратылгандардын жана сот тарабынан юридикалык жактан жөндөмсүз деп табылгандардын добуш берүү укугунан ажыратылганы эл аралык стандарттарга, ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге жана ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына карама-каршы келет.[41]

*Эркинен ажыратылгандарды добуш берүү укугунан ажыратуу кылмыштын оордугун эске алуу менен кайра каралышы керек; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоо укугун чектөө алынып салынышы зарыл.*

Шайлоочуларды каттоо пассивдүү түрдө жүргүзүлөт, ал туруктуу жарандык каттоого жана биометрикалык маалыматтарга негизделген.[42] Шайлоочулардын тизмелери шайлоо мезгилинде күн сайын жаңыртылып турат. ДИАУБ ШБМдин байкоочулары тизмелер ачыкка чыгарылганын жана шайлоочулар оңдоолорду киргизүүнү талап кылууга жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болгонун билдиришти. Шайлоочулардын 23-ноябрда жарыяланган акыркы тизмесине 4 294 243 шайлоочу кирген, алардын 51,5 пайызы аялдар болгон. ДИАУБ ШБМдин маектештери шайлоочулардын тизмесинин тактыгы же аны текшерүү жана тастыктоо процесси боюнча кооптонууларын билдиришкен жок. Бирок, мыйзамда УШКлардын шайлоо участокторунда добуш берген шайлоочулардын тизмелерин көрсөтүүсү жана бул тизмелерди БШКнын веб-сайтында жарыялоону талап кылынышы добуш берүүнүн купуялуулугун бузат.[43]

40 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 36- жана 37-беренелеринин 5-пункттарынын аралыктан берилген добуштарды эсептөө, жыйынтыкка киргизүү жана жараксыз деп табуу боюнча жоболорунда тактык аз, бул 14-ноябрда чыгарылган тиешелүү жободо каралган эмес.

41 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 25(b) беренеси, 2- берене менен биргеликте, "негизсиз чектөөлөрсүз жана басмырлоосуз" добуш берүү укугун кепилдейт. Ошондой эле 1996-жылдагы БУУнун ЖСУЭП боюнча № 25 жалпы комментарийин 4-пунктун караңыз. БУУнун 2006- жылдагы Балдардын уктары жөнүндө конвенциясынын 12- жана 29- беренелерин жана № 1 Жалпы комментарийдин 48-пунктун караңыз, анда "адамдын чечим кабыл алуу жөндөмү ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын добуш берүү укугун [жана] шайлоого катышуу укугун жүзөгө ашыруудан четтетилишине негиз боло албайт" деп айтылат. Ошондой эле ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 7.3 жана 24- пункттарын караңыз.

42 Шайлоочулардын тизмелери "*Кызмат*" Мамлекеттик каттоо агенттиги (МКА) тарабынан тейленген Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринен шайлоочулардын даректеринин жана шайлоого катышуу критерийлеринин негизинде түзүлөт.

43 ЖСУЭПтин 1966-жылдагы 25- беренеси жана ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 5.1-пункту добуш берүүнүн купуялуулугун камсыз кылат. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы жакшы тажрыйбалар кодексине түшүндүрмө отчетунун I.4.54-пунктунда "белгисиз калуу саясий тандоону билдириши мүмкүн болгондуктан, добуш берген адамдардын тизмеси жарыяланбашы керек" деп айтылат. Венеция комиссиясынын 2016-жылдагы Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмелерин жарыялоо боюнча Шайлоо маселелериндеги жакшы тажрыйба кодексине Чечмелөөчү декларациясын да караңыз.

*Добуш берүүнүн купуялуулугун сактоо максатында, добуш берген шайлоочулардын аттарын жарыялоого тыюу салуу үчүн мыйзамдык базага өзгөртүүлөр киргизилиши керек.*

Биометрикалык каттоо 16 жаштан жогорку бардык жарандар үчүн милдеттүү. БШКнын маалыматы боюнча, биометрикалык каттоодон 8000ге жакын жаран гана өтө элек, бул олуттуу жетишкендикти көрсөтүп турат жана көбүнчө ДИАУБдун мурда берилген шайлоого укуктуу бардык шайлоочуларды биометрикалык каттоодон өткөрүүгө түрткү берүү жана жеңилдетүү боюнча комплекстүү аракеттердин зарылдыгы тууралуу рекомендациясынын жалпысынан аткарылганын көрсөтөт.[44] ДИАУБ ШБМдин маектештеринин айтымында, биометрикалык маалыматтарды иштетүүнүн коопсуздугун текшерген шайлоочуларды каттоо маалымат базасынын пландаштырылган аудити шайлоодон кийинкиге жылдырылды.

## VIII. ТАЛАПКЕРДИ КАТТОО

Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, жогорку билими бар жана шайлоого чейин өлкөдө кеминде беш жыл туруктуу жашаган шайлоочулар талапкер боло алышат. Талапкерлердин билимине же жашаган жерине жараша катышуусуна коюлган чектөөлөр эл аралык стандарттарга жана ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге карама-каршы келет. [45] Конституция кош жарандыгы барларга ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын рекомендацияларына карабастан, мамлекеттик же жарандык кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салат.[46] Мыйзам мамлекеттик жана муниципалдык органдарынын кызматкерлеринин айрым категорияларын талапкер катары катталуудан мурун кызматтан кетүүгө милдеттендирет.[47]

44 ДИАУБдун шайлоону байкоо миссиясынын 2021-жылдын 28-ноябрындагы парламенттик шайлоо боюнча Жыйынтыктоочу отчетунда: "[а] БШКнын маалыматы боюнча, 290 000ге жакын жарандын, көбүнчө чет өлкөлөрдө жашагандардын, биометрикалык каттоосу жок болгондуктан, шайлоо укугунан ажыратылган бойдон калууда (10-бет), бул 2021-жылдын январына салыштырмалуу 36 пайызга азайган, анда 450 000 адам шайлоо укугунан ажыратылган эле" деп кабарланган (Чектелген шайлоону байкоо миссиясынын 2021-жылдын 10-январындагы Шайлоо жана референдум боюнча Жыйынтыктоочу отчетунун 9-бетин караңыз).

45 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 25(b) беренеси 2-берене менен биргеликте "расасына, түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка көз карашына, улуттук же социалдык тегине, мүлкүнө, туулган жерине же башка статусуна карабастан" шайлануу укугун кепилдейт. ЖСУЭПке 1996-жылдагы БУУнун ЖСУЭП боюнча № 25 жалпы комментарийинин 15-пунктунда "шайлоого катышууга укуктуу болгон адамдар билими, жашаган жери же теги сыяктуу акылга сыйбаган же басмырлоочу талаптар менен же саясий көз карашы боюнча четтетилбеши керек" деп айтылат. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 7.3-пунктун караңыз. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Жакшы тажрыйба кодексинин I.1.1.d пунктунда жарандар үчүн жашаган жеринин узактыгы боюнча талап жергиликтүү же аймактык шайлоолордо гана жол берилери каралган. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24(1) беренеси басмырлоого, анын ичинде билимине жараша басмырлоого тыюу салат.

46 ДИАУБ жана Венеция комиссиясы 2020-жылдагы Шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн санкцияларга байланыштуу айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Биргелешкен корутундусунда (32-пункт) "кош жарандыгы бар адамдар үчүн мамлекеттик кызматтарды ээлөөгө коюлган чектөөлөрдү мүмкүн болушунча азайтуу жана акыры жокко чыгаруу" сунушун берген.

47 Саясий кызмат адамдары (депутаттардан тышкары), ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын жана алар менен байланышкан уюмдардын жетекчилери талапкер катары көрсөтүлгөн учурдан тартып кызматтан кетиши керек.

Жакында киргизилген мыйзамдык түзөтүүлөр кыргыз тилин билүү талабын киргизүү[48] жана соттолгондугунун алынып салынуусу жана айрым кылмыш иштеринин токтотулуусу сыяктуу соттолууга байланыштуу себептер менен шайлоого катышууга укуксуздуктун негиздерин кеңейтүү менен талапкерлердин шайлоого катышуусуна кошумча чектөөлөрдү киргизди.[49] Кандай гана соттолгондугу болбосун, айрыкча соттолгондугу алынып салынган жана кылмыш иштери токтотулган жарандардын шайлоого катышуусуна өмүр бою жалпы тыюу салуу пропорционалдуулук жана реабилитациялоо укугу жөнүндө кооптонууларды жаратат.

Андан тышкары, кылмыштуу же куралдуу топтор менен байланышы бар деген күмөн боюнча алдын алуучу административдик реестрлерге киргизилген адамдар, соттун чечимисиз жана шайлануу укугунан ажыратуу жөнүндө алдын ала маалымат берүүсүз шайлоого катышуу укугунан ажыратылат,[50] бул күнөөсүздүк презумпциясын жана юридикалык ишенимдүүлүктү бузат.[51] Ошондой эле, мурдагы дин кызматкерлеринин шайлоого катышуусуна чектелген мөөнөткө тыюу салынат.[52] Бул чектөөлөр эл аралык стандарттарга карама-каршы келип, шайлоого катышуу укугун кажетсиз кыскартат.[53]

*Шайлоого катышуу укугу эл аралык стандарттарга ылайык келтирилиши зарыл жана шайлоого катышуу укугуна коюлган бардык негизсиз, диспропорциялуу чектөөлөр жана тыюулар алынып салынышы керек. Майыптыкка, билимге жана соттолгондугуна негизделген учурдагы чектөөлөр алынып салынышы зарыл. Өлкөдө туруктуу жашоо жөнүндөгү талап алынып салынышы же бир кыйла кыскартылышы керек.*

Талапкерлер катталган саясий партиялар тарабынан жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен 30-октябрга чейин көрсөтүлүшү мүмкүн. Бир адам бир гана шайлоо округунда ат салыша алат. Саясий партиялар ар бир шайлоо округуна бирден талапкер көрсөтө алышат; саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде бир жыныстагы талапкерлер 70 пайызына

---

48 Түзөтүүлөрдүн кеч кабыл алынышынан жана кыргыз тилин билүү талаптарын жөнгө салуучу кошумча мыйзамдын жоктугунан улам, 2025-жылдагы мөөнөтүнөн мурда парламенттик шайлоодо ишке ашырылган эмес, бул жөнүндө 2025-жылдын сентябрь айында Министрлер Кеңешинин төрагасынын биринчи орун басары тарабынан жарыяланган. Министрлер Кабинетинин № 211 токтомуна ылайык, этникалык азчылыктардын өкүлдөрү үчүн кыргыз тилин билүү талабын колдонуу 2028-жылга чейин жылдырылган.

49 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 25-беренеси шайлоого негизсиз чектөөлөрсүз катышуу укугун кепилдейт, ал эми Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы Жакшы тажрыйба кодексинин I.1.1.d.iv. пунктун караңыз.

50 ДИАУБдун ШБМ таанышып чыккан сот иштери айрым адамдар өздөрүнүн оперативдүү алдын алуучу тизмелерге киргизилгенин БШКнын талапкер катары каттоодон баш тартуу чечимин алгандан кийин гана билишкенин тастыктады. Соттор мындай тизмелерди карап чыгууга же жокко чыгарууга ыйгарым укуктары жок деп эсептегендиктен, аларды кароо БШКнын мыйзамга ылайык келүүсү менен гана чектелген. Натыйжада, тиешелүү адамдар ЕККУнун милдеттенмелерине жана эл аралык стандарттарга карама-каршы келген дисквалификациясынын себептерине даттануу үчүн натыйжалуу чарасыз калышкан. Натыйжалуу чара көрүү жөнүндө ЖСУЭПтин 2.3-беренеси. Ошондой эле 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 5.10-пунктун караңыз.

51 2025-жылдагы Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү жөнүндөгү мыйзам коопсуздук кызматтары тарабынан соттук кароосуз же тизмеге адамдарды киргизүүнү көзөмөлдөөсүз жүргүзүлүүчү оперативдүү алдын алуу реестринин негизин түзөт. Конституциянын 57(1)-беренеси күнөөсүздүк презумпциясын кепилдейт. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 5.12 жана 5.13-пункттарында укуктарга коюлган чектөөлөр мыйзамдуулук, алдын ала көрүү жана өзүм билемдикке жол бербөө стандарттарына жооп бериши керектиги каралган.

52 1966-жылдагы ЖСУЭП 25-беренесин 2-берене менен бирге караңыз. 1996-жылдагы БУУ ЖСУЭП боюнча № 25 жалпы комментарийинин 3-пункту диний негизде саясий укуктардагы айырмачылыктарга тыюу салат.

53 ЖСУЭПке 1996-жылдагы БУУнун ЖСУЭПтин № 25 жалпы комментарийинин 15-пунктунда "шайлоого катышууга укуктуу болгон адамдар билими, жашаган жери же теги сыяктуу акылга сыйбаган же басмырлоочу талаптар менен же саясий көз карашы боюнча четтетилбеши керек" деп айтылат.

чейин түзүшү мүмкүн. Шайлоо мыйзамына 2025-жылы киргизилген өзгөртүүлөр ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын, жаштардын жана улуттук азчылыктардын катышуусуна байланыштуу мурунку квоталарды алып салып, инклюзивдүү өкүлчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн начарлатты.[54]

*Саясий плюрализмди жана өкүлчүлүгү аз топторду кошууну өнүктүрүү үчүн, мындай коомчулуктардын мүчөлөрүнүн шайлоого катышуусуна көмөктөшө турган оң чараларды иштеп чыгууну карап чыгуу керек. Мындай чараларга талапкерлерди көрсөтүүнүн маанилүү квоталары, резервдик орундар жана мындай топтордун өкүлдөрү үчүн шайлоо депозиттерин азайтуу кириши мүмкүн, бирок алар менен чектелбеши керек.*

Көрсөтүлгөн ар бир талапкер 300 000 сом өлчөмүндө кайтарылгыс шайлоо акысын төлөөгө милдеттүү.[55] Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү талапкерлер үчүн шайлоо акысы төмөндөтүлгөн. Ошого карабастан, ДИАУБ ШБМ шайлоо акысы, айрыкча мөөнөтүнөн мурда шайлоо учурунда каражат чогултуу үчүн чектелген убакытты жана шайлоо өнөктүгү расмий башталганга чейин каражат чогултууга тыюу салынгандыгын эске алганда, катышуу үчүн негизсиз тоскоолдук жаратышы мүмкүн деп белгилеген.[56]

*Шайлоого катышуудагы каржылык тоскоолдуктарды жоюу максатында талапкерди шайлоого каттоо акысы азайтылышы керек жана шайлоонун жыйынтыктарына жараша кайтарылып берилиши керек. Каттоо акысынын суммасы коомчулуктун кеңири талкуусунун негизинде аныкталышы керек.*

---

54 ДИАУБдун 2025-жылдагы Шайлоо мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча юридикалык корутундусунда ар кандай топтордун плюралисттик катышуусун камсыз кылуу үчүн бекитүүчү чараларды көрүү сунушталган, ага "шайлоо округдарынын чек аралары улуттук азчылыктардын отурукташкан жерлерин эске алуу менен аныкталышы керек деген ачык талапты киргизүүнү камтышы мүмкүн, бирок алар менен чектелбеши керек; андан ары, ар кандай топтордун өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн, талапкерлерди көрсөтүүнүн маанилүү квоталарын, резервделген парламенттик мандаттарды, мындай топтордун өкүлдөрү үчүн шайлоо депозиттерин азайтуу да каралышы мүмкүн". 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 7.5- пункту катышуучу мамлекеттерди "жарандардын саясий же мамлекеттик кызматка [...] басмырлоосуз умтулуу укугун" сыйлоого милдеттендирет. 1991-жылдагы ЕККУнун Москва документинин 41.2 жана 41.3-пункттарында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын коомдук жашоого толук кандуу катышуусуна бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана аларга таасир этүүчү чөйрөлөрдө чечимдерди кабыл алууга алардын тийиштүү катышуусун илгерилетүү үчүн чараларды көрүү милдеттенмеси ырасталган. Ошондой эле 2006-жылдагы БУУнун Балдардын укугу жөнүндө конвенциясынын 29-беренесин караңыз.

55 1 евро болжол менен 100 сомго барабар. Төлөм 3000 эсептөө бирдигин (эб), 1 эб 100 сомго барабар, ошондуктан шайлоо акысы 3000 еврону түзөт. Мыйзамдуу түрдө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү талапкерлер үчүн каттоо акысынын жеңилдиктери майыптыктын даражасына жараша бааланат деп каралган. ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн (экинчи басылышы) 194-пунктунда "Мамлекеттер партиялардан шайлоо бюллетенине киргизилүү үчүн белгилүү бир милдеттенмелерди аткарууну талап кылышы мүмкүн. […] Мындай талаптарга адатта […] акчалай күрөө төлөө кирет (эгерде партия алдын ала аныкталган добуштардын пайызын же парламенттеги орунду алса, кайтарылып берилет)" деп белгиленген.

56 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 25-беренеси негизсиз чектөөлөрсүз шайлоого катышуу укугун кепилдейт. 1996-жылдагы БУУнун ЖСУЭПтин 4-пункту № 25 жалпы комментарийде талапкерликке коюлган ар кандай шарттар объективдүү жана акылга сыярлык критерийлерге таянышы жана катышууга диспропорциялуу тоскоолдуктарды жаратпашы керектиги баса белгиленет, ал эми 16-пунктта даталарды, төлөмдөрдү же депозиттерди кошо алганда, талапкерликке коюу талаптары акылга сыярлык, басмырлоосуз болушу жана коомдук жашоого катышууну чектебеши керектиги такталат. 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын жакшы тажрыйба кодексинин I.1.3.iv пунктунда "[i]fa депозит талап кылынат, эгерде талапкер же партия белгилүү бир упайдан ашса, ал кайтарылып берилиши керек; суралган сумма жана упай ашыкча болбошу керек" деп айтылат.

Каттоо процесси жалпысынан ачык-айкын болгон, бирок анын инклюзивдүүлүгүнө катаал талаптар жана кайтарылбай турган каттоо акысынын жогору болушу таасир эткен. БШК мекемелер аралык маалымат алмашуу аркылуу шайкештикти текшерүүнү натыйжалуу жүргүзүп, берилген документтерди кезек-кезеги менен текшерип, талапкерлерди каттаган же жүйөөлүү баш тартууларды берген. Каттоодон баш тартууга каршы чыгуу эрежелери мындай баш тартуу каттоо мөөнөтү аяктаганга аз калган учурда апелляцияларды натыйжасыз кылат.

Мыйзамда каралган мөөнөттө БШК 465 талапкерди каттаган, алардын 189 аялдар (41 пайыз) жана 10 өзүн улуттук азчылыктарга таандык деп эсептеген (2 пайыз); 67 талапкер каттоодон чыгып кеткен,[57] ал эми 57син каттоодон баш тартылган.[58]

Катталган талапкерлердин саны округдар боюнча бир топ айырмаланган.[59] Дээрлик бардык талапкерлер өзүн-өзү көрсөткөн (98 пайыз); бир гана саясий партия тогуз талапкерди көрсөткөн, бул жаңы шайлоо системасы саясий партиялардын катышуусуна таасир эткен болушу мүмкүн экенин көрсөтүп турат.[60] Мурунку парламенттин 90 мүчөсүнүн 79у кайра ат салышкан.

## IX. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ

Шайлоо өнөктүгү кыска, 10-ноябрдан 29-ноябрга чейин созулду, бул көптөгөн талапкерлердин айтымында, алардын шайлоочулар менен байланышуусуна тоскоол болду. Расмий өнөктүккө катышуучулардын саны көп болгону менен, чыныгы атаандаштык чектөөчү укуктук база жана анын ишке ашырылышы, ошондой эле каршы пикирдегилерге бийликтин аракеттери менен чектелди. [61] Шайлоо күнүнө аз калганда өнөктүктүн кыска мөөнөттүү болгонунан тышкары, ал тынч атмосферада, негизинен анча маанилүү эмес иш-чаралар менен өттү. ДИАУБ ШБМдин байкоочулары жана алардын маектештери өнөктүк билдирүүлөрүндө жана катышуусунда этияттык байкалганын белгилешти. Бир нече маектештер шайлоочулар жана талапкерлер тарабынан өнөктүк чөйрөсүн белгилүү бир деңгээлде көзөмөлдөөнү кабыл алуу, ошондой эле сын катары каралышы мүмкүн болгон ар кандай иш-аракеттер же билдирүүлөр үчүн кесепеттерден коркуу сезими менен коштолгонун айтышты. Бул кооптонуулар мамлекеттик коопсуздук кызматтары тарабынан жүргүзүлгөн алдын алуу жана

57 Мыйзамга ылайык, мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү үчүн партиялар жана талапкерлер шайлоо күнүнө 7 күн калганда каттоодон баш тарта алышат.

58 Каттоодон баш тартылгандардын 14 шайлоо акысын төлөгөн эмес, 20 шайлоо өнөктүгүнүн банк эсебин ача алган эмес жана 23 башка себептерден улам, анын ичинде 2 талапкер соттолгондугуна байланыштуу каттоодон баш тартылган.

59 29 округда кеминде 10 талапкер катталган, анын ичинде 20дан ашык талапкер катталган 5 округ болгон. Талапкерлердин эң аз саны (5) № 11 округда, ал эми эң көп саны (25) № 19 округда катталган.

60 Жаңы шайлоо системасынын саясий катышууга жана өкүлчүлүккө тийгизген таасирин баалоо үчүн ДИАУБдун 2025-жылдагы Юридикалык корутундусунун 3-бөлүмүн караңыз.

61 Шайлоо өнөктүгүнүн аягында 460 талапкер катталган, алардын ичинен 2 талапкер өзү чыгып кеткен жана добуштарды сатып алуу боюнча 3 кылмыш иши козголгон. Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 46-беренесинде БШК, эгерде алар шайлоочуларды сатып алуу, административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу жана шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузуу сыяктуу олуттуу мыйзам бузууларга жол берген деп табылса, каалаган убакта талапкерди жана шайланган талапкерди каттоодон чыгарып салууга укуктуу экендиги белгиленген.

эскертүү иш-аракеттери менен дагы күчөдү.[62] ДИАУБ ШБМдин маектештери шайлоочулардын кайдыгерлигинин жогорку деңгээлин белгилешти, муну алар саясий процесске ишенимдин жоктугу жана көңүл калуу менен байланыштырышты.

*Шайлоо өнөктүгүнүн иш-чараларына жана шайлоочулар менен талапкерлердин маңыздуу катышуусуна тоскоолдук кылбаган чөйрөнү түзүү үчүн, укук коргоо органдарынын жана УКМКнын өнөктүк эрежелерин аткарууга катышуусу алардын мандатында так белгиленгендер менен чектелип, адам укуктарын сактоо көз карашынан каралышы керек.*

Укуктук база бардык талапкерлер үчүн шайлоо өнөктүгүнө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат жана жарандарга шайлоо өнөктүгүнө катышуу укугун берет. Бирок, эрежелерде шайлоо өнөктүгүндө уруксат берилген жана тыюу салынган сөздөрдүн так аныктамалары камтылган[63] жана[64] шайлоо администрациясынын ал эрежелерди формалдуу чечмелөөсү, кеңири санкциялар менен айкалышып, талапкерлердин мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, эркин коомдук саясий талкууга тоскоол болгон.[65] Айрым аймактарда сот бийлиги чогулуш өткөрүү укугун чектеп койгон.[66]

Мыйзам административдик ресурстарды жана мамлекеттик кызматтарды кыянаттык менен пайдаланууга, добуштарды сатып алууга, ЖМКга артыкчылыктуу мүмкүнчүлүк алууга, жалган маалыматты таратууга жана мамлекеттик маалымат каражаттарында берилген бош убакытта башка талапкерлерди сындоого тыюу салат.[67] Президент баш болгон мамлекеттик

---

62 Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо өнөктүктөрүнүн 71 пайызында (106 иш-чаранын 75инде) талапкер же башка баяндамачылар тарабынан эч кандай терс пикирлер же комментарийлер болгон эмес. Жарандык коомдон келген көптөгөн ДИАУБ ШБМ маектештери Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин тез-тез расмий эмес иш-чаралары жөнүндө билдиришип, сынчыл билдирүүлөрдөн же иш-аракеттерден баш тартышкан. 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 7.7-пунктунда катышуучу мамлекеттер "[...] саясий өнөктүктү адилеттүү жана эркин атмосферада жүргүзүүнү камсыз кылууга милдеттенишкен, анда административдик аракеттер, зордук-зомбулук же коркутуу партияларга жана талапкерлерге өз көз караштарын жана сапаттарын эркин билдирүүгө, о.э. шайлоочулардын алар менен таанышуусуна, талкуулоосуна же жазадан коркпой добуш берүүсүнө тоскоол болбойт" деп билдиришкен.

63 2021-жылдагы Туура эмес (жалган) маалымат жөнүндө мыйзам, ошондой эле Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 28(5)-беренеси атайылап жалган маалыматка негизделген жана талапкерлердин же саясий партиялардын ар-намысына, кадыр-баркына же ишкердик беделине шек келтирген жарыялоолорго тыюу салат. Ошол эле учурда, Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 28(6) беренесинде акысыз эфир убактысында "талапкерге (талапкерлерге) каршы добуш берүүгө чакырыктарды" жасоого, "кайсы бир талапкер же аны көрсөткөн саясий партия жөнүндө терс пикирлер менен маалыматты жайылтууга" жана "шайлоочулардын талапкерге же аны көрсөткөн саясий партияга карата терс мамилесин түзүүгө өбөлгө түзүшү мүмкүн болгон маалыматты таратууга тыюу салат.

64 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 22(10)-беренесинде шайлоо алдындагы үгүт иштеринин төрт түрү белгиленген – (1) айрым талапкерлерди колдоп же аларга каршы добуш берүүгө чакыруулар; (2) айрым талапкерлерге карата артыкчылык көрсөтүү; (3) талапкерлердин шайланышынын же шайланбай калышынын мүмкүн болгон кесепеттерин сүрөттөө; (4) талапкерлердин кесиптик ишмердүүлүгүнө же кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланышпаган ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты таратуу.

65 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 1-беренесинде үгүт иштери "жарандардын […], талапкерлердин, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын, саясий партиялардын шайлоо өнөктүгү учурунда маалыматты даярдоо жана таратуу боюнча шайлоочуларды белгилүү бир талапкерлерге (талапкерлердин тизмесине) же аларга каршы добуш берүүгө үндөө максатында жүргүзгөн иши" катары аныкталат. Бирок, БШК жарандардын өз саясий позициясын же комментарийлерин ачык билдирүүсү үгүт иштерин жүргүзүү болуп саналат жана ошондуктан мындай аракеттер талапкер менен келишимдик негизде гана жүргүзүлүшү керек деген кеңири чечмелөөнү кабыл алган.

66 2024-жылдан бери жергиликтүү администрациялардын сураныччы боюнча көрүлгөн убактылуу соттук чараларга ылайык, Бишкек жана Ош шаарларынын борбордук аймактары коомдук чогулуштарга тыюу салынган аймактар катары белгиленди.

67 Шайлоо өнөктүгүндөгү административдик мүнөздөгү эреже бузуулар эскертүүлөргө, айып пулдарга жана талапкерлерди каттоодон чыгарууга алып келиши мүмкүн, ал эми өнөктүккө байланыштуу кылмыштар айып пул салууга, түзөтүү иштерине же сегиз жылга чейин эркинен ажыратууга алып келет.

органдар мыйзамсыз аракеттерге жол бербөө үчүн шайлоочуларга бир нече жолу кайрылышкан.[68] Президент шайлоо өнөктүгүнүн адилеттүү өтүшүн камсыз кылуу үчүн аны жеке өзү көзөмөлдөө ниетин билдирген.[69] ДИАУБ ШБМдин бир катар маектештери талапкерлерге 1000ге чейин үгүтчүлөрдү жумушка алууга мүмкүндүк берген жаңы эреже добуштарды сатып алуу практикасынын мыйзамдаштырылган түрү экенин жана бай талапкерлер тарабынан кыянаттык менен пайдаланылышы мүмкүндүгүн айтышкан; талапкерлердин өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары жана байкоочулары гана ыктыярдуу негизде иштей алышат.

Талапкерлер административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдаланбоого же добуштарды сатып алууга катышпоого убада берген меморандумга кол коюшкан.[70] Ага карабай, ДИАУБ ШБМдин байкоочулары шайлоо өнөктүгү учурунда көпчүлүк округдарда кеңири таралган добуштарды сатып алуу боюнча ишенимдүү айыптоолорду алышкан.[71] Мыйзам БШКга кайсынысын тергөөгө жөнөтүүнү аныктоо үчүн добуштарды сатып алуу боюнча айыптоолорду текшерүүнү милдеттендирет, бул укук коргоо органдары тарабынан кайсы мыйзам бузуу каралып, кайсынысы каралбоосун чечүүдө БШКга кеңири ыйгарым укук берет.[72]

*Шайлоо процессине болгон ишенимди бекемдөө үчүн шайлоо мезгилинен тышкары убактарда дагы жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу өнөктүгү жана натыйжалуу соттук териштирүүлөр аркылуу добуш сатып алуу маселесин чечүү үчүн күчтүү аракеттер талап кылынат. Функцияларды натыйжалуу бөлүштүрүүнү жана ырааттуу тергөөлөрдү камсыз кылуу үчүн БШКнын тергөөгө чейин добуш сатып алуу иштерин алдын ала карап чыгуудагы ролу кайра каралышы керек.*

Мыйзам БШКга өнөктүк талаптарынын сакталышын камсыз кылууну милдеттендирет. БШКнын шайлоо алдындагы үгүт иштери боюнча жумушчу тобу 220дан ашык ишти карап чыкты, алардын көпчүлүгү расмий өнөктүккө чейин жана анын жүрүшүндө социалдык тармактарда же жабык билдирүү топторунда жарыяланган же айтылган материалдарга тиешелүү болгон.[73] Жумушчу топ өзүнүн чечимдери шайлоо алдындагы жоболорду негизги эркиндиктерди коргоо менен тең салмактоо үчүн зарыл жана пропорционалдуу экенин дайыма

68 30-сентябрда президент Жапаров... элге кайрылуусунда жергиликтүү администрация кызматкерлерин, мамлекеттик кызматкерлерди, мугалимдерди жана дарыгерлерди шайлоо процессине кийлигишпөөгө чакырып, ар кандай кийлигишүү жумуштан бошотууга жана катуу жоопкерчиликке алып келерин эскертти. Президент "бул шайлоо тарыхыбыздагы эң ачык жана адилеттүү болушу керек" деп билдирди. БШКнын төрагасы талапкерлерди добуш сатып алуудан алыс болууга, ал эми Билим берүү министрлиги билим берүү адистерин үгүт иштеринен алыс болууга чакырды.

69 Президент бул шайлоону […] калыс катары жеке өзү көзөмөлдөөгө милдеттенди. "Эгерде кайсы бир округда адилетсиз аракеттер катталса, мен өзүм БШКнын ишине катышам же комиссия түзүп, ал жакка ишенимдүү адамдарымды жөнөтөм" деди ал.

70 Талапкерлер меморандумдарга 8 -ноябрда ар бир тиешелүү ОШКда (Бишкектеги округдар үчүн - БШКда) бюллетендерди бөлүштүрүү тартиби боюнча чүчүкулак өткөрүлгөндөн жана мамлекеттик маалымат каражаттарында акысыз эфир убактысы бөлүштүргөндөн кийин кол коюшту.

71 ДИАУБ ШБМ төмөнкү округдардан ишенимдүү айыптоолорду алган: Баткен, Бишкектин төрт району, Гүлчө, Кадамжай, Кант, Кара-Суу, Кербен, Кызыл-Суу, Лебединовка, Массы, Нарын, Ноокат, Талас, Токмок жана Токтогул.

72 БШК тергөө функцияларын аткарбайт жана мыйзамда БШК тергөөгө татыктуу иштерди тандоодо эске алышы керек болгон критерийлер белгиленген эмес (иштерди иликтөө жөнүндө маалымат алуу үчүн "Шайлоо талаш-тартыштарын чечүү" бөлүмүн караңыз).

73 Жумушчу топ 18 жыйын өткөргөнү, анын ичинде 16сы жумушчу жыйын болгону кабарланган. БШКга жеткен арыздар боюнча маалымат алуу үчүн *"Шайлоо талаш-тартыштарын чечүү" бөлүмүн караңыз.*

көрсөтө алган эмес. [74] Жумушчу топтун мамилеси көп учурда жарандын саясий позициясын же комментарийин ачык билдирүүсү шайлоо алдындагы үгүт болуп саналат, ошондуктан талапкер менен келишимдик негизде гана ага уруксат берилиши керек деген формалисттик чечмелөөнү көрсөттү.[75] Катаал укуктук база, бул чектөөчү чечмелөө менен айкалышып, көптөгөн санкцияларга, анын ичинде айып пул салууга же андан аркы жазалоо чараларын болтурбоо үчүн онлайн контентти өчүрүүнү талап кылган макулдашууларга алып келди. Натыйжада, саясий дебаттардын эркиндиги жабыркап, талапкерлердин мүмкүнчүлүктөрү өтө чектелди.

*Шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерине негизги эркиндиктерди жүзөгө ашырууну коргоо максатында өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Жарандын социалдык жана саясий билдирүүсү, эгерде ал келишимдик негизде көрсөтүлбөсө, формалдуу жана өтө чектөөчү түрдө шайлоо өнөктүгү катары чечмеленбеши керек жана ага уруксат берилиши зарыл.*

ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери айрым колунда бар талапкерлердин шайлоо мүмкүнчүлүктөрүндө жеке саясий байланыштар чоң роль ойногонун, ал эми жаңы шайлоо системасынын киргизилиши менен партияга берилгендиктин мааниси ого бетер төмөндөгөнүн белгилешти. Көптөгөн талапкерлер терс кесепеттерден качуу үчүн өздөрүнүн партияга таандыктыгын жашырууга аракет кылышкан. Шайлоого чейинки жума массалык башаламандыктарды уюштурууга даярданган деген шек менен белгилүү саясий ишмерлердин камакка алынышы менен эсте калды.[76]

Мындай өнөктүк чөйрөсүнө карабастан, ДИАУБ ШБМдин байкоочулары ар кандай округдардагы өнөктүк иш-чараларын, анын ичинде БШК жана ОШКлар тарабынан биргелешип уюштурулган чогулуштарды, үймө-үй үгүт иштерин жана социалдык медианы кеңири колдонууну белгилешти.[77] Көпчүлүк өнөктүктөр саясий программаларга эмес, жергиликтүү байланыштарга жана үй-бүлөлүк тармактарга негизделип талапкерлердин өздүгүнө багытталган. Ошого карабастан, талапкерлер жашоо наркынын өсүшү, билим берүү жана саламаттыкты сактоону камтыган социалдык өнүгүү, чакан ишканаларды колдоо, жергиликтүү инфраструктура, үй-бүлө, жаштар жана аялдардын укуктары сыяктуу бир катар маанилүү жергиликтүү маселелерди көтөрүштү. ДИАУБ ШБМдин байкоочулары жаштардын жеке өнөктүк иш-чараларына аз катышып жатканын байкашкан.[78]

---

74 ЖСУЭПтин 19-беренесине (Пикир билдирүү жана сөз эркиндиги) карата 2011-жылдагы БУУ АУКнын 34-жалпы комментарийинин 9-пунктунда: "[...] 19-берене кийлигишүүсүз өз пикирин айтуу укугун коргоону талап кылат. Пактта бул укук эч кандай өзгөчөлүк же чектөөсүз экени белгиленген. Пикир билдирүү эркиндиги адам каалаган убакта жана кандай гана себеп менен болбосун өз пикирин өзгөртүү укугун да берет. Эч бир адам өзүнүн чыныгы, кабыл алынган же болжолдонгон пикирлеринин негизинде Пакт боюнча эч кандай укуктарын чектөөгө дуушар болушу мүмкүн эмес. Саясий, илимий, тарыхый, адеп-ахлактык же диний мүнөздөгү пикирлерди кошуп, пикирдин бардык түрлөрү корголот [...]".

75 Мисалдарды *"Шайлоо талаш-тартыштарын чечүү" бөлүмүнөн* караңыз.

76 22-ноябрда бир катар саясатчылар жана журналисттер, анын ичинде эки оппозициялык партиянын өкүлдөрү жана эки мурдагы депутат, суракка алуу үчүн кармалышкан, ал эми алардын он адамы, анын ичинде Социал-демократтар партиясынын лидери, массалык башаламандыктарды уюштурууга даярданган деген шек менен (Жазык кодексинин 278-беренесине ылайык, 10 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы каралган) 2026-жылдын 17-январына чейин камакка алынган. Кармалган адамдардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн ичинде да бир нече тинтүү жана сурактар жүргүзүлгөн.

77 ДИАУБ ШБМ бардык округдарда, көпчүлүгү № 15 (Кербен), № 26 (Токмок) жана № 29 (Кочкор) округдарында 106 өнөктүк иш-чарасын байкаган. Алардын 40 пайызында (42 иш-чара) 100гө чейин адам, ал эми 22 пайызында 50гө чейин адам катышкан (23 иш-чара). 17 пайызга жакыны 500гө чейин катышуучуну (18 иш-чара) өзүнө тарткан, ал эми 3 иш-чарада катышуучулардын саны 1000ге жеткен.

78 Байкалган өнөктүк иш-чараларынын кеминде 89 пайызында жаштардын катышуусу төмөн же көрүнбөйт деп бааланган.

Социалдык тармактарда үгүт иштерин жүргүзүү атайын жоболор менен жөнгө салынбайт жана аларга жалпы үгүт иштери боюнча эрежелер колдонулат. Бийлик шайлоо учурунда интернет мейкиндигине, анын ичинде социалдык тармактарга активдүү мониторинг жүргүзүп турду.[79] Көпчүлүк талапкерлер өздөрүнүн негизги өнөктүк куралдарынын бири катары *Инстаграм, Фейсбук* сыяктуу социалдык тармактарга жана кабарлашуу тиркемелерине таянышкан.[80] Өнөктүккө байланыштуу посттор, жалпысынан алганда, талапкерлердин ишмердүүлүгүн чагылдырып, инсандыкка багытталган, программалык маселелерди, анын ичинде жогорку деңгээлдеги өз ара аракеттенүүнү жараткан иштерди сейрек чагылдырган. ДИАУБ ШБМ тарабынан байкоо жүргүзүлгөн социалдык медиа аккаунттарында башка талапкерлердин же бийликтин беделин түшүргөн же кемсинткен посттор болгон эмес.

Аял талапкерлер ДИАУБ ШБМга алар көп учурда ресурстардын чектелүүлүгү жана тамырлаган патриархалдык мамилелер сыяктуу кыйынчылыктарга туш болушаарын билдиришти.[81]
ДИАУБ ШБМ жолуккан аял талапкерлердин көпчүлүгү аялдардын саясий жашоого көбүрөөк катышуусун камсыз кылуунун жолу катары учурдагы *мыйзамдык* квотасын кубатташты.

ДИАУБ ШБМ майып адамдардын үгүт каражаттарында жана иш-чараларда көрүнүүсү жалпысынан төмөн экенин байкаган.[82] Айрым талапкерлердин үгүт материалдарында майып шайлоочулардын муктаждыктарына байланыштуу маселелерди камтыган темалар камтылганы менен, алар көбүнчө саясий жана социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү боюнча улуттук стратегияларды эмес, жергиликтүү кырдаалдарды чагылдырган. Талапкерлер өздөрүнүн маалымдоо стратегияларын же үгүт материалдарын сенсордук же акыл-эс бузулуулары бар адамдар үчүн жеткиликтүү кылып өзгөрткөнү байкалган эмес.

*Шайлоо өнөктүктөрүнүн инклюзивдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, саясий партиялар өздөрүнүн үгүт иштерин жүргүзүү стратегияларын, материалдарын, иш-чараларын жана маалыматтарын ар кандай майыптыгы бар адамдардын түрдүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ылайыкташтырышы керек. Чыныгы инклюзивдик стратегиялар майыптыгы бар адамдардын өкүлдөрү болгон уюмдар менен кызматташтыкта иштелип чыгышы керек.*

---

79 ДИАУБ ШБМ 237 талапкердин жана алардын айрым өкүлдөрүнүн онлайн шайлоо өнөктүгүн, ошондой эле мамлекеттик мекемелердин жана коомдук кызматкерлердин жана айрым саясатчылардын жана блогерлердин *Инстаграм, Фейсбук тармактарындагы 21 аккаунтуна байкоо жүрргүзгөн.* Байкоо жүрргүзүлгөн мамлекеттик органдардын ичинен расмий өнөктүк башталгандан кийин эң көп пост жарыяланган аккаунттар БШКныкы болду: Фейсбукта 88 билдирүү (өнөктүк мезгилинде 80 билдирүү жана шайлоо күнү 8 билдирүү); жана Инстаграмда 81 билдирүү *(өнөктүк мезгилинде 65 билдирүү жана шайлоо күнү 16 билдирүү). БШКнын посттору өтө техникалык жана процедуралык мүнөздө болуп, коомчулуктун активдүү катышуусун* Инстаграмда гана жогорулаткан - Инстаграмдагы эң популярдуу пост 2889 байланышты пайда кылган (100дөн ашык байланышка ээ болгон кошумча 26 билдирүү болгон). *Фейсбуктагы* эң популярдуу пост 288 гана байланышка ээ болгон, бул 100дөн ашык байланышка ээ болгон БШКнын жалгыз посту болгон.

80 ДИАУБ ШБМ 237 талапкердин жана алардын айрым өкүлдөрүнүн онлайн шайлоо өнөктүгүн, ошондой эле мамлекеттик мекемелердин, мамлекеттик кызматкерлердин жана саясий блоггерлердин *Инстаграм* жана *Фейсбук тармактарындагы 21 аккаунтуна байкоо жүрргүзгөн.*

81 ДИАУБ ШБМ тарабынан аялдар баяндамачы катары катышкан 80 шайлоо алдындагы митингге байкоо жүргүзүлгөн (байкоого алынган 106 митингдин 75 пайызы) – ал митингдердин 40ында талапкер аял (38 пайыз), 30 митингде талапкер жана башка статустагы жок дегенде бир аял баяндамачы (28 пайыз), ал эми 10 митингде (9 пайыз) баяндамачылар башка статустагы адамдар болгон. Байкоого алынган митингдерге аялдардын катышуусу бир топ чектелүү болгон (УМБ топтору байкоого алынган митингдердин 18 пайызында аялдардын катышуусу жогору, ал эми 47 пайызында аз болгонун билдиришкен).

82 Белгилей кетчү нерсе, 22-шайлоо округунан талапкер Дастан Бекешевдин шайлоо өнөктүгү болду, ал эң активдүү талапкерлердин бири болду, айрыкча социалдык тармактарда.

## X. ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО

Шайлоо өнөктүгүн каржылоо негизинен Шайлоо мыйзамы, БШКнын токтомдору жана жоболору менен жөнгө салынат.[83] Акыркы түзөтүүлөргө ылайык, *башкалардын арасында,* социалдык тармактардагы жарнамаларды уруксат берилген шайлоо өнөктүгүнүн чыгымдары катары киргизилди, аныкталбаган төлөм системалары аркылуу колдоочулардын каражаттарын алууга тыюу салынды, саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлерге шайлоо өнөктүгүндө каражаттарын ал партиялардан көз карандысыз башкарууга мүмкүндүк берилди, ошол эле учурда партиянын ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн сактап калды жана талапкерлерди көрсөткөн саясий партия ашыкча каражат сарптаган учурда аларды каттоодон чыгаруу негиздерин кеңейтилди. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча укуктук базада талапкерлерди номиналдык түрдө чыгымдардын чегинен ашып кеткендиги үчүн каттоодон чыгаруу сыяктуу бир катар диспропорциялуу чаралар каралган жана каржылык маалыматтарды ачыктоо жана текшерүү үчүн жетиштүү система жоктугу анын натыйжалуулугун чектейт. ДИАУБдун шайлоо өнөктүгүн каржылоого байланыштуу мурунку рекомендациялары эске алынбай калууда. Жалпысынан алганда, учурда ишке ашырылып жаткандай, шайлоо өнөктүгүн каржылоо жөнүндө отчет берүү жана көзөмөлдөө боюнча укуктук база бүтүндүктү жана жоопкерчиликти камсыз кылуу үчүн жетиштүү эмес.

Шайлоо өнөктүктөрү талапкердин же саясий партиянын өз каражаттарынан жана жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кошкон каражаттарынан каржыланышы мүмкүн, бирок сумма жана булактар боюнча чектөөлөр бар.[84] Булар талапкерлер үчүн муниципалдык жана мамлекеттик бюджеттерден каржыланган айрым ресурстарды толуктайт, анын ичинде акысыз жолугушуу жайлары, жарнама аянтчалары жана эфир убактысы берилет. ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын мурунку рекомендацияларына карабастан, арзандатууларды кошо алганда, буюм түрүндө каражат кошууга тыюу салынган бойдон калууда.[85] Үчүнчү тараптардын каржылоосуна тыюу

---

83 Буга төмөнкүлөр кирет: БШКнын 2025-жылдын 15-августундагы № 56 жана 2025-жылдын 29-августундагы № 65 токтомдору жана жоболору.

84 Шайлоо өнөктүктөрүн каржылоо болжол менен 10 миллион сомго (100 000 евро) чейинки жеке каражаттар, 1 миллион сомго (10 000 евро) чейинки партиялык салымдар жана 500 000 сомго (5000 евро) чейинки жеке жана юридикалык жактардын кошкон каражаттары аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн. Саясий партиянын шайлоо өнөктүгүнүн каражаттарына талапкерлердин 15 миллион сомго (150 000 евро) чейинки салымдары, 100 миллион сомго (1 миллион евро) чейинки партиялык ресурстар, 200 000 сомго (2000 евро) чейинки жеке колдоочулардын каражаттары жана 3 миллион сомго (30 000 евро) чейинки юридикалык жактардын кошкон каражаттары кириши мүмкүн. Анонимдүү жана чет элдик булактардан, дин кызматкерлеринен, сот бийлигинен, аскердик, мамлекеттик жана жарандык кызматкерлерден жана мамлекетке карызы бар адамдардан каражат алууга тыюу салынат.

85 ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 170-пунктунда "...бардык адамдар өздөрү тандаган саясий партияны каржылык жана буюм түрүндө салымдар аркылуу эркин колдоо укугуна ээ болушу керек" деп айтылат. Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 41-беренесинин 10-пунктун караңыз.

салынышы эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келет.[86] 2025-жылдагы түзөтүүлөрдө 1000ге чейин өнөктүк активисттерин келишимдик негизде тартуу мүмкүнчүлүгү каралган.[87]

*Буюм түрүндө каражат кошууга уруксат берүү жана үчүнчү тараптардын каржылоосун жөнгө салуу, рыноктук баалоо жана отчеттуулуктун так эрежелерин белгилөө үчүн укуктук базаны кайра карап чыгуу керек.*

Мыйзам бардык шайлоо алдындагы кызматтар үчүн акчаны банк аркылуу которуу жана шайлоодон кийин 5 күндүн ичинде бүткөрүүнү талап кылат. Мыйзам талап кылгандай, бардык талапкерлер эки ыйгарым укуктуу мамлекеттик банктын биринде атайын шайлоо эсебин ачышкан. ДИАУБ ШБМдин маектештеринин айрымдары кичинекей салымдарды кабыл алууга тоскоол болгон QR коддор же электрондук капчыктар сыяктуу жөнөкөйлөштүрүлгөн онлайн каражат кошуу куралдарынын жоктугуна өкүнүштү. Башкалары мамлекеттик банктарды эксклюзивдүү колдонууга тынчсызданыуусун билдиришип, транзакцияларды иштетүүдөгү кечигүүлөр жана айыл жерлериндеги филиалдарга кирүү мүмкүнчүлүгү чектелүү экендиги жөнүндө билдиришти. БШК эки банктын тең маалымат базалары реалдуу убакыт режиминде маалымат алмашууну камсыз кылуу үчүн анын системасына туташтырылганын жана эки мамлекеттик банк тең шайлоо алдындагы эсептер үчүн колдонуучуга ыңгайлуу санариптик интерфейстерди иштеп чыкканын түшүндүрдү.

Ар бир талапкердин жалпы шайлоо өнөктүгүнүн каражаты 20 000 000 сом (болжол менен 200 000 евро) менен чектелген. Банктар тарабынан берилген коомчулукка жеткиликтүү финансылык маалыматтарга ылайык, шайлоо өнөктүгүн каржылоонун негизги булактары талапкерлердин жеке каражаттары, андан кийин колдоочулардын каражаттары болгон.[88] Каржылык теңсиздик талапкерлердин бирдей шарттарда шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө таасирин тийгизди, бирок шайлоо өнөктүгүнө кеткен чыгымдардын жогорку чеги муну жеңилдеткен жок.[89] Шайлоонун алдында жарыялангандай, бардык талапкерлердин

---

86 ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 256-пунктунда : "үчүнчү тараптар эркин пикир билдирүү ыкмасы катары каражат чогултууга жана саясий маселелер боюнча өз пикирлерин билдире алышы керек жана алардын ишмердүүлүгүнө шартсыз тыюу салынбашы керек. Бирок, ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти камсыз кылуу үчүн, партияларга жана партиялык талапкерлерге тиешелүү болгон окшош милдеттенмелер жана чектөөлөр менен жөнгө салуунун айрым түрлөрү өнөктүккө катышкан үчүнчү тараптарга да жайылтылышы маанилүү" деп айтылат.

87 ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 217-пунктунда "ыктыярчыга өзүнүн кадимки ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө акы төлөнбөй турган кызматтар менен кызмат башка кардарларга көрсөтүлгөн учурда ыктыярчыга акы төлөнүүчү кызматтар ортосунда айырмачылык болушу мүмкүн" деп айтылат. Донор башка кардарлар тарабынан акы төлөнүшүн күткөн жеке же юридикалык жактар тарабынан акысыз же базардан төмөн баада көрсөтүлгөн кызматтар алардын кадимки базар баасы боюнча кошулган каражат катары эсептелиши керек. Адатта акы төлөнүшүн күтпөгөн адамдар тарабынан ыктыярдуу түрдө көрсөтүлгөн кызматтар саясий салым катары эмес, жеке саясий иш-аракет катары каралышы мүмкүн.

88 Талапкерлердин жеке каражаттары каттоо учурунда жалпы шайлоо өнөктүгүнүн каражаттарынын болжол менен 75 пайызын, ал эми жеке адамдардын кошкон каражаттары 24 пайызын түзгөн. Юридикалык жактардан жана саясий партиялардан алынган каржылоо 0,1 пайыздан аз болгон.

89 Катталган талапкерлердин шайлоо фондунун суммасы бир топ айырмаланып, № 30 ОШКда катталган Улан Бакасов эң жогорку сумманы 19 983 780 сомго (199 838 евро) жана № 28 ОШКда катталган Эрулан Кокулов эң төмөнкү сумманы 452 003 сомго (4 520 евро) көрсөткөн. № 18 ОШКда катталган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү талапкер Сатыбалдиев Бусурман үчүн бир жолку салымдын минималдуу суммасы 50,0 сом (0,5 евро) болгон. 1996-жылдагы БУУ АУЖКнын № 25 жалпы комментарийинин 19-пунктунда "шайлоочулардын эркин тандоосуна доо кетирбеши же демократиялык процесс кайсы бир талапкердин же партиянын диспропорциялуу чыгымдары менен бурмаланбашы үчүн зарыл болгон учурда шайлоо өнөктүгүнө кеткен чыгымдарга акылга сыярлык чектөөлөр колдонулушу мүмкүн" деп айтылат.

жалпы кирешеси болжол менен 1,76 миллиард сомду, ал эми чыгымдары болжол менен 1,55 миллиард сомду түздү.[90]

*Шайлоо өнөктүгүндө бардык атаандаштар үчүн бирдей шарттарды түзүү үчүн, эл аралык жакшы тажрыйбага ылайык, өнөктүк кирешелеринин жана чыгымдарынын мыйзамдуу чектерин кайра карап чыгуу мүмкүн.*

Мыйзам 2025-жылдын 22-ноябрында жана 7-декабрында, тиешелүүлүгүнө жараша, аралык жана акыркы шайлоо өнөктүгүн каржылоо отчетторун тапшырууну талап кылат, анда каржылоонун булактары жана көлөмү, ошондой эле бардык чыгымдар кеңири көрсөтүлүшү керек. Мыйзам шайлоо күнүнө чейин эч кандай каржылык маалыматтарды ачыкка чыгарууну караштырбайт, бирок БШКны шайлоо өнөктүгү учурунда талапкерлердин банктык отчетторун жума сайын жарыялоого милдеттендирет. Бул практика ачык-айкындуулукка салым кошкону менен, иш жүзүндө чыгымдарды көзөмөлдөө жана отчетторду текшерүү болбогондуктан, ал чектелген жоопкерчиликти гана камсыз кылат.[91] ДИАУБдун көптөн берки рекомендацияларына карабастан, шайлоо өнөктүгүн каржылоо отчетторуна милдеттүү түрдө каржылык аудит жүргүзүү жөнгө салынган эмес.

Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча онлайн отчетторду тапшыруу системасы жок болгондуктан, аралык отчеттор кагаз түрүндө берилген жана техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн жетишсиздигинен алардын жарыяланбаганы, ачык-айкындуулукка жана жоопкерчиликке доо кетирген.[92] Демөөрчүлөрдүн кимдиги өнөктүк учурунда дайыма ачыкталган эмес, бул эл аралык стандарттарга карама-каршы келет.[93] БШКнын аудиттер боюнча жумушчу тобу ДИАУБ ШБМге бардык эле талапкерлер шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча акыркы отчетторду белгиленген мөөнөткө чейин тапшыра электигин, тапшырылгандардын баары эле толук эместигин жана булар үчүн юридикалык чаралар көрүлбөгөнүн билдирди.[94] БШК электрондук төлөм тиркемелери же накталай акча кошуулар шайлоо фонддоруна коюлган талаптарды айланып өтүү үчүн колдонулушу мүмкүн деген кооптонуусун билдирди. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектеши тыюу салынган буюм түрүндө салымдардын катарына кириши мүмкүн болгон билдирилбеген ыктыярдуу эмгек жана операциялык чыгымдар жөнүндө айтып, округдук деңгээлде текшерүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү экенин, мунун баары көзөмөл системасындагы кемчиликтерди көрсөтүп турганын белгилешти.

---

90 29-ноябрга карата БШК консолидацияланган банк маалыматтарын булактар, чыгымдар жана округдар боюнча бөлүп жарыялады.

91 Көзөмөл отчетто көрсөтүлгөн кирешелерди жана чыгымдарды банктык көчүрмөлөр менен номиналдык салыштыруу менен гана чектелет.

92 ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 258 жана 259-пункттарын караңыз, аларда каржылык отчетторду "көзөмөлдү жеңилдетүү үчүн санариптештирилген, оңой изделүүчү жана кайра колдонулуучу формада […]" жана "тиешелүү органдарга […] өз убагында" тапшыруу сунушталат; "[м]ыйзам партиялар жана талапкерлер маанилүү маалыматты ачыкка чыгарышын камсыз кылуу үчүн отчеттордун форматын жана мазмунун аныкташы керек. Бул ошондой эле ар кандай партиялардан алынган маалыматты оңой издөөгө жана салыштырууга мүмкүндүк берет. Ачык-айкындуулукту колдоо жана жарандык коомго жана башка кызыкдар тараптарга партиялардын шайлоо өнөктүктөрүнүн каржылануусун карап чыгуу мүмкүнчүлүгүн берүү максатында, мындай каржылык отчетторду узак убакыт бою коомдук ресурстарда ырааттуу, ар тараптуу жана өз убагында жеткиликтүү кылуу жакшы практика болуп саналат".

93 2003-жылдагы БУУнун Коррупцияга каршы конвенциясында (БУУККК) жана 2020-жылдагы ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 7.3-беренесинде шайлоо өнөктүгүнө сарпталган каражаттардын келип чыгышы жана бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалымат жарыяланууга тийиш деп айтылат.

94 БШКнын маалыматы боюнча, тапшырылышы керек болгон 452 жыйынтыктоочу отчеттун 427си тапшырылган.

БШК шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөйт, эреже бузуулар боюнча актыларды чыгарат, каржылык бүтүмдөрдү текшерет, шайлоо өнөктүгү учурунда аны каржылоо боюнча отчетторду түзөт жана текшерүүлөр менен аудиттерди жүргүзөт. БШК алынган отчеттордун так санын эсептей алган жок, анткени алардын айрымдары ОШКларга берилген. БШК ДИАУБ ШБМге адам ресурстарынын чектелүүлүгүнөн жана убакыттын кыскалыгынан улам отчетторду текшерүү чектелүү болгонун жана мыйзамсыз же ашыкча каражат кошууларды четке кагуу үчүн негизинен шайлоо өнөктүгүнүн эсептерин тейлеген банктарга таянганын түшүндүрдү.[95]

*Өнөктүктү каржылоо боюнча бардык отчетторду онлайн тапшыруу үчүн платформа киргизүү каралышы керек. Бул система бардык каржылык маалыматты дароо, автоматташтырылган түрдө жарыялоого мүмкүндүк берүү жана каржылык маалыматтарды колдонуучуга ыңгайлуу интерфейс жана жарыяланган документтердин машина окуй жана издей ала турган форматы аркылуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында мамлекеттик маалымат базалары менен интеграцияланышы керек.*

Мыйзам аудит жүргүзүүнү талап кылат, бирок ал аудит методологиясын жөнгө салбайт же анын жыйынтыктарын жарыялоону талап кылбайт. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча отчетторду комплекстүү текшерүүнү камсыз кылуу үчүн институционалдык мүмкүнчүлүктөрдүн жана каржылык аудиттер үчүн жол-жоболордун жана методологиялардын жоктугу, коомчулукка ачыктоонун чектелүү болушу менен айкалышып, шайлоо өнөктүгүн каржылоону көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугун төмөндөтөт.[96]

*Маанилүү көзөмөлдү жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн, аудит жол-жоболорун, мөөнөттөрүн жана аудиттин жыйынтыктарын жарыялоону так жөнгө салуу үчүн укуктук базага өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо отчетторун кылдат, ар тараптуу жана өз убагында талдоо, текшерүү жана аудит жүргүзүү үчүн БШКнын институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү керек.*

Шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузгандыгы үчүн чаралар негизинен жазык мүнөзүндө. Административдик чаралар чектелүү жана түшүнүксүз бойдон калууда жана өнөктүк учурундагы кемчиликтерди жоюу үчүн пропорционалдуу, градацияланган системаны камсыз кылбайт.[97] Бул алкак орточо эреже бузууларга каршы оор чаралардын көрүлүшүнө же

[95] БШК отчеттордогу маалыматтардын банктык көчүрмөлөр менен шайкештигин гана текшерет, билдирилбеген каражаттарды пайдаланууну же башка мыйзам бузууларды аныктоого эч кандай аракет кылбайт.

[96] ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 278-пунктунда "[...] мыйзамдар аудит процессинин ар кандай кадамдарын так көрсөтүшү керек" деп айтылат. Ошондой эле, ДИАУБдун 2015-жылдагы Шайлоо өнөктүгүн каржылоого байкоо жүргүзүү боюнча колдонмосунун 6-бөлүмүн караңыз.

[97] Административдик укук бузуулар жөнүндө кодекс шайлоо өнөктүгүн каржылоодогу кадимки мыйзам бузуулар үчүн атайын административдик жазаларды белгилебейт, анын ордуна кеңири же кыйыр жоболорго таянат. 62-берене жалган маалымат берүүнү караганы менен, анда кечиктирилген отчет берүү, бухгалтердик эсептин анча чоң эмес айырмачылыктары же банк жол-жоболорун техникалык жактан сактабагандыгы үчүн ачык административдик жазалар жок. Иш жүзүндө көзөмөл органдары каржылоого байланыштуу маселелерди чечүү үчүн маалыматты бербегени үчүн 61-беренеге, ал эми шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин бузганы үчүн 65-беренеге таянышы керек. Бул жоболор шайлоо өнөктүгүнүн каражаттарына ачык тиешеси жок болгондуктан, алардын каржылык укук бузууларга колдонулушу юридикалык жактан так эмес жана кызыкдар тараптар үчүн божомолдогус бойдон калууда. Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 46(2)-беренесинде шайлоо өнөктүгүнүн каражаттарына кошумча ресурстар колдонулганда же ашыкча чыгымдар үчүн талапкерлерди каттоодон чыгаруу каралган. Оор кылмыштар Жазык кодексинин 197 жана 198-беренелерине дал келет, алар беш жылга чейин эркинен ажыратууну караштырат.

такыр чара көрүлбөшүнө алып келиши мүмкүн, бул пропорционалдуу жана адилет жазалоону чектеп, эл аралык жакшы тажрыйбага жана ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын мурунку рекомендацияларына карама-каршы келет.[98] Мисалы, талапкерлерди чыгымдардын чегинен 0,5 пайызга ашып кеткени үчүн каттоодон чыгаруу жөнүндө жобо пропорционалдуу эмес.[99]

*Шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузуулар үчүн натыйжалуу, пропорционалдуу жана токтотуучу административдик жазалоо системасын түзүү максатында укуктук базаны кайра карап чыгуу керек, бул жазалардын жазыктын оордугуна ылайык келишин камсыз кылат.*

## XI. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ (ЖМК)

### A. ЖМК ЧӨЙРӨСҮ

2021-жылдан бери ЖМК чөйрөсү бир топ өзгөрдү жана айрым плюрализм сакталып калганы менен, ал бир топ тарып кетти. ДИАУБ ШБМдин көптөгөн медиа маектештери өлкөдө сөз эркиндигинин кескин төмөндөшүн белгилешти.[100] ЖМК кызматкерлерин куугунтуктоо, көз карандысыз медиа каражаттарынын жабылышы жана өтө чектөөчү укуктук база (төмөндө *Укуктук базаны* караңыз) жалпысынан ЖМК эркиндигине айкын терс таасирин тийгизип, кеңири жайылган өзүн-өзү цензуралоого жана көз карандысыз журналистиканын бир топ кыскарышына алып келди.[101]

Социалдык тармактар саясий маалыматтын негизги булагына айланды, андан кийин телевидение турат.[102] Мамлекеттик телеканалдар эң кеңири камтууга ээ жана салттуу медиа

---

98 ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын 2020-жылдагы Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 281-пунктунда "кылмыш жазалары коомдук бүтүндүккө доо кетирген же улуттук коопсуздукка коркунуч келтириши мүмкүн болгон олуттуу укук бузуулар үчүн гана каралганы менен (мисалы, чет элдик каржылоо учурунда), тараптардын каражаттарды туура эмес алуусу же пайдалануусу үчүн гана эмес, ошондой эле жеке адамдардын мыйзам бузуулары үчүн да бир катар административдик жазалар колдонулушу керек" деп айтылат.

99 Учурдагы чыгымдардын чегине ылайык, 50 000 сом ашыкча сарпталган учурда каттоодон чыгаруу башталышы мүмкүн.

100 Медиа эркиндик индексинде Кыргызстан 2022-жылдан бери 72-орундан 144-орунга төмөндөп кеткен.

101 БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгы "Массалык башаламандыкка чакырык таштаган" деген айып менен жана "тийиштүү соттук процедуралар жана адилеттүү соттук териштирүү бузулган" деп сындагандыгы үчүн кыргыз журналисттерин эркинен ажыратуу өкүмдөрү тууралуу тынчсызданусун билдирди. 2025-жылдын 27-октябрында үч маалымат каражаты (*Kloop kg*, *Темиров лайв жана Айт-айт десе)* экстремисттик деп табылып, алардын Кыргызстандагы ишмердүүлүгүнө сот тарабынан тыюу салынган. 2025- жылдын июль айында *Апрель ТВ* өкмөттү "деструктивдүү" жана "терс" чагылдырганы үчүн жабылган. 2022-жылдын башында журналист жана Темиров Лайвдын негиздөөчүсү Темиров мырза Кыргыз жарандыгынан ажыратылган. 2024-жылдын январында *Темиров Лайв каналынын он бир* журналисти камакка алынган, анын ичинде Темировдун аялы жана Айт-айт десе медианын негиздөөчүсү Махабат Тажибек да бар. ДИАУБ ШБМдин бир нече маектеши да сезимтал темаларды түздөн-түз цензуралоо жөнүндө билдиришкен.

102 MVector уюмунун Кыргызстандагы медиа керектөө боюнча отчетун караңыз. "Санариптик: Кыргызстан 2025" отчетуна ылайык, 2025-жылы интернеттин каптоосу 88,5 пайызды түзгөн.

чөйрөсүндө үстөмдүк кылат.[103] Коомдук телерадиокомпаниянын 2022-жылы улутташтырылышы эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келип, Кыргызстандын Улуттук телерадио корпорациясы (*УТРК*) болуп калды, эми анын башкы директору президент тарабынан дайындалып жана кызматтан алынат.[104] ЖМК чөйрөсүндөгү башка окуяларга айрым телеканалдардын форматынын өзгөрүшү, оппозицияга же каршы пикирдегилерге байланыштуу ЖМКлардын иштешине чектөөлөр киргизилиши же лицензиялардын алынып коюшу жана жаңы кыргыз-орус телеканалынын ачылышы кирди.[105]

*Улуттук телерадиоберүү корпорациясы көз карандысыз жетекчилик дайындоону, так аныкталган коомдук мандат жана каржылык көз карандысыздыкты камсыз кылган каржылоо модели бар коомдук кызмат көрсөтүүчү маалымат каражатына айландырылышы керек.*

Дагы эле иштеп жаткан бир нече көз карандысыз ЖМК ар кандай мамлекеттик мекемелерден маалымат алууда кыйынчылыктарга туш болуп жатышканын билдирип, ДИАУБ ШБМге мамлекеттик маалымат каражаттары мамлекеттик мекемелердин басма сөз иш-чараларына кирүүдө артыкчылыкка ээ экенин, ал эми көз карандысыз ЖМКлар кээде чакырылбай турганын кабарлашкан. ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери журналисттик иликтөөлөрдүн жана сынчыл репортаждардын чектелүүлүгүн УКМКнын ишмердүүлүгү менен байланыштырышты, анткени УКМК медиа адистерин жана коомдук талкууга катышкан башка адамдарды расмий эмес сурактарга чакыруу практикасын калыптандырган.[106]

---

103 Эфир аркылуу бардык үй кожолуктарына акысыз жеткиликтүү болгон телерадиоберүүлөр "социалдык пакетке" кирет. Анын курамы аймактарга жараша өзгөрүп турса да (11ден 15ке чейин каналдар), ал ар дайым Кыргызстан Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын (*УТРК*) жана анын аймактык филиалы болгон мамлекеттик *ЭлТР* жана *Илим Билимдин бардык улуттук деңгээлдеги каналдарын, ошондой эле* 2020-жылдан бери социалдык пакеттин бир бөлүгү болуп келген Орусиянын *Биринчи каналын* жана *Россия РТРди камтыйт. Жеке менчик 7-каналдын* жана *Регион ТВнын* ээлеринин аттары коомчулукка жеткиликтүү болгону менен, бул каналдар бийлик менен байланышта деп айтылып жүрөт.

104 2022-жылдагы Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндөгү мыйзам мурдагы Коомдук телерадиоберүү корпорациясын (*КТРК* ) мамлекеттик *УТРКга айландырган.* Акыркы кызматтан бошотуу жана дайындоо 2025-жылдын октябрында болгон. ЖСУЭПтин 2011-жылдагы БУУ АУК конвенциясына № 34 жалпы комментарийинин 16-пунктунда көз карандысыз коомдук телерадиоберүү кызматтары каралган жана алардын көз карандысыздыгына тиешелүү критерийлер белгиленген: "Мүчө мамлекеттер коомдук телерадиоберүү кызматтарынын көз карандысыз түрдө иштешин камсыз кылышы керек." Бул жагынан алганда, мүчө мамлекеттер алардын көз карандысыздыгын жана редакциялык эркиндигин кепилдеши керек. Алар каржылоону ТРКнын көз карандысыздыгына доо кетирбегендей кылып бериши керек". Сөз Эркиндиги боюнча Эл Аралык Мандат Ээлери 2023-жылдагы биргелешкен декларациясында "Бардык өкмөттүк же мамлекеттик маалымат каражаттары кечиктирилбестен коомдук кызмат көрсөтүүчү маалымат каражаттарына айландырылышы керек" деп баса белгилешкен.

105 Мисалы, *НТС* 2022-жылы жаңылыктарды көрсөтүүнү токтотуп, көңүл ачуучу контентке өткөн. Өлкөдөн сыртта иштеп жаткан *Next TV оппозициялык саясатчы Жээнбеков менен байланышкан жана маалыматтарга караганда, ресурстардын чектелүүлүгүнөн улам Бишкекте гана көрсөтүүсүн уланткан. 23-ноябрда* кыргыз-орус биргелешкен демилгеси боюнча "Орусия менен Кыргызстандын тарыхый жана маданий байланыштарын, алардын өнүгүшүн жана эл аралык аренадагы жалпы ролун" чагылдыруу үчүн *Номад ТВ аттуу* жаңы телеканал ишке киргизилген. Канал орусиялык *НТВ каналынын программаларын да алып көрсөтөт.*

106 2023-жылы *24.kg агенттигинин* журналисти видеомаек боюнча орусиялык жарандын арызынан кийин УКМКга чакырылган. 2024-жылы бир нече маалымат каражаттарынын кеңселеринде УКМК тарабынан тинтүү жүргүзүлгөндөн кийин алар кылмыш жоопкерчилигине тартылган. Ноябрь айында бир блогер Энергияны үнөмдөө чараларына байланыштуу чектөөлөрдү сындаган билдирүүсүнөн кийин талкуу үчүн УКМКга чакырылган. 4-декабрда 1916-жылдагы *Үркүнгө* байланыштуу иш-чара анын уюштуруучусу УКМК тарабынан чакырылгандан кийин өткөрүлбөй калган.

Бул маектештер ЖМКларга өлкөдөгү терс жаңылыктардан алыс болуу жана айрым талаш-тартыш маселелерди жаңылыктарда чагылдырбоо боюнча көрсөтмө берилгенин билдиришти.[107]

*ЖМК эркиндиктери катуу сакталышы зарыл. Сөз эркиндиги үчүн жагымдуу чөйрөнү камсыз кылуу максатында маалыматка жетүүдөгү негизсиз чектөөлөр, анын ичинде айрым ЖМКларга маалымат алууга артыкчылыктуу мүмкүнчүлүк берүү, журналисттердин ишмердүүлүгүнө кийлигишүү ЖМК адистерин опузалоо мыйзамдарда жана иш жүзүндө жок кылынышы керек.*

## B. УКУКТУК БАЗА

Жалпысынан алганда, ЖМК үчүн укуктук база эл аралык милдеттенмелерди аткаруу үчүн жетишсиз.[108] Конституция сөз эркиндигин камсыз кылып, цензурага тыюу салат, бирок бул укукту чектөө үчүн өтө кеңири же бүдөмүк негиздер камтылган, бул ДИАУБдун жана Венеция комиссиясынын мурунку рекомендацияларына карама-каршы келет.[109] Андан тышкары, Жазык кодекси бүдөмүк негиздер боюнча куугунтуктоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүк берет жана журналисттер бул жоболор боюнча барган сайын көбүрөөк куугунтукталууда.[110]

*ЖМК жөнүндө укуктук база кайра каралып чыгып, сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга ылайык келтирилиши керек. Сөз эркиндигин чектөө үчүн колдонулушу мүмкүн болгон өтө кеңири жана бүдөмүк жоболорду алып салуу үчүн Конституцияга жана Жазык кодексине өзгөртүүлөр киргизилиши зарыл. Ар кандай чектөөлөр мыйзамдуулук, зарылчылык жана пропорционалдык принциптерине негизделип, соттук көзөмөлгө алынышы зарыл.*

Эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келип, Кыргызстанда көз карандысыз ЖМКларды жөнгө салуучу орган жок, ал эми Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги (ММСЖСМ) телерадиокомпанияларга лицензия берүү же аны алып коюуга укуктуу.[111]

---

107 Бул көрсөтмөлөр бийлик органдарынын журналисттерге жана редакторлорго мезгил-мезгили менен, бирок кеңири таралган "профилактикалык телефон чалуулары" менен бекемделди, бул жазылбаган көрсөтмөлөрдүн, анын ичинде өнөктүк учурунда да, сакталышын камсыз кылуу максатында жүргүзүлдү.

108 ЕККУнун Министрлер кеңешинин № 3 "Журналисттердин коопсуздугу" боюнча чечими мамлекеттерди ЖМК эркиндигине тиешелүү мыйзамдарын, саясатын жана практикасын эл аралык милдеттенмелерине толук ылайык келтирүүгө чакырат.

109 ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын 2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутундусун караңыз.

110 БУУнун Расалык басмырлоону жок кылуу комитети 2025-жылдын июль айындагы Корутунду билдирүүсүндө "Жазык кодексинин өтө кеңири жана бүдөмүк жоболоруна" тынчсызданусун билдирип, "ой-пикир жана сөз эркиндиги укугуна коюлган өзүм билемдик менен чечмелөөлөргө жана диспропорциялуу чектөөлөргө жол бербөөсү үчүн Жазык кодексин, айрыкча 278(3), 330, 326 жана 327-беренелерин кайра карап чыгууну" жана "мыйзам базасы журналисттерди коркутуу, куугунтуктоо, камакка алуу үчүн колдонулбашы керектиги" сунуштаган. Медиа саясат институтунун маалыматы боюнча, 2024-жылы журналисттерге каршы 330- (Расалык, этникалык, диний жана башка кастыкты козутуу), 278- (Массалык башаламандыкка чакыруу) жана 327- (Бийликти күч менен басып алууга чакыруу) беренелеринин негизинде 13 кылмыш иши козголгон. 2025-жылы Канышай Мамыркулова 278- жана 330-беренелер боюнча айыпталып, төрт жылдык пробацияга өкүмдөлгөн; Александр Александров жана Жоормарт Дуулатов (*Kloop*) Жазык кодексинин 278-беренесинин негизинде беш жылга эркинен ажыратылган, 25-ноябрда өкүм үч жылдык пробацияга өзгөртүлгөн.

111 ЖСУЭПтин 2011-жылдагы БУУ АУКнын № 34 жалпы комментарийинин 39-пунктунда көз карандысыз ЖМКларды жөнгө салуучу орган үчүн зарыл болгон критерийлер сунушталат.

*Мыйзамда да, иш жүзүндө да натыйжалуу жана толук көз карандысыз иштей турган эркин ЖМКларды жөнгө салуучу органды түзүү маселесин карап чыгуу керек.*

"Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" 2025-жылы кабыл алынган жаңы мыйзам онлайн медианы кошо алганда, бардык маалымат каражаттарын каттоону талап кылат жана чет элдик менчикти 35 пайыз менен чектейт. Бул мыйзам ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн жана ДИАУБдун айрым олуттуу рекомендацияларын, анын ичинде чыныгы коомдук ЖМК кызматын түзүү, плюрализмди өнүктүрүүгө багытталган билдирүү жол-жобосу менен ЖМКларды каттоону жөнөкөйлөтүү жана аларды жөнгө салуучу органына учурда берилген ыйгарым укуктардын ордуна, ЖМКнын өзүн-өзү жөнгө салуусун тандоо, ал эми жөнгө салуу режимин кесипкөй маалымат каражаттары үчүн гана калтыруу боюнча рекомендацияларын камтыбайт.[112] "ЖМК жөнүндө" жаңы мыйзамда талап кылынган ЖМКларды кайра каттоо боюнча Юстиция министрлиги тарабынан кошумча мыйзам алдындагы актылардын кабыл алынышы күтүлүп жатканда, ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери кайра каттоодон өткөрүлбөй коюшуна тынчсызданууcун билдиришти.

*"ЖМКлар жөнүндө" мыйзам сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн кайра каралышы керек, анын ичинде учурдагы каттоо талаптарынын ордуна билдирүү тартибин киргизүү, өзүн-өзү жөнгө салуу механизмин өнүктүрүү жана талаптар бардык басылмаларга эмес, кесипкөй ЖМКларга гана тиешелүү экенин так көрсөтүү зарыл. Чет элдик жана кош жарандыгы бар адамдардын маалымат каражаттарына ээлик кылуусуна коюлган чектөөлөр кайра каралышы зарыл.*

Административдик укук бузуулар кодексине жалаа жабуу, абийирге шек келтирүү жана жалган маалымат таратуу үчүн 2025-жылы киргизилген жаңы айып пулдар өтө жогору.[113] Так эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө мыйзам ММСЖСМге соттун алдын ала чечимисиз контентти алып салууга же веб-сайттарды бөгөттөөгө мүмкүндүк берет, бул эл аралык стандарттарга карама-каршы келет.[114] Эң негизгиси, жакында ММСЖСМ төрт популярдуу көз карандысыз маалымат каражаттарынын: Азаттык, *Kloop.kg, 24.kg* жана *Respublika.kg* веб-сайттарын бөгөттөп салды[115]

*Онлайн контентти чектөөгө же веб-сайттарды убактылуу токтотууга байланыштуу жоболорду мындай чечимдер сот бийлигинин гана юрисдикциясына киришин камсыз кылуу үчүн кайра карап чыгуу керек. Мындай чечимдер тийиштүү процесстик кепилдиктер менен коомдук угуулардан кийин кабыл алынышы керек жана чектөө киргизилген контенттин же веб-сайттардын толук тизмеси менен кошо жарыяланышы керек. Чектөөлөр белгилүү бир*

---

112 ДИАУБдун жана ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн ЖМК жөнүндө мыйзам долбоору жөнүндө убактылуу биргелешкен пикирин караңыз.

113 Айып пулдар жеке адамдар үчүн 20 000 сомдон (200 евро) юридикалык жактар үчүн 65 000 сомго (650 евро) чейин жетет, ал эми 2025-жылга карата орточо эмгек акы 42 757 сомду (428 евро), ал эми 2024- жылы 36 000 сомду (360 евро) түзгөн.

114 ЖСУЭПтин 19-беренесинин 3-пункту мыйзамда каралуучу жана (а) башкалардын укуктарын же кадыр-баркын сыйлоо үчүн жана (б) улуттук коопсуздукту же коомдук тартипти, коомдук саламаттыкты же адеп-ахлакты коргоо үчүн зарыл болгон сөз эркиндигине коюлган жол берилүүчү чектөөлөрдү жөнгө салат. БУУ ЖСУЭПтин 2011-жылдагы № 34 жалпы комментарийинин 43-пунктунда "веб-сайттардын, блогдордун же башка интернетке негизделген, электрондук же башка ушул сыяктуу маалымат таратуу тутумунун иштешине коюлган ар кандай чектөөлөргө" 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 19-беренесин бузбаган өлчөмдө гана жол берилет деп айтылат жана веб-сайттардын иштешине жалпы тыюу салуулар 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 19-беренесинин 3-пунктуна дал келбейт деген так тыянак чыгарылат. 2022-жылдын июнь айынан 2025-жылдын сентябрь айына чейин ММСЖСМ 70 маселени карап чыккан, алардын 16сы боюнча талаштуу контентти ээлери тарабынан ыктыярдуу түрдө же ММСЖСМ чечими боюнча алып салуу чечилген.

115 Ал маалымат каражаттарынын контентин чектөө учурлары 2022-2024-жылдары болгон.

*контентке тиешелүү болушу жана тар чөйрөдө колдонулушу керек, ошондой эле бүтүндөй веб-сайттарга тыюу салуудан качуу керек.*

Шайлоо мыйзамында шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу жаңылыктар өзүнчө блокто, комментарийсиз берилиши керек деп белгиленген. Маалымат каражаттары талапкерлердин жана саясий партиялардын ар-намысына, кадыр-баркына же беделине шек келтирген же аны жаманатты кылган маалыматты жарыялоо үчүн жоопкерчилик тартат, анткени буга тыюу салынган. Бир нече маалымат каражаттарынын өкүлдөрү ДИАУБдун шайлоо өнөктүгүн бузуу катары каралуу коркунучунан качып сынчыл мазмундан баш тартууну чечкенин билдиришти.[116] Эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келип, мыйзамда... мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар жаңылыктарда жана учурдагы окуялар программаларында талапкерлерди тең салмактуу, калыс жана объективдүү чагылдыруусун талап кылбайт.[117]

ДИАУБдун мурунку рекомендациясына карабастан, шайлоого байланыштуу медиа контенттин көпчүлүгү үгүт деп эсептелүүсүнүн жана жыйынтыгында, талапкерлердин өнөктүктөрүн жаңылыктарда жана редакциялык программаларда чагылдыруунун жоктугуна алып келүүсүнүн алдын алуу максатында өнөктүк эрежелерин тар чечмелөөгө жол берген укуктук базага өзгөртүүлөр киргизилген эмес.[118] ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери өнөктүк иш-чараларын чагылдыруу үгүт катары каралары жана ошондуктан акы төлөнүүчү негизде гана берилиши мүмкүн экенин билдиришкен.[119] Натыйжада, процедуралык аспектилерди жана шайлоого байланыштуу мыйзам бузууларды чагылдыруудан тышкары, өнөктүк негизинен талапкерлерди жаңылыктар сегменттеринде акы төлөнүүчү чагылдырууну камтып, шайлоочулардын маалыматка таянып тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүн чектеген.

*Шайлоочулардын маалыматка таянып тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жана шайлоо өнөктүктөрүн көз карандысыз редакциялык чагылдырууну камсыз кылуу үчүн, журналисттик жана маалыматтык мазмун менен өнөктүк иш-аракеттеринин ортосундагы айырманы так аныктоо максатында ЖМКлардын чагылдыруу эрежелери кайра каралышы керек. Мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар*

---

116 БУУ ЖСУЭПтин № 25 Жалпы комментарийинин 25-пунктунда : "25-берене менен корголгон укуктарды толук пайдаланууну камсыз кылуу үчүн жарандардын, талапкерлердин жана шайланган өкүлдөрдүн ортосунда коомдук жана саясий маселелер боюнча маалымат жана идеяларды эркин алмашуу өтө маанилүү. Бул коомдук маселелер боюнча цензурасыз же чектөөсүз комментарий бере алган жана коомдук пикирди билдире алган эркин басма сөз жана башка маалымат каражаттарынын зарылдыгын билдирет" деп айтылат.

117 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 7.8-пунктун караңыз, катышуучу мамлекеттер "шайлоо процессине катышууну каалаган бардык саясий топтор жана жеке адамдар үчүн басмырлоосуз негизде маалымат каражаттарына тоскоолдуксуз жетүүгө эч кандай юридикалык же административдик тоскоолдук болбошун камсыз кылууга" милдеттендирет. Ошондой эле, БУУ ЖСУЭПтин № 25 жалпы комментарийинин 25-пунктун жана 2002-жылдагы Венеция комиссиясынын Жакшы тажрыйба кодексинин жана анын түшүндүрмө отчетунун I.2.3.a.ii пунктун (24-бет) караңыз. Ошондой эле, ДИАУБдун 2012-жылдагы Шайлоону байкоо миссиялары үчүн ЖМКларга байкоо жүргүзүү боюнча колдонмосун (15-бет) караңыз.

118 Айрым талапкерлерге же аларга каршы добуш берүүгө чакырыктардан тышкары, Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 22-беренесинин 10-пунктунда "2) айрым талапкерлерге карата артыкчылыктарды билдирүү; 3) талапкерлерди шайлоонун же шайлабоонун мүмкүн болгон кесепеттерин сүрөттөө; 4) талапкерлердин кесиптик ишмердүүлүгүнө же кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланышпаган ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты таратуу" үгүт иш-аракеттери катары каралат, ал маалыматтык мазмунга тиешелүү деп чечмеленет.

119 *Eurasianet* Кыргызстандагы шайлоолор тууралуу маалымат берип жатып, "Борбордук шайлоо комиссиясы *Eurasianet* медианын Бишкектеги кабарчысына шайлоо өнөктүгү учурунда талапкерлердин аттарын же сүрөттөрүн жарыялоо шайлоо мыйзамдарын бузуу болуп саналаарын белгилеген" деген билдирүү жарыялаган.

*жаңылыктарда жана учурдагы окуялар программаларында талапкерлерди тең салмактуу, калыс жана объективдүү чагылдырууга милдеттүү болушу керек.*

БШК маалымат каражаттарындагы өнөктүктүн мыйзамдуулугун көзөмөлдөйт жана эреже бузуулар үчүн айып пулдарды салууга, санкцияларды колдонууга жана маалымат каражаттарынын аккредитациясын жокко чыгарууга укуктуу. БШК маалымат каражаттарынын өнөктүктү чагылдыруусуна системалуу мониторинг жүргүзгөн эмес жана тиешелүү жумушчу тобу тарабынан каралган арыздардын негизинде бир нече иш козгогон.[120] Телерадио жана басма сөз каражаттары атаандаштарга акы төлөнүүчү жарнама үчүн бирдей шарттарды түзүүгө милдеттүү; бирок, ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына карабастан, маалымат каражаттарынан өнөктүк учурунда акы төлөнүүчү жарнама берүү үчүн БШК тарабынан аккредитациядан өтүү талап кылынган.

*ЖМКлар үчүн керексиз тоскоолдуктарды жаратпоо жана шайлоочуларга жеткиликтүү маалыматтын көлөмүн чектеп коюудан качуу максатында, акы төлөнүүчү жарнамаларды көрсөтүү үчүн ЖМКларды аккредитациялоо талаптарын кайра карап чыгуу керек.*

## C. ЖМК МОНИТОРИНГИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ТОЛУК МААЛЫМАТКА ЖЕТҮҮ

ДИАУБ ШБМдин маалымат каражаттарына мониторинги талапкерлер жаңылыктар жана учурдагы окуялар программаларында чагылдырылбаганын, шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин бузуулар чектелүү чагылдырылганын көрсөттү.[121] Мониторинг жүргүзүлгөн телерадиокомпаниялар мамлекеттик бийлик органдарын, негизинен Президентти жана анын администрациясын, Министрлер Кабинетинин, УКМКнын, ошондой эле БШКнын ишмердүүлүгүн кеңири чагылдырып, онлайн порталдарда да ушул сыяктуу көрүнүш байкалып турду.[122] Бардык мониторинг жүргүзүлгөн ЖМКлардын прайм-таймдагы жаңылыктар жана учурдагы окуялар программаларында Президентке убакыттын 33төн 54 пайызга чейинкиси арналган. Регион телеканалы өз убактысынын 30 пайызын УКМКга бөлгөн, ал эми *7-канал* өзүнүн чагылдыруусунун 45 пайызын Министрлер Кабинетине арнаган.

Аял талапкерлер жана мамлекеттик кызматкерлер, бардык телерадиокомпаниялардын байкоо жүргүзүлгөн программаларынын 16 пайызында катышып, байкоо жүргүзүлгөн акысыз эфир убактысынын 33 пайызын пайдаланышкан (*ЖМК мониторингинин* жыйынтыктарын караңыз). Шайлоочулар жөнүндө маалымат берүү каражаттарында, негизинен *УТРК* жана *ЭлТРде* кеңири чагылдырылып, жалпы чагылдыруунун 9 пайызын түзгөн.

---

120 БШК шайлоо өнөктүгүнүн маалымат каражаттарындагы чагылдырылышына системалуу мониторинг жүргүзгөн эмес, анын шайлоо өнөктүгү боюнча жумушчу тобу эскертүүлөрдүн негизинде болжолдуу мыйзам бузууларды баалаган. Беш маалымат каражатына санкциялар салынган: 22-октябрда *"Талас" телеканалына* мөөнөтүнөн мурда шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү эрежелерин бузгандыгы үчүн 28 000 сом айып пул салынган; 13-ноябрда *"Азия Ньюс* " гезитине жана *"Арыба"* онлайн басылмасына талапкерлердин ар-намысына, кадыр-баркына же беделине шек келтирген же аны жаманатты кылган маалыматтарды жарыялагандыгы үчүн 17 500 сом айып пул салынган; 20-ноябрда *"Жаш FM"* ЖЧКсына... (*T-Media* телеканалы) жаңылыктар программасынын фонунда бир талапкердин баннери пайда болгондуктан, талапкерлерге бирдей мүмкүнчүлүк берүү шарттарын бузгандыгы үчүн 28 000 сом айып пул салынган. 29-ноябрда *new.kg* чет элдик саясий ишмерлердин сүрөттөрүн колдонгон талапкердин акы төлөнүүчү үгүт материалдарын жарыялагандыгы үчүн 7500 сом айып пулга жыгылды.

121 ДИАУБ ШБМ *УТРК, Ала Too 24, ЭлТР, 7- Канал жана Регион ТВнын прайм-таймдагы көрсөтүүлөрүн*, ошондой эле *akipress.kg*, *azattyk.kg*, *Kaktus.Media*, *24.kg*, *super.kg*, *kabar.kg* жана *sputnik.kg онлайн* салынган *ЖМКларынын саясатка байланыштуу контентине байкоо жүргүзгөн.*

122 Талапкерлер процедуралык маселелерден тышкары чагылдырылган жалгыз учур - бул *Акипрессте талапкерлердин кызмат адамдары менен болгон байланыштары* көрсөтүлгөн үч макала болду. Шайлоо өнөктүгүнүн акыркы күнүндө *Kaktus.Media* талапкерлердин шайлоо өнөктүгүнө кеткен чыгымдары жөнүндө макала жарыялады.

Талапкерлер акысыз жана акы төлөнүүчү эфир убактысы аркылуу чагылдырылды, анын ичинде жаңылыктар сегменттеринде акы төлөнүүчү чагылдыруу да бар болчу. Редакциялык чагылдыруу менен аналитикалык репортаждар жок болуп турган шартта, бул шайлоочулардын маалыматка таянып тандоо мүмкүндүгүн чектеген. Акы төлөнүүчү жарнамалар дайыма эле так белгиленген эмес жана аларды айырмалоо оңой болгон жок.[123] Акы төлөнүүчү программаларда талапкерлерди чагылдыруу, анын ичинде акы төлөнүүчү жаңылыктар жана акы төлөнүүчү интервьюлар 8 пайызга жакынды түзгөн. Бул акы төлөнүүчү программалардын көпчүлүгү *"Регион"* телеканалда байкалып, аз сандагы талапкерлер тарабынан колдонулган. Онлайн ЖМКларда талапкерлер процедуралык маселелерге, анын ичинде ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аттарын жарыялоого, талапкерликтен баш тартуу учурларына, шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин бузууга жана шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу окуялар тууралуу гана тиешелүү болгон. Веб-сайттардагы акы төлөнүүчү контент жалпы контенттин 1 пайызынан азын түзгөн.

*Бардык акы төлөнүүчү саясий мазмун так жана ырааттуу түрдө аныкталышы керек. Жарнама менен редакциялык чагылдыруунун ортосундагы айырмачылыкты сактоо үчүн жаңылыктарда жана учурдагы окуялар программаларында акы төлөнүүчү үгүт материалдарын көрсөтүүгө тыюу салууну карап чыгуу керек.*

Мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар катталган талапкерлерге мыйзамга ылайык акысыз эфир убактысын камсыз кылышты. Бирок, көптөгөн талапкерлер, айрыкча байыраак талапкерлер, көрүүчүлөрдүн саны жана таасири чектелүү экенин айтып, аны колдонуудан баш тартышты. Талапкерлердин саны көп болгондуктан, эфир убактысы эки мамлекеттик телерадиокомпания, *УТРК* жана *ЭлТР,* ошондой эле алардын аймактык филиалдарынын ортосунда бөлүштүрүлдү.[124]

Дебат программалары жалпы мониторинг жүргүзүлгөн программалардын 23 пайызын түзгөн жана шайлоого тиешелүү жалгыз программалар болгон.[125] *ЭлТР* жана *УТРК жана алардын жергиликтүү бөлүмдөрүндөгү* дебаттар талапкерлер өздөрүн тааныштырып, бири-бири менен баарлаша алган жалгыз аянтча болгон. Айрым талапкерлер дебат форматын натыйжасыз деп эсептешкен, бул жалпысынан катышуудан баш тартууга алып келген.[126]
УТРКда дебаттар кечинде кеч көрсөтүлүп, кээде кечки саат 8ден түнкү 12ге чейинки прайм-тайм учурунда акысыз эфир убактысын талап кылган мыйзам бузулган. Аял талапкерлер акысыз эфир убактысынын 33 пайызын алышкан. Дебаттар учурунда жаңдоо тилине котормо берилген эмес.

*Мыйзам талап кылгандай, мамлекет тарабынан каржыланган бардык телерадиокомпанияларда бош убакыт бөлүп, дебаттарды уюштурууну карап көрсө болот. Дебаттардын форматы атаандаштардын ортосундагы чыныгы жарыш сөзгө өбөлгө*

---

123 Мисалы, 25-ноябрда *Регион ТВ каналы* талапкер менен 45 мүнөттүк маекти көрсөттү, бирок анда акы төлөнгөнү так көрсөтүлгөн эмес.

124 8-ноябрда бюллетендеги орун жана акысыз эфир убактысын бөлүштүрүү боюнча биргелешкен чүчүкулакта шайлоо комиссиялары катышуучулардын ортосунда эфир убактысын бөлүштүрүштү, жеке презентациялар үчүн 5 мүнөт жана дебаттарга катышуу үчүн 25 мүнөт берилди. ДИАУБ ШБМ акысыз эфир убактысын бөлүштүрүүдө ар кандай ыкмаларды байкады: кээ бир учурларда жободо белгиленгендей, ар бир талапкер үчүн өзүнчө чүчүкулак өткөрүлдү, ал эми башка учурларда ар кандай жол-жоболор иштелип чыкты (мисалы, талапкерлердин бюллетендеги ордуна жараша).

125 ДИАУБ ШБМ 14 дебатка байкоо жүргүздү; аларга катталган талапкерлердин жарымынан азы катышкан.

126 Айрым талапкерлер ДИАУБ ШБМга бул формат маңыздуу пикир алмашууга ылайыктуу эмес экенин, анткени мыйзам башка талапкерлерди сындоого тыюу салганын жана талапкерлерге провокациялык суроолорду бербөө сунушталганын билдиришти.

*түзүшү керек. Талапкерлерге өнөктүк учурунда атаандаштарын сындоого мыйзамдык тыюу салынбашы керек.*

## XII. ШАЙЛОО БОЮНЧА ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ

Шайлоо администрациясынын, мамлекеттик органдардын жана талапкерлердин чечимдерине, аракеттерине же аракетсиздигине талапкерлер, саясий партиялар, байкоочулар жана шайлоочулар каршы чыгышы мүмкүн. Шайлоо администрациясына каршы арыздар иерархиялык кароого жатат жана алардын үстүнөн Бишкек шаарынын Административдик сотуна даттанууга болот, андан ары Жогорку Сотко кассациялык тартипте жиберүүгө болот. Арыздар жана даттануулар мөөнөтүнөн мурда шайлоо үчүн каралган тездетилген мөөнөттөрдө берилип, каралышы керек, ал эми шайлоо күнү берилген арыздар дароо каралышы керек. Бул мөөнөттөр арыз берүү үчүн жетишсиз жана эл аралык жакшы тажрыйбага жооп бербейт.[127] БШКга арыздарды анын веб-сайты аркылуу электрондук түрдө берүүгө мүмкүн болсо, сотторго арыздар кагаз түрүндө берилиши керек.

*Шайлоо боюнча да, анын ичинде мөөнөтүнөн мурда шайлоодо, даттанууларды берүү жана кароо мөөнөттөрү даттанууларды жана негизделген чечимдерди натыйжалуу даярдоону, натыйжалуу юридикалык чара көрүүнү камсыз кылуу үчүн кайра каралышы керек.*

Шайлоо мыйзамына 2025-жылы киргизилген өзгөртүүлөр соттук чараларды көрүү мүмкүнчүлүгүн ого бетер чектеди, анткени саясий партиялардын шайлоонун жыйынтыктарына каршы чыгуу укугу алынып салынып, мындай каршы чыгуулар талапкерлерге, алардын өкүлдөрүнө жана байкоочуларга калтырылды.[128] Шайлоочулар жыйынтыктарга каршы чыга алышпайт, бул ДИАУБдун шайлоо талаш-тартыштарында кеңири позицияны колдогон мурунку рекомендацияларына жана эл аралык жакшы тажрыйбага карама-каршы келет.[129]
БШКнын айрым чечимдери жана токтомдору соттук кароодон бошотулган жана мыйзам мындай бошотуулар үчүн ачык шарттарды белгилебейт, бул юридикалык ишенимдүүлүккө жана ачыктыкка тоскоол болот.[130]

*Натыйжалуу юридикалык чара көрүү үчүн, шайлоочуларга жана саясий партияларга шайлоонун жыйынтыктарына каршы чыгууга мүмкүндүк бергидей кылып укуктук базага*

---

127 Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, мөөнөтүнөн мурда шайлоодо бардык шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирге кыскартылат, бул даттанууларды берүү жана чечим кабыл алуу үчүн кадимки 3 күндүк мөөнөттү 2 күнгө, ал эми 5 күндүк кассациялык мөөнөттү 3 күнгө чейин кыскартат. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы Жакшы тажрыйба кодексинин II.3.3.g пунктунда жана анын Түшүндүрмө отчетунда "[мөөнөттөр] апелляция берүү, коргонуучу тараптын укуктарын жүзөгө ашыруу жана ойлонуштурулган чечим кабыл алуу үчүн жетиштүү болушу керек" деп сунушталат. Биринчи инстанцияда үч күндөн беш күнгө чейинки мөөнөт (даттанууларды берүү жана чечимдерди кабыл алуу үчүн) шайлоого чейин чечимдерди кабыл алуу үчүн акылга сыярлык болуп көрүнөт".

128 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 5.10-пунктунда " негизги укуктардын сакталышы жана укуктук бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн ар бир адам административдик чечимдерге каршы натыйжалуу арыз бере алышы зарыл" деп айтылат.

129 1966-жылдагы ЖСУЭПтин 25-беренеси жана ЕККУнун Копенгаген документинин 5.10-пункту саясий укуктардын бузулушуна каршы натыйжалуу чара көрүү укугун кепилдейт. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы жакшы тажрыйба кодексинин II.3.3f пунктунда "тиешелүү шайлоо округунда катталган бардык талапкерлер жана шайлоочулар даттанууга укуктуу болушу керек. Шайлоочулардын шайлоо жыйынтыктары боюнча даттануусу үчүн акылга сыярлык кворум белгилениши мүмкүн" деп сунушталат.

130 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 45-беренесинин 12-пункту БШКнын шайлоонун жыйынтыктары боюнча чечимдерин жана токтомдорун кайра карап чыгуудан бошотот. 2025-жылдагы Венеция комиссиясынын Жаңыртылган Укук үстөмдүгүн текшерүү тизмесинин B бөлүмүн караңыз.

*өзгөртүүлөр киргизилиши керек. БШКнын бардык чечимдери соттук кайра кароого мүмкүн кылынышы керек.*

БШК даттануулар жана эреже бузуулар тууралуу кабарлардын онлайн реестрин жүргүзгөн, бул ачык-айкындуулукка өбөлгө түзгөн; бирок, айрым чечимдер кечигүү менен жүктөлүп турган. БШКнын онлайн реестрине катталган 274 даттануунун 219у БШК тарабынан чечилген, калгандары башка компетенттүү органдарга жөнөтүлгөн.[131] БШК 7 учурда административдик айып пул салган.[132] БШКнын талаш-тартыштар боюнча отурумдары ачык-айкын болуп, тараптарга өз иштерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн бергени менен, процедуралык кепилдиктер азайган, анткени көп иштер, айрыкча чараларга алып келбегендери,[133] *жабык түрдө* каралган.

БШКнын даттануулар боюнча чечимдеринде шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин чечмелөөсү бир түрдүү болгон эмес[134] жана айрым учурларда, айрыкча шайлоого байланыштуу маселелер боюнча, анын ичинде жеке кат алышууларда сөз эркиндигине байланыштуу иштерде, тар, чектөөчү жана формалдуу болгон.[135] БШКнын чечимдери негизинен тиешелүү жумушчу тобунун рекомендацияларына таянып, чектелген фактылык жана юридикалык негиздемелерди рекомендациятап, келтирилген укуктук жоболордун иштин маңызына тиешелүүлүгүн негиздеген эмес жана ошону менен юридикалык тактыкты жана натыйжалуу даттануу мүмкүнчүлүгүн бузган. Даттануунун жолдору[136] боюнча бир дагы чечим кабыл

---

131 БШКнын онлайн реестринде шайлоо алдындагы 202 арыз, шайлоо күнүндөгү 65 окуя жана шайлоодон кийинки 7 учур көрсөтүлгөн, алар негизинен БШКнын ишеним телефонунан, укук коргоо органдарынан, социалдык медиа мониторингинен жана талапкерлерден келип түшкөн жана шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин бузуу (122), талапкерлерге каршы жалган же жалаа жапкан маалыматты таратуу (37), добуш сатып алуу (55), административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу (8) жана башка эреже бузуулар (52) сыяктуу ар кандай маселелерге тиешелүү болгон.

132 БШК тарабынан ДИАУБ ШБМге берилген маалыматына ылайык, 74 учурда жалпысынан 83 административдик айып салынган, анын ичинде талапкерлерге жана жарандарга үгүт иштеринин шарттарын бузгандыгы үчүн 55 айып пул, талапкердин кадыр-баркына доо кетирген атайылап жалган маалымат тараткандыгы үчүн 15 айып пул, диний мекемелерде үгүт иштерин жүргүзгөндүгү үчүн 2 айып пул, маалымат каражаттарына байланыштуу 4 иш боюнча айып пул (2 үгүт иштеринин шарттарын бузгандыгы үчүн жана 2 талапкерлердин ар-намысына, кадыр-баркына же ишкердик беделине шек келтиргендиги үчүн, ошондой эле *News.kg сайтынын директоруна* маалымат каражатынын социалдык медиа баракчасы аркылуу жасалган эреже бузуу үчүн жеке айып пул), үгүт иштерин каржылоо эрежелерин бузгандыгы үчүн 2 айып пул жана БШКнын чечимин аткарбагандыгы үчүн 1 айып пул салынган. БШК ошондой эле 6 эскертүү берген. Шайлоодон кийинки жети арыз, негизинен добуштарды сатып алуу жана добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу боюнча болуп, укук коргоо органдарына жөнөтүлүп, акырында кылмыш ишин козгобостон четке кагылган, ал эми БШК тиешелүү шайлоо дооматтарын канааттандырган.

133 БШК даттануулар, аудит жана өнөктүк боюнча ички жумушчу топторду түзүп, даттануулар жана укук бузуулар боюнча кеңеш берүүчү корутундуларды пленардык жыйында кароо үчүн даярдады. Жумушчу топтордун жыйындарынын графиги жарыяланган же кабарланган эмес. БШК Тез жооп кайтаруу боюнча координациялык топту борбордук жана аймактык деңгээлдеги укук коргоо органдары менен координациялады.

134 БШК өзүнүн № 1404 чечиминде талапкердин кызматтык милдеттерине же кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалыматты тараткандыгы үчүн эскертүү берсе, ушул сыяктуу эле башка укук бузуулар үчүн административдик айып пул салган жана чечимдердин айырмаланышына так негиздөө келтирбеген.

135 Булар шайлоо алдындагы үгүт иштерине ачык байланышы жок болгонуна карабастан, жеке онлайн байланыш үгүт катары каралган учурларга тиешелүү болгон. Көптөгөн учурларда БШК жеке Facebook же Instagram аккаунттарындагы социалдык медиа билдирүүлөрүн талапкерди колдоо катары чечмелеп, аларды мыйзамсыз үгүт иштери катары классификациялап, алып салуу буйруктарын чыгарган же айып пулдарды салган. Дагы бир мисалда, БШК жергиликтүү *WhatsApp* топторунда талапкердин жолугушуусу тууралуу аудио билдирүү жөнөткөн адамга, үгүт иштерин жүргүзүү ниетин болбогонун айтканына жана билдирүүнү өчүргөнүнө карабай, мыйзамсыз үгүт иштери үчүн деп айып пул салган.

136 Мисалы, добуштарды сатып алуу боюнча жазыктык кол тийбестик маселелеринде БШК өз чечиминин негиздерин көрсөтпөстөн үч талапкерди куугунтуктоого уруксат берген, ал эми ушул сыяктуу өтүнүчтү четке кагуу учурунда колдо болгон далилдерге кыскача гана шилтеме берген.

алынган эмес жана ДИАУБ ШБМ мындай даттанууларды аныктай алган жок.[137] Жалпысынан алганда, БШК шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерин тыюу салынган жүрүм-турумдун чөйрөсүн кеңейткен жана, эл аралык стандарттарга карама-каршы келип, шайлоо өнөктүгүн жөнгө салууну фундаменталдык эркиндиктерди коргоо менен тең салмактоо зарылдыгын ырааттуу эмес түрдө колдонгон.[138]

*Шайлоо талаш-тартыштарын чечүүдө ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти күчөтүү үчүн БШК бардык болжолдуу мыйзам бузууларды ачык жыйындарда карашы керек. Чечимдер түшүнүктүү жана жакшы негизделген болушу зарыл, ошондой эле даттануу жолдору жана мөөнөттөрү көрсөтүлүшү керек. Фактыларды аныктоону жумушчу топтору аткарса да, институционалдык жоопкерчиликти камсыз кылуу жана соттук кайра карап чыгууга мүмкүндүк берүү үчүн чечим чыгаруу укугу Комиссияда калышы керек.*

Шайлоого чейинки мезгилде Административдик сот талапкерлерди каттоо боюнча 12 апелляциялык арыз алган, алардын 9ун негизи боюнча четке кагып, 2сүн кабыл алынгыс деп тапкан.[139] Жогорку Сот тарабынан даттануу түшкөн сегиз чечим күчүндө калтырылган. Угуулардын графиги көп учурда жаңыртылган эмес, Административдик соттун шайлоого байланыштуу чечимдери өз убагында жарыяланган эмес, ал эми Жогорку Соттун чечимдери такыр жарыяланбай калган, бул ачык-айкындуулукту чектеген. ДИАУБ ШБМге берилген чечимдер структуралаштырылган жана юридикалык шилтемелерди камтыган, бирок аларда фактылар формалдуу түрдө бааланып, талаш-тартыштуу административдик чаралардын мыйзамдуулугу жана пропорционалдуулугу талданган эмес.[140] Жазык кодексинде Башкы прокурордун юрисдикциясына кирген шайлоого байланыштуу кылмыштын беш түрү

137 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 5.11-пункту "адамга карата административдик чечимдер толугу менен негиздүү болушу керек жана, эреже катары, жеткиликтүү болгон кадимки чараларды көрсөтүшү керек" деп айтылат. ЖСУЭПтин 2.3-беренесинде ар бир мамлекеттен "укуктары же эркиндиктери бузулган ар бир адамга натыйжалуу чара көрүү мүмкүнчүлүгүн берилишин" жана "компетенттүү органдар, андай мүмкүнчүлүк берилген учурда, анын ишке ашырылышын " камсыз кылуусу талап кылынат.

138 ЖСУЭПтин 19-беренеси, АУЖПнын 1996-жылдагы № 25 жалпы комментарийи жана 2011-жылдагы № 34 жалпы комментарийи мамлекеттерден сөз эркиндигин кепилдөөнү жана ар кандай чектөөлөрдүн мыйзамдуу, негиздүү жана пропорционалдуу болушун камсыз кылууну талап кылат. Шайлоочулардын, талапкерлердин жана шайланган өкүлдөрдүн ортосунда коомдук жана саясий маселелер боюнча маалымат жана идеяларды эркин алмашууга шарт түзүлүшү керек.

139 Бир арыз процедуралык негизде жарым-жартылай кабыл алынган, бирок акырында негизги натыйжага таасир этпестен, маңызы боюнча четке кагылган.

140 ЖСУЭПтин 2.3-беренесинде ар бир мамлекеттен "укуктары же эркиндиктери бузулган ар бир адамга натыйжалуу чара көрүү мүмкүнчүлүгүн берилишин" жана "компетенттүү органдар, андай мүмкүнчүлүк берилген учурда, анын ишке ашырылышын " камсыз кылуусу талап кылынат, ал эми 14(1)-беренесинде, *башкалардын ичинде* , "[...] кылмыш иши же сот иши боюнча чыгарылган ар кандай чечим коомчулукка жарыяланышы керек […]" деп белгиленген. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 5.10-пунктунда "ар бир адам негизги укуктарды сыйлоону жана укуктук бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн административдик чечимдерге каршы натыйжалуу чара көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек" деп айтылат.

каралган.[141] Укук коргоо органдары добуштарды сатып алуу боюнча 15 кылмыш ишин козгошту.[142]

## XIII. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Шайлоо процессинде өлкөнүн демографиялык курамы менен улуттук азчылыктардын өкүлчүлүгүнүн ортосунда олуттуу айырмачылык болгон[143]. Калктын курамындагы этникалык азчылыктардын үлүшү жыйырма эки пайызды түзгөнүнө карабастан, катталган талапкерлердин эки пайызы гана өздөрүн көпчүлүктү түзбөгөн этникалык топко таандык деп эсептешкен, алардын ичинен үчөө гана мандат алышкан. [144] Өзбек жамаатынан бир гана катталган талапкер болуп, бул топ өзгөчө аз өкүлчүлүккө ээ болгон.[145] Мындай өкүлчүлүктүн жетишсиздиги улуттук азчылыктарга таандык адамдардын саясий жашоого натыйжалуу катышуусунун эл аралык стандарттарына жооп бербейт.[146]

Жакында киргизилген мыйзамдык өзгөртүүлөр, атап айтканда, талапкерлердин тизмесинде азчылыктардын өкүлчүлүгүнө коюлган 15 пайыздык квотанын алынып салынышы, кыязы, өкүлчүлүктүн жетишсиздигине өбөлгө түзгөн.[147]

---

141 Жазык кодексинде көрсөтүлгөн шайлоого байланыштуу беш кылмыш иши төмөнкүлөр: шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу (195-берене), Добуштарды сатып алуу (196-берене), шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу (197-берене), шайлоо же референдум учурунда каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу (198-берене) жана шайлоо документтерин жасалмалоо (199-берене).

142 Мыйзам боюнча, катталган талапкерлер процесстик кол тийбестикке ээ жана шайлоо мезгилинде, кылмыш жасалган жерде кармалган учурларды кошпогондо, БШКнын алдын ала уруксатысыз кылмыш жоопкерчилигине тартууга, камакка отургузууга, камакка алууга же сот тарабынан жазаланууга дуушар болушу мүмкүн эмес. БШК катталган талапкерлерди кылмыш жоопкерчилигине тартууга макулдук сурап укук коргоо органдарынан төрт өтүнүч алган, алардын үчөөнө добуш сатып алуу боюнча доомattарды канааттандырып, каттоону жокко чыгарган, ал эми бир өтүнүч четке кагылган; башка бир учурда, адам талапкер катары расмий катталганга чейин ага карата кылмыш иши козголгон.

143 Караңыз: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 2022-жылдагы Кыргыз Республикасынын калкын жана турак жай фондун каттоо. Өзбек азчылыгы эң чоң азчылык тобу болуп саналат, болжол менен 14 пайызды түзөт, орус азчылыгы 4 пайызды түзөт, башка ири этникалык азчылыктардын жамааттарына дунгандар (1 пайыз), уйгурлар (0,9 пайыз) жана тажиктер (0,3 пайыз) кирет.

144 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 'Калкты жана турак жай фондун каттоо' Кыргыз Республикасынын 2022-жылдагы Конституциясы: "Кыргызстандын калкы" таблицаларынын II китеби (Биринчи бөлүк).

145 Бул талапкерлердин 0,2 пайызын түзөт, ал эми өзбек жамааттары өлкө калкынын 14 пайызын түзөт. Өзүн өзбек деп атаган бир талапкерди кылмыш иши реабилитацияны камтыбоо себептери менен БШК каттоодон баш тарткан. Дагы бир талапкер шайлоого чейин добуш сатып алуу боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында талапкерлигин алып салган.

146 Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу боюнча эл аралык конвенциянын 5-беренесинде катышуучу мамлекеттер этникалык тегине карабастан "[саясий] укуктарды, атап айтканда, жалпы жана тең шайлоо укугунун негизинде шайлоого катышуу - добуш берүү жана шайлануу укугун, өкмөттүк, ошондой эле каалаган деңгээлдеги мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө катышууну жана мамлекеттик кызматты ээлөөгө бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылууга" милдеттүү экендиги белгиленген. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген документинин 35-пунктунда "[катышуучу мамлекеттер] улуттук азчылыктарга таандык адамдардын мамлекеттик иштерге, анын ичинде мындай азчылыктардын инсандыгын коргоо жана жайылтууга байланыштуу иштерге катышууга натыйжалуу катышуу укугун сыйлашат" деп айтылат. ЕККУнун Улуттук азчылыктар боюнча Жогорку комиссарынын Люблянадагы Ар түрдүү коомдорду интеграциялоо боюнча көрсөтмөсүндө жана түшүндүрмөсүндө: "жетиштүү өкүлчүлүк түз катышууну камсыз кылат жана азчылыктардын үнүн угууга чыныгы мүмкүнчүлүк түзүү каражаты катары маанилүү. Өкүлчүлүк жетиштүү болушу үчүн ал, […] коомдун курамын чагылдырууга багытталышы керек" деп айтылат.

147 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын № 113 Конституциялык Мыйзамынын 40-беренесин караңыз.

Ошондой эле, азчылык жамааттарынан чыккан талапкерлер үчүн диспропорционалдуу түрдө тоскоолдук кылган бир нече жаңы талаптар бар.[148] Андан тышкары, жаңыдан аныкталган шайлоо округдары ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына жана эл аралык жакшы тажрыйбага карабастан, алардын этникалык курамын эске алган эмес, бул көптөгөн жамааттардын жасалма бөлүнүүсүнө алып келип, улуттук азчылык талапкерлеринин өз шайлоочуларын мобилизациялоо мүмкүнчүлүктөрүнө тоскоол болгон.[149]

*Талапкерлерди каттоо жоболору жана шайлоо округдарын бөлүү принциптери улуттук азчылыктарга таандык адамдардын шайлоого катышуусун жана өкүлчүлүгүн жеңилдетүү максатында укуктук базаны карап чыгуу зарыл. Бийлик өкүлдөрү мыйзам чыгаруу органдарында алардын тийиштүү өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн шайлоого катышууну жеңилдеткен конкреттүү шарттарды камтыган оң чараларды карап көрүшү керек. Мындай чаралардын баары азчылык жамааттары менен кеңешип иштелип чыгып, алардын чыныгы саясий катышуусун камсыз кылгандай түрдө ишке ашырылышы зарыл.*

Азчылык жамааттарынан чыккан айрым талапкерлер жана келечектеги талапкерлер ДИАУБ ШБМга шайлоого катышуудан карманышканын билдиришти. Өзүн азчылык өкүлү деп эсептеген талапкерлер өздөрүн ошол эле топтун мүчөлөрү катары эмес, көп улуттуу Кыргызстанды жактаган саясатчылар катары көрсөткүлөрү келет. Азчылыктарга тиешелүү темалар боюнча талкуулар үгүт иштеринде дээрлик болгон жок. Андан тышкары, азчылык тилдеринде шайлоо жөнүндө маалыматтын жана үгүт иштеринин жеткиликтүүлүгү өтө чектелүү болушу[150] эл аралык стандарттарга карама-каршы келет.[151] Кыргыз жана орус тилдеринен башка тилдерде маалымат каражаттарында чагылдыруунун жана репортаждардын жоктугу этникалык азчылыктардын жамааттарын ого бетер четтетип койду.[152]

*Өнөктүк чөйрөсүнө жеткиликтүүлүктү жана инклюзивдүүлүктү камсыз кылуу үчүн бийлик тил укуктары жана натыйжалуу саясий катышуу боюнча эл аралык стандарттарга ылайык, азчылыктар тилдеринде, анын ичинде маалымат каражаттарында өнөктүк иш-чараларын, шайлоо материалдарын жана саясий дискурстарды кепилдеп жана жайылтышы керек.*

ДИАУБ ШБМдин шайлоо администрациясынын ар кандай деңгээлдеринде азчылыктардын өкүлчүлүгүндө олуттуу айырмачылыкты белгиледи. УШК мүчөлөрүнүн 17,1 пайызы көпчүлүк эмес этникалык топко таандык экенин жана жергиликтүү демографиялык

---

148 *Талапкерлерди каттоо бөлүмүн* караңыз.

149 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» конституциялык мыйзамдын долбоору боюнча ДИАУБдун 2025-жылдагы юридикалык корутундусунун 40-41-пункттарын караңыз. Ошондой эле *Шайлоо системасы* бөлүмүн караңыз.

150 2023-жылдагы Мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамда үгүт иш-чаралары кыргыз же орус тилинде гана жүргүзүлүшү керек деп белгиленген. ДИАУБ ШБМдин УМБлары тарабынан байкалган 106 иш-чаранын 86сы (81 пайызы) жалаң кыргыз тилинде, 15 жолугушуу (14 пайызы) кыргыз жана орус тилдеринде, эки иш-чара кыргыз жана өзбек тилдеринде, бир кыргыз тилинен тышкары бир нече тилде жана бир гана иш-чара өзбек тилинде өткөрүлдү. Улуттук азчылыктардын тилиндеги үгүт материалдары байкалган жок.

151 Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы Жакшы тажрыйба кодексинин I.3.1.b пунктун, БУУнун Жарандык укуктар жана эркиндиктер жөнүндөгү конвенциясынын № 25 жалпы комментарийинин 12-пунктун, ошондой эле "Лингвистикалык азчылыктардын тилдик укуктары: Азчылык маселелери боюнча БУУнун атайын баяндамачысынын ишин ишке ашыруу боюнча практикалык колдонмо" китебинин 4.8-пунктун караңыз.

152 Кыргыз же орус тилдеринен башка тилдерде ырааттуу түрдө маалымат берген бир дагы телеканал жок, ошондой эле кыргыз, орус же англис тилдеринен башка тилдерде үзгүлтүксүз маалымат чыгарган бир дагы онлайн жаңылыктар агенттиги жок. ДИАУБ ШБМ маектештеринин айтымында, азчылык тилдериндеги бир гана басма сөз каражаты калды.

көрсөткүчтөрдү чагылдырганын билдиришсе, ОШК мүчөлөрүнүн 5,2 пайызы гана ушундай маалыматты беришкен. БШКда этникалык азчылыктардын өкүлдөрү жок болгон.

*Бийлик улуттук азчылыктарга таандык адамдардын шайлоо администрациясынын бардык деңгээлдеринде жетиштүү өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүшү керек.*

## XIV. ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Мыйзам шайлоого жарандык жана эл аралык байкоо жүргүзүүнү камсыз кылат. Шайлоо маселелери же адам укуктары боюнча мыйзамдуу мандаты бар жарандык коом уюмдары байкоо жүргүзүү үчүн аккредитацияланышы мүмкүн. Жарандык байкоочулар үчүн аккредитациянын мөөнөтү жок, ал шайлоонун жыйынтыктары жарыялангaнга чейин күчүндө болот, бирок мыйзамды бузгандыгы үчүн токтотулушу мүмкүн. Талапкерлер жана саясий партиялар өз өкүлдөрүн жиберүүгө укуктуу; бирок байкоочуларды талапкерлер гана дайындай алышат. Ресурстардын чектелүү болушунан улам, бул мүмкүнчүлүк көпчүлүк талапкерлер үчүн жеткиликсиз болгон.

ДИАУБ ШБМдин бир нече маектеши каржылоонун чектелүүлүгүн жана жакында эле жергиликтүү шайлоого байкоо жүргүзүүнү саясий ишмердүүлүк катары классификациялаган жана чет өлкөдөн каржыланган жарандык коом уюмдарынан "чет элдик өкүлдөр" катары катталууну талап кылган мыйзамдык өзгөртүүлөрдөн улам, жарандардын шайлоого байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу кооптонууларын билдиришкен. Айрым маектештер жарандык коом уюмдары байкоо жүргүзүү иш-аракеттерине катышкандыгы үчүн жазалануудан коркуп жатышканын белгилешти. Натыйжада, бул шайлоодо жарандык байкоо дээрлик жок болду жана жарандык коомдун коомдук жашоого катышуу мүмкүнчүлүгү бир топ төмөндөдү.[153] БШК 788 эл аралык байкоочуну жана эки гана жарандык уюмду аккредитациялаган, алардын ар бири бирден байкоочу дайындаган.

*Жарандык коом шайлоого байкоо жүргүзүү иш-аракеттерине ашыкча тоскоолдуктарсыз же жазадан коркпостон катыша ала турган ыңгайлуу чөйрөнү түзүү үчүн мыйзамдарды кайра карап чыгуу керек. Атап айтканда, чет элдик каржылоосу бар жарандык уюмдардын шайлоого байкоо жүргүзүүсү үчүн "чет элдик өкүлдөр" катары катталуу талабын алып салууну карап чыгуу керек.*

## XV. ШАЙЛОО КҮНҮ

### A. ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫН АЧУУ ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮ

Шайлоо күнү жалпысынан тынч жана тартиптүү өттү. ЭШБМ 142 шайлоо участогунда ачылыш процессине, 1323 шайлоо участогунда добуш берүүгө жана 118 шайлоо участогунда добуш саноого байкоо салды. ЭШБМ тарабынан байкоо жүргүзүлгөн УШКларда аялдар жакшы өкүлчүлүккө ээ болуп, 77 пайызында төрагалык кылышты. Конституцияда тең укуктарга кепилдик берилгенине карабастан, тилекке каршы, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 42 пайызында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн

---

153 1990-жылдагы ЕККУнун Копенгаген документинин 8-пунктунда "катышуучу мамлекеттер чет элдик жана ата мекендик байкоочулардын катышуусу шайлоо өтүп жаткан мамлекеттер үчүн шайлоо процессин жакшырта алат деп эсептешет" деп айтылат. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы жакшы тажрыйбалар кодексинин 3.2.а-пунктунда "улуттук жана эл аралык байкоочуларга шайлоону байкоо жүргүзүүгө катышуу үчүн мүмкүн болушунча кеңири мүмкүнчүлүк берилиши керек" деп айтылат.

көз карандысыз добуш берүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн эмес, ал эми 21 пайызында мындай шайлоочулар үчүн шайлоо участокторунун жайгашуусу ылайыктуу эмес болгон.[154] Мындан тышкары, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 21 пайызында, мыйзам талаптарына карама-каршы келип, көрүүсү начар шайлоочулар үчүн жардамчы шаймандар жок болду.

*Бийлик органдары шайлоо участокторунун ички түзүлүшү жана жайгашкан орду ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын көз карандысыз кирүүсүнө жана жашыруун, өз алдынча добуш берүү мүмкүндүгүн камсыз кылышы керек. Сенсордук мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн тиешелүү жардамчы куралдар дайыма жеткиликтүү болушу керек.*

Байкоо жүргүзүлгөн 142 шайлоо участогунун 131инде ачылыш оң бааланган. Бул шайлоо участокторунун үчтөн биринен көбүндө болгон кечигүүлөр жаңы добуш берүү жабдууларын даярдоодогу кыйынчылыктарга байланыштуу болгон; 3 учурда кечигүү жарым сааттан ашык болгон. ЭШБМ байкоочулары айрым процедуралык каталарды, анын ичинде бюллетень урналары мөөр басылганга чейин бош экендиги көрсөтүлбөгөн 13 учурду, УШК мүчөлөрүнүн милдеттери боюнча чүчүкулак тартылбаган 45 учурду жана УШКлар нөлдүк эсептөө протоколун басып чыгарбаган 6 учурду белгилешкен. Шайлоочуларды идентификациялоочу түзүлүштү жана бюллетень сканерин орнотуудагы кыйынчылыктар тиешелүүлүгүнө жараша 16 жана 37 учурда катталган, ал эми 13 учурда бюллетень сканери шайлоо участокторунун ачылышында иштебей калган.

ЭШБМ байкоочулары 1323 байкоо жүргүзүүнүн 95 пайызында добуш берүүнү жалпысынан оң баалап, добуш берүү процессин ачык-айкын деп мүнөздөшкөн. Терс баа берүүлөрдүн көпчүлүгү добуш берүүнүн купуялуулугу жана технологияны колдонууга байланыштуу процедуралык маселелерге байланыштуу болгон. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 95 пайызында байкоочулар же атаандаштар тарабынан көрсөтүлгөн өкүлдөр болгон. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 40 пайызында уруксаты жок адамдар, негизинен милиция жана жергиликтүү кызматкерлер, болгон, ал эми 4 пайызында алар УШК ишине кийлигишишкен.

*Шайлоо участокторунда ыйгарым укуктуу адамдар гана болушун жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү өз ишин кийлигишүүсүз жүргүзүшүн камсыз кылуу үчүн чаралар көрүлүшү керек.*

---

154 Конституцияда (24-берене) эч ким майыптыгы боюнча басмырлоого дуушар болбошу керектиги белгиленген. Мындан тышкары, 2025-жылдагы [Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө мыйзам]() ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн бирдей укуктарды, анын ичинде шайлоо участокторунун, шайлоо боюнча материалдардын жана маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. БУУнун [2006-жылдагы Балдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын ]()29-беренесинде: "Катышуучу мамлекеттер ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга саясий укуктарды жана аларды башкалар менен бирдей негизде пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кепилдейт жана а) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын башкалар менен бирдей негизде, түздөн-түз же эркин тандалган өкүлдөрү аркылуу саясий жана коомдук жашоого натыйжалуу жана толук кандуу катышуусун камсыз кылат, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын добуш берүү жана шайлануу укугун жана мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат, *башкалардын арасында*, i. Добуш берүү жол-жоболорунун, жайлардын жана материалдардын тиешелүү, жеткиликтүү, түшүнүктүү жана колдонууга оңой болушун камсыз кылат; ii. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоодо жашыруун добуш берүү аркылуу [...] коркутуусуз добуш берүү укугун коргойт; iii. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоочу катары өз эркин билдирүүсүн камсыз кылат жана ушул максатта, зарыл болгон учурда, алардын өтүнүчү боюнча, өз каалоолору боюнча добуш берүүгө жардам берет" деп айтылат.

Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун көпчүлүгүндө жол-жоболор негизинен сакталган. Бирок, ЭШБМ байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 18 пайызында бюллетень урналары туура жабылбаганын билдиришкен. Шайлоочуну идентификациялоочу түзүлүштөр идентификациялоону камсыз кыла албаган учурлардын 78 пайызында УШК мүчөлөрү тиешелүү форманы толтурушкан эмес. ЭШБМ байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 27 пайызында, негизинен алар шайлоочулардын тизмесинде жок болгондуктан, айрым шайлоочуларга добуш берүүгө уруксат берилген эмес. ЭШБМ байкоочулары билдирген олуттуу процедуралык кемчиликтерге топтук добуш берүүнүн 16 учуру, бир нече жолу добуш берүүнүн 13 учуру жана байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунда башка бирөөнүн ордуна добуш берүүнүн 7 учуру кирген. ЭШБМ байкоочулары 9 учурда шайлоо участокторунун айланасындагы добуш сатып алуунун белгилерин байкашкан.

ЭШБМ байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн дээрлик бардык шайлоо участокторунда добуш берүү технологиялары толук кандуу жана тийиштүү түрдө иштеп жатканын аныкташкан. Бирок, шайлоо участокторунун 8 пайызында байланыш көйгөйлөрү байкалган, ал эми 2 пайызында бюллетень сканери иштебей турган. Байкоочулар операторлор жана УШК мүчөлөрү шайлоочулардын биометрикалык маалыматтарын дайыма текшерип турушканын жана байкоолордун басымдуу көпчүлүгүндө шайлоочулардын ким экенин аныктоо үчүн жетиштүү болгонун аныкташкан.

ЭШБМ байкоочулары добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу айрым маселелерди билдиришкен. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участокторунун 36 пайызында кабиналардын дизайны жана жайгашуусу добуш берүүнүн купуялуулугун бузган, ал эми 5 пайызында шайлоо участогунун түзүлүшү добуш берүү үчүн туура келбеген, алардын 4 пайызында бардык эле шайлоочулар купуя добуш бере алган эмес, ал эми 5 пайызында адамдардын ашыкча толуп кетиши байкалган. ЭШБМ байкоочулары байкоолордун 2 пайызында шайлоо участокторунун жанында үгүт материалдары бар экенин билдиришкен.

*Добуш берүүнүн купуялуулугу боюнча мыйзамдын жоболору участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан ишке ашырылышы жана аткарылышы керек.*

## B. ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРДЫ ЧЫГАРУУ

ЭШБМ тарабынан байкоо жүргүзүлгөн 118 шайлоо участогунун 44үндө добуштарды саноо терс бааланган, бул негизинен белгиленген жол-жоболордун сакталбагандыгына жана процесстин ачык-айкындуулугуна терс таасирин тийгизген олуттуу жол-жоболук каталар менен кемчиликтерге байланыштуу болгон.

Шайлоо участокторунун 73үндө уруксаты жок адамдар, көбүнчө милиция кызматкерлери жана жергиликтүү аткаминерлер, жүрүшкөн жана 14 учурда алар комиссиянын ишине багыт берип же тоскоолдук кылып жатканы байкалган, 13 учурда алар түздөн-түз саноого катышкан.

ЭШБМ байкоочулары кол менен эсептөөнүн алдындагы жана учурундагы негизги процедуралык коопсуздук чаралары көп учурда толук кандуу аткарылбаганын жана 30 учурда кол менен эсептөө жүргүзүлбөй, жыйынтыктар электрондук түрдө түзүлгөн протоколго гана негизделгенин белгилешти. Добуш берген шайлоочулардын саны 26 учурда шайлоочулардын тизмесиндеги кол тамгаларды эсептөө менен аныкталган эмес. Шайлоочулардын кол тамгаларынын саны 13 учурда ырастоо баракчаларынын санына дал келген эмес. УШКлар 23 учурда шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин санын жазып, акт түзүп, кол коюшкан эмес. Бюллетень уналарынын мөөрлөрү ачылганга чейин 27 учурда

катышкандардын баарына көрсөтүлгөн эмес жана 29 учурда контролдук бактар көрсөтүлгөн эмес.

Кол менен саноо учурунда бюллетеньдер бирден саналган эмес жана ар бир бюллетендеги тандоо жарыяланган эмес жана байкоо жүргүзүлгөн 73 шайлоо участогунда катышкандардын баарына көрсөтүлгөн эмес. Байкоо жүргүзүлгөн 30 шайлоо участогунда протоколдор кол менен саноонун негизинде толтурулган эмес, 26 учурда бюллетендердин жарактуулугу акылга сыярлык түрдө аныкталган эмес жана бул учурлардын 17синде УШКлар өз чечимдеринде ырааттуудукту көрсөтүшкөн эмес. ЭШБМ байкоочулары 21 шайлоо участогунда кол менен саноо менен басылып чыккан жыйынтык баракчаларынын ортосундагы айырмачылыктарды билдиришкен, ал эми 5 учурда протоколдордогу эсептөөлөр туура чыккан эмес. Протоколдор, мыйзам талап кылгандай, жалпыга көрсөтүү үчүн илинбеген 55 учур жана расмий протоколдорго УШК мүчөлөрү тарабынан алдын ала кол коюлган 21 учур аныкталган.

АШК имараттары логистиканы жеңилдетүү үчүн ОШК алдында кошумча борбор катары колдонулат деген БШКнын түшүндүрмөсүнө карама-каршы келип, ал кошумча борборлордун дээрлик жарымында ОШК мүчөлөрү материалдарды алуудан баштап, протоколдордогу сандарды текшерүү жана электрондук системага маалыматтарды киргизүү жана бириктирүү сыяктуу бир катар таблицаларды түзүүгө байланыштуу тапшырмаларды аткарышканын ЭШБМ байкоочулары билдиришти.

ЭШБМ бардык 30 ОШКда жана 26 ОШК алдындагы кошумча борборлордо жыйынтыктарды чыгаруу процессине байкоо жүргүзгөн. Бардык учурлардын дээрлик жарымында ЭШБМдин байкоочулары жыйынтыктарды чыгаруу жол-жоболоруна, негизинен процедуралык кемчиликтер жана шарттардын жетишсиздигинен улам, терс баа беришти. УШК протоколдорун алуу жана жыйынтыктарды чыгаруу үчүн орундун жетишсиздиги жана начар уюштурулушу жыйынтыктарды чыгаруу процессинин ачык-айкындуулугуна терс таасирин тийгизген. ЭШБМ байкоочулары көпчүлүк ОШКларда процесске чектөөсүз байкоо жүргүзө алгандарын билдиришкен; бирок, байкоолордун дээрлик жарымында катышкандардын баары эле жыйынтыктарды чыгаруу жол-жоболорун так түшүнө бербегени көрүнгөн.

ДИАУБ ШБМдин узак мөөнөттүү байкоочулары округдук деңгээлдеги жыйынтыктарды чыгаруунун узактыгы ар кандай болуп, шайлоодон кийин бир нече күнгө чейин созулганын билдиришти. Бул негизинен УШКлардан, анын ичинде ОШКнын алдындагы борборлордон, протоколдордун түрдүү убакытта келгенинен жана даттанууларды берүүнүн мөөнөттөрүнүн айырмачылыктарынан улам болгон. БШК ОШКлардан алынган маалыматтарды кезеги менен карап чыгып, бир ОШКдан башкасынын баарынын жыйынтыктарын 10-декабрда бекитти.

*Добуштарды саноонун жана шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруунун бүтүндүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылуу үчүн шайлоо кызматкерлери, мыйзамда көрсөтүлгөн саноо жана жыйынтык чыгаруу жол-жоболорун сактоону жана байкоочулардын процесстин бардык баскычтарына кире алуусун камсыз кылууну кошо алганда, бардык укуктук жана процедуралык жоболорду ырааттуу түрдө аткарышы керек.*

БШК катышууну алдын ала 34,31 пайыз деп жарыялап, добуш берүү аяктагандан кийин дароо эле электрондук түрдө түзүлгөн алдын ала жыйынтыктарды шайлоо участоктору боюнча бөлүп, өзүнүн веб-сайтына жарыялай баштады, бул ачык-айкындуулукту арттырды.

Добуштарды эсептөө процессинде бир катар ОШКлар кээ бир УШКлардын жыйынтыктарын мыйзам бузуулар болгонун айтып жокко чыгарышты, бирок эл аралык жакшы тажрыйбага каршы жана Шайлоо мыйзамындагы тиешелүү талаптарга карабастан, ал шайлоо

участокторунда[155] кайталап добуш берүү талап кылынабы же жокпу деген баалоо жүргүзүлгөн жок. Жокко чыгарылган УШК жыйынтыктары жалпылоодон алынып салынды, бул шайлоонун жалпы жыйынтыгын өзгөртүп, тиешелүү шайлоо участокторундагы шайлоочулардын шайлоо укугу бузулду.[156]

*Участкалык шайлоо комиссияларынын жыйынтыктарын жокко чыгаруу боюнча мыйзамда белгиленген жоболор, анын ичинде мындай жокко чыгаруу кайталап добуш берүүгө негиз берерин же бербесин баалоо, Округдук шайлоо комиссиялары тарабынан аткарылышы керек.*

## XVI. ШАЙЛОО КҮНҮНӨН КИЙИНКИ ОКУЯЛАР

БШК 3-декабрда социалдык тармактарда жарыяланган материалдардын негизинде №13 шайлоо округундагы мыйзам бузуулар тууралуу арыздарды карап чыкты. Маалыматтарга ылайык, 94 шайлоо участогунун 35инде талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулар камераларды орнотуп, шайлоочуларды видеого тартып алышкан.[157] БШК мындай мыйзам бузуулар кеңири таралган жана системалуу түрдө болуп, добуш берүүнүн купуялуулугун бузуп, шайлоочулардын өз эркин билдирүүсүнө олуттуу зыян келтирген жана УШКлардын ишине таасир эткен деп баалады. Натыйжада, БШК №13 округдагы шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгаруу чечимин бир добуштан кабыл алды.[158] БШК ошол округда жарышка катышкан 14 талапкердин баарын, ар биринин жоопкерчилигин жекече аныктоосуз, кайталап шайлоого катышуу укугунан ажыратты, бул эл аралык стандарттарга жана жакшы тажрыйбага, айрыкча пропорционалдык жана юридикалык тактык принциптерине шайкеш келүү жагынан кооптонууларды жаратты.[159] Кийинчерээк соттор жеке жоопкерчиликти

---

155 Беш ОШК 14 УШКдагы жыйынтыктарды жокко чыгарды: № 9 ОШК 7 УШКдагы жыйынтыктарды жокко чыгарды; № 26 ОШК 3 УШКдагы; № 8 ОШК 2 УШКдагы; жана № 13 жана № 25 ОШКлардын ар бири 1ден УШКдагы жыйынтыктарды жокко чыгарды (№ 25 ОШК көчмө добуш берүүнүн жыйынтыктарын гана жокко чыгарды). Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 37-беренесинде: "[...] Эгерде бир же бир нече шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылса жана бул шайлоонун жыйынтыктарына таасир этсе, анда бул шайлоо участокторунда кайра добуш берүү өткөрүлөт [...]" деп талап кылынат. Венеция комиссиясынын 2002-жылдагы Жакшы тажрыйба кодексинин түшүндүрмө отчетунун II.3.3.e пунктунда мындай деп айтылат: "Апелляциялык орган мыйзам бузуулар жыйынтыкка таасир этиши мүмкүн болгон шайлоолорду жокко чыгарууга укуктуу болушу керек. Бүтүндөй шайлоону, же бир шайлоо округунун, же бир шайлоо участогунун жыйынтыктарын гана жокко чыгарууга мүмкүндүк болушу керек. Жокко чыгарылган учурда, тиешелүү аймакта жаңы шайлоо дайындалышы керек".

156 Өз округдарындагы аял талапкерлердин ичинен эң көп добуш алган № 8 ОШКдагы Жылдызкан Жолдошева айым жана № 9 ОШКдагы Ыргал Кадыралиева айымдын ордуна тиешелүүлүгүнө жараша Нуржамал Төрөбекова айым жана Жылдыз Эгенбердиева айым келди.

157 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 9-беренесинде "Байкоочу добуш берүүнүн купуялуулугун бузбастан же добуш берүү процессине же добуштарды эсептөөгө тоскоолдук кылбастан […] сүрөткө тартууга, видеожаздырууга же аудиожаздырууга укуктуу" деп айтылат.

158 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 37-беренесине ылайык, эгерде жараксыз деп табылган добуштар жалпы берилген добуштардын үчтөн биринен ашып кетсе, жыйынтыктар жокко чыгарылышы керек. БШКнын маалыматы боюнча, № 13 округдагы 35 УШКда 30 260 шайлоочу добуш берген, бул округдагы бардык шайлоочулардын 39,44 пайызын түзөт. БШК бул 35 УШКнын төрагаларын алмаштырган.

159 Шайлоо жөнүндө мыйзамдын 38-беренесинде: "Кайталап шайлоо өткөрүлгөн учурда, аракеттери шайлоону жараксыз деп табууга негиз болгон талапкерлер шайлоого кайрадан көрсөтүлө албайт" деп айтылат. БУУнун 1996- жылдагы Жарандык укуктар жөнүндө жалпы пактынын № 25 жалпы комментарийинин 4-пунктунда: "25- берене менен корголгон укуктарды жүзөгө ашырууга тиешелүү болгон ар кандай шарттар объективдүү жана акылга сыярлык критерийлерге негизделиши керек... Жарандардын бул укуктарды жүзөгө ашыруусу мыйзамда белгиленген, объективдүү жана акылга сыярлык негиздерден тышкары токтотулушу же алынып салынышы мүмкүн эмес..." деп айтылат. БУУнун 1996-жылдагы Жарандык укуктар жөнүндө жалпы пактынын № 25 жалпы комментарийинин № 25 жалпы комментарийинин 4-пунктунда: "25- берене менен корголгон укуктарга карата ар кандай чектөөлөр объективдүү жана акылга сыярлык критерийлерге негизделиши керек" деп айтылат. 2002-жылдагы

мазмундук жактан карап чыкпастан, БШКнын чечимин күчүндө калтырышкан.[160] №13 шайлоо округунда шайлоо 2026-жылдын 1-мартына белгиленген, берилген мөөнөттө чейин 25 талапкер катталган.[161]

*Шайлоого катышуу укугун коргоо үчүн, талапкерлерди кайталап шайлоого катышуудан четтетүү жол-жоболору так юридикалык негиздер жана жеке жоопкерчиликти эске алуусун камсыз кылуу максатында укуктук базаны жана аны ишке ашырууну кайра карап чыгуу керек.*

Шайлоонун жыйынтыктары 10-декабрда бекитилгенден кийин, БШК 12-декабрда 30 округдун 29унда шайланган депутаттарды каттаган. Жаңы шайланган парламент 17-декабрда биринчи сессиясына чогулган. Президент жана Парламенттин төрагасы 9-февралда 75 белгилүү адамдан мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өткөрүүнү талап кылган петиция алышкан, анда кызматтагы президент шайлангандан кийин Конституция өзгөргөндүктөн анын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү боюнча юридикалык белгисиздик пайда болгон деп айтылган.
Бул кайрылуу бир нече мамлекеттик мекемелер тарабынан башаламандыкка үндөө катары кабыл алынып, айрым демилгечилердин камалышына алып келген.[162] Президент Конституциялык Соттон президенттин мандаты жөнүндөгү жобону тактоону жана кийинки президенттик шайлоонун датасын аныктоону суранды. Конституциялык Сот 17-февралда мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүүгө эч кандай негиз жок жана мыйзамга ылайык кийинки президенттик шайлоо 2027-жылдын 24-январында өткөрүлүшү керек деген чечим чыгарды.[163]

Мөөнөтүнөн мурда шайлоо боюнча петициядан кийин президент генерал Ташиевди жана анын бир нече орун басарын кызматтан алып, мамлекеттик кызматтарда иштөөгө өмүр бою тыюу салган.[164] Бул кызматтан алуулардан кийин мамлекеттик коопсуздук аппараты масштабдуу кайра түзүлүшкө туш болуп, айрым жогорку кызматтагы мамлекеттик жана жергиликтүү аткаминерлер, губернаторлор жана мамлекеттик коопсуздук кызматкерлери кызматтан бошотулган жана камакка алынган. Парламенттин төрагасы баш болгон бир нече депутат кызматтан кетишкен, ал эми айрым мурунку депутаттар көп өтпөй коррупция боюнча айыпталып камакка алынган.[165] Шайлоо мыйзамына 2025-жылы киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин, бошогон парламенттик орундарды толтуруу үчүн кошумча шайлоо өткөрүлбөйт жана мандаттар 2025-жылдагы шайлоонун жыйынтыктарына ылайык кайра бөлүштүрүлөт. Ошол эле учурда, БШК 13-округда парламенттик шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгаруу жана

Венеция комиссиясынын Жакшы тажрыйба кодексинин II.3.3. пунктунда "чара[лар] пропорционалдуу болушу керек жана принцип боюнча жоопту адамга колдонулушу керек" деп айтылат, ал эми I.1.1.d пунктунда "шайлоо жана шайлануу укугунан ажыратуу мыйзамда каралышы, пропорционалдуулук принцибин сактап, соттун ачык чечими менен ишке ашырылышы керек" деп айтылат.

160 Бишкек шаарынын Административдик сотуна № 13 ОШК боюнча 13 апелляциялык арыз келип түшкөн, алардын алтоосу негизи боюнча четке кагылган, жетөөсү кабыл алынгыс деп табылган. Бул чечимдердин экөө боюнча Жогорку Сотко даттануу берилип, эки учурда тең БШКнын чечими күчүндө калтырылган.

161 Алардын ичинен 15 эркек жана 10 аял кайталап шайлоого катталды.

162 Бул боюнча Жазык кодексинин 278-беренесинин негизинде кылмыш иши козголуп, үйлөрдү тинтүүдөн кийин 75 арыз ээсинин баары суракка алынган. Кийинчерээк бир нечеси демилгечи катары кармалган.

163 Конституциялык Соттун 2026-жылдын 17-февралындагы чечимин караңыз. Шайлоо парламент тарабынан 2026-жылдын 24-сентябрына чейин белгиленет.

164 Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы жана Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары кызматынан бошотулду. Бул тууралуу 10-февралда президенттин сайтында жарыяланды.

165 27-мартка карата тогуз депутат алмаштырылды, ал эми 2026-жылдын 1-апрелине карата № 21 ОШКдан бир мандат бош турган. БШКнын маалыматы боюнча, бош орун Ички иштер министрлиги тарабынан тиешелүү талапкер Чыңгыз Айдарбековду текшерүүнүн уланып жаткандыгына байланыштуу пайда болгон. Айдарбеков мырза мандатка байланыштуу кысымга алынганын билдирди. Генерал Ташиевдин бир тууганы, мурдагы депутат Ташиев, 1-апрелде коррупция боюнча айыпталып кармалганы жарыяланган.

шайлоону кайра өткөрүү жөнүндөгү мурунку чечимин жокко чыгарып, бул өзгөртүү добуш берүүнүн купуялуулугун бузууну иликтөөнүн жыйынтыктарына негизделгенин билдирди. БШК бул округдан шайланган депутаттарды 2025-жылдагы баштапкы жыйынтыктардын негизинде каттаган, ал эми бир талапкер бул эреже бузуу үчүн күнөөлүү деп табылган.[166]

## XVII. РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

Бул рекомендациялар, тексттин бардык жеринде камтылгандай, Кыргыз Республикасында шайлоолорду өткөрүүнү андан ары жакшыртуу жана аларды ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге жана демократиялык шайлоолор боюнча башка эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга толук ылайык келтирүү аракеттерин колдоо максатында берилген. Бул рекомендацияларды ДИАУБдун мурунку, бирок азырынча каралбаган рекомендациялары менен бирге окуп чыгуу керек. ДИАУБ Кыргызстандын бийлигине шайлоо процессин андан ары жакшыртууда, ошондой эле ушул жана мурунку отчеттордо камтылган рекомендацияларды ишке ашырууда жардам берүүгө даяр.[167]

### A. АРТЫКЧЫЛЫКТУУ РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

1. Шайлоонун укуктук базасы демократиялык шайлоонун эл аралык стандарттарына жана ДИАУБдун мурунку рекомендацияларына ылайык кайра каралышы керек. Мындай кайра карап чыгуу шайлоого чейин ачык, инклюзивдүү жана айкын консультация процесси аркылуу жүргүзүлүшү зарыл. Укуктук ишенимдүүлүктү камсыз кылуу жана бардык кызыкдар тараптар үчүн тийиштүү даярдык көрүү мүмкүнчүлүгүн берүү максатында кошумча мыйзамдар шайлоо процессинин тиешелүү баскычтарына чейин өз убагында кабыл алынып, жарыяланышы керек.

---

166 БШК, жаңы аныкталган жагдайларга байланыштуу жана бир нече талапкердин өтүнүчү боюнча, № 13 ОШКдагы шайлоонун жыйынтыктарын жараксыз деп тапкан 2025-жылдын 3-декабрындагы чечимин жокко чыгарууну чечти. БШК добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу шайлоонун жыйынтыктарын аныктоого тоскоол болбогонун жана тергөө иштери бузууларды бир талапкерге байланыштырганын, ал акыры четтетилгенин жана талапкердин күнөөсүн аныктоо боюнча соттук чечим чыкпаганына карабастан, анын добуштары жараксыз деп табылганын аныктады. БШК, ошондой эле, № 13 шайлоо округунда кайталап шайлоо өткөрүү боюнча чечимин жокко чыгарды.

167 1999-жылдагы ЕККУнун Стамбул документинин 25-пунктунда ЕККУга катышуучу мамлекеттер "ДИАУБдун шайлоону баалоосун жана рекоммендацияларын тез арада аткарууга" милдеттенишкен. Мурунку рекоммендацияларды аткаруунун жүрүшү ДИАУБ ШБМ тарабынан төмөнкүдөй бааланат: камтылган рекоммендациялардын биринде да, анын ичинде 2017-жылдагы президенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчет, 2020 -жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчет, 2021-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчет жана 2021-жылдагы президенттик шайлоо жана референдум боюнча жыйынтыктоочу отчетто, камтылган рекоммендациялар толугу менен аткарылган эмес. 2017-жылдагы президенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 3, 10, 14-рекоммендациялар, 2020-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 4- жана 12-рекоммендациялар, 2021-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 14-рекоммендация жана 2021-жылдагы президенттик шайлоо жана референдум боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 11, 12- жана 20- рекоммендациялар негизинен аткарылган. 2017-жылдагы президенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 1, 2, 4, 5, 7, 12, 13, 17, 18, 23 жана 24-рекоммендациялар, 2020-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 1, 5, 6, 10, 16, 19, 23 жана 25-рекоммендациялар, 2021-жылдагы парламенттик шайлоо боюнча 6, 10, 15 жана 21-рекоммендациялар жана 2021-жылдагы президенттик шайлоо жана референдум боюнча жыйынтыктоочу отчеттон алынган 3, 14, 19, 22, 23, 24 жана 25-рекоммендациялар жарым-жартылай аткарылган. Ошондой эле ДИАУБдун шайлоо боюнча рекоммендациялар базасын караңыз.

2. Эркинен ажыратылгандарды добуш берүү укугунан ажыратуу кылмыштын оордугун эске алуу менен кайра каралышы керек; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга карата шайлоо укугун чектөө алынып салынышы зарыл.

3. Шайлоо технологияларын колдонууга болгон ишенимди бекемдөө үчүн мыйзамда шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жана добуштарды эсептөөчү түзүлүштөрдү көз карандысыз үчүнчү тараптын текшерүүсү жана сертификациялоосу ачык каралышы керек. Тиешелүү кызыкдар тараптарга ишке ашыруу процессинин бардык аспектилерин, анын ичинде техникалык документтерге жетүү, баштапкы кодду карап чыгуу, түзүлүштү конфигурациялоо жана аудит процедураларын кылдаттык менен карап чыгуу үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөр берилиши керек.

4. Шайлоого катышуу укугу эл аралык стандарттарга ылайык келтирилиши зарыл жана шайлоого катышуу укугуна коюлган бардык негизсиз, диспропорциялуу чектөөлөр жана тыюулар алынып салынышы керек. Майыптыкка, билимге жана соттолгондугуна негизделген учурлардагы чектөөлөр алынып салынышы зарыл. Өлкөдө туруктуу жашоо талабы алынып салынышы же бир кыйла кыскартылышы керек.

5. Шайлоо өнөктүгүнүн эрежелерине негизги эркиндиктерди жүзөгө ашырууну коргоо максатында өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Жарандын социалдык жана саясий билдирүүсү, эгерде ал келишимдик негизде көрсөтүлбөсө, формалдуу жана өтө чектөөчү түрдө шайлоо өнөктүгү катары чечмеленбеши керек жана ага уруксат берилиши зарыл.

6. Маанилүү көзөмөлдү жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн, аудит жол-жоболорун, мөөнөттөрүн жана аудиттин жыйынтыктарын жарыялоону так жөнгө салуу үчүн укуктук базага өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо боюнча отчетторду кылдат, ар тараптуу жана өз убагында талдоо, текшерүү жана аудит жүргүзүү үчүн БШКнын институционалдык дараметин күчөтүү керек.

7. ЖМК жөнүндө укуктук базасы кайра каралып чыгып, сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга ылайык келтирилиши керек. Сөз эркиндигин чектөө үчүн туура эмес колдонулушу мүмкүн болгон өтө кеңири жана бүдөмүк жоболорду алып салуу үчүн Конституцияга жана Жазык кодексине өзгөртүүлөр киргизилиши зарыл. Ар кандай чектөөлөр мыйзамдуулук, зарылчылык жана пропорционалдык принциптери так карманышы керек жана соттук көзөмөлгө алынышы зарыл.

8. Шайлоочулардын маалыматка таянып тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жана шайлоо өнөктүктөрүн көз карандысыз редакциялык чагылдырууну камсыз кылуу үчүн, журналисттик жана маалыматтык мазмун менен өнөктүк иш-аракеттеринин ортосундагы айырманы так аныктоо максатында ЖМКлардын чагылдыруу эрежелери кайра каралышы керек. Мамлекет тарабынан каржыланган телерадиокомпаниялар жаңылыктарда жана учурдагы окуялар программаларында талапкерлерди тең салмактуу, калыс жана объективдүү чагылдырууга милдеттүү болушу керек.

9. Натыйжалуу юридикалык чара көрүү үчүн, шайлоочуларга жана саясий партияларга шайлоонун жыйынтыктарына каршы чыгууга мүмкүндүк бергидей кылып, укуктук базага өзгөртүүлөр киргизилиши керек. БШКнын бардык чечимдери соттук кайра кароого алынышы керек.

10. Талапкерлерди каттоо жоболору жана шайлоо округдарын бөлүү принциптери улуттук азчылыктарга таандык адамдардын шайлоого катышуусун жана өкүлчүлүгүн жеңилдетүү максатында укуктук базаны карап чыгуу зарыл. Бийлик өкүлдөрү мыйзам чыгаруу органдарында алардын тийиштүү өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн шайлоого катышууну жеңилдеткен конкреттүү шарттарды камтыган оң чараларды карап көрүшү керек. Мындай чаралардын баары азчылык жамааттары менен кеңешип иштелип чыгып, алардын чыныгы саясий катышуусун камсыз кылгандай түрдө ишке ашырылышы зарыл.

11. Шайлоо администрациясынын кесиптик дараметин жогорулатуу үчүн БШК төмөнкү деңгээлдеги комиссиялар үчүн ар тараптуу, стандартташтырылган, практикалык жана өз убагындагы окутууларды өткөрүшү керек, айрыкча эсептөө жана жыйынтыктарды чыгаруу жол-жоболоруна басым жасалышы зарыл.

12. Добуштарды саноонун жана шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруунун бүтүндүгүн жана ачык-айкындуулугун камсыз кылуу үчүн шайлоо кызматкерлери, мыйзамда көрсөтүлгөн саноо жана жыйынтык чыгаруу жол-жоболорун сактоону жана байкоочулардын процесстин бардык баскычтарына кире алуусун камсыз кылууну кошо алганда, бардык укуктук жана процедуралык жоболорду ыраатту түрдө аткарышы керек.

13. Мыйзамдуулукту, бүтүндүктү жана коомдук ишенимди камсыз кылуу үчүн шайлоонун жыйынтыктарын жана шайлоо материалдарын иштетүү мыйзам тарабынан ыйгарым укук берилген мекемелер тарабынан гана жүргүзүлүшү керек. Иш тартибинде кабыл алынган чечимдердин так укуктук негизи болушу керек жана алардын бирдей ишке ашырылышы камсыз кылынышы керек.

## B. БАШКА РЕКОМЕНДАЦИЯЛАР

### Укуктук база жана шайлоо системасы

14. Саясий өкүлчүлүктө гендердик теңчиликти камсыз кылуу үчүн мыйзам чыгаруу жана дараметти күчөтүү чаралары каралышы керек. Саясий жашоого катышууда чыныгы теңчиликке жетүү боюнча АКБЖК рекомендацияларына ылайык, өкүлчүлүгү аз болгон жыныстагы адамдар үчүн квота көбөйтүлүп, окутуу, насаатчылык жана каржылык колдоо сыяктуу кошумча укуктук жана саясий чаралар менен толукталышы керек.

15. Добуш берүүнүн теңдигин камсыз кылуу үчүн, эл аралык жакшы тажрыйбага ылайык, ар бир округда шайлоочулардын орточо санынан жол берилген четтөөнү азайтуу керек. Шайлоо округдарынын чек араларын аныктоо көз карандысыз, калыс жана адистешкен орган тарабынан, улуттук азчылыктарды кошо алганда, бардык тиешелүү кызыкдар тараптар менен консультация жүргүзүү аркылуу жасалышы керек.

### Шайлоо администрациясы

16. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жана улуттук азчылыктардын, айрыкча алар калктын олуттуу бөлүгүн түзгөн аймактарда, шайлоо администрациясынын ишине катышуусуна көмөктөшүү боюнча чараларды киргизүүнү карап чыгуу керек.

17. Чечим кабыл алууда толук ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн шайлоо администрациясынын бардык деңгээлдеги органдары ачык жыйындарды өткөрүп, алардын күн тартибинин долбоорлорун жана протоколдорун өз убагында жана ырааттуу түрдө жарыялашы керек.

18. Шайлоо күнүндөгү жол-жоболордун ырааттуу аткарылышын камсыз кылуу үчүн, тиешелүү жоболорду шайлоо күнүнө чейин жетиштүү убакыт калганда кабыл алып, жарыялоо, ошондой эле ОШК жана УШКларга так, деталдуу көрсөтмөлөрдү өз убагында таратуу маселесин карап чыгуу керек.

19. Маалыматка таянып шайлоону өнүктүрүү жана шайлоочулардын катышуусун кубаттоо үчүн, шайлоочулардын түшүнүгүн арттыруу жана маалымат берүү иш-чараларын кеңейтүүнү, аларды, улуттук азчылыктарды жана майыптыгы бар адамдарды кошо алганда, ар кандай шайлоочулар топторуна ылайыкташтырууну карап чыгуу керек.

20. Борбордук шайлоо комиссиясы майыптардын уюмдары менен кеңешип, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар үчүн шайлоо процессинин жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу боюнча аракеттерин улантышы керек, анын ичинде көз карандысыз жана жашыруун добуш берүүнү жеңилдетүү үчүн тийиштүү жайгашуу жана дайыма жеткиликтүү жардамчы куралдар менен камсыздалган шайлоо участокторуна физикалык жактан жетүүнү камсыз кылуу зарыл.

**Шайлоодо технологияны колдонуу**

21. Добуш берүүнүн купуялуулугун камсыз кылуу үчүн, бюллетендердин изин куу мүмкүн болбошу жана алар шайлоочуга байланбашы керек. Шайлоочунун анонимдүүлүгүнө доо кетирүү коркунучун жок кылуу үчүн бюллетендерде жекелештирилген QR коддору сыяктуу уникалдуу идентификаторлорду колдонуу токтотулушу керек. Добуш берүүнүн купуялуулугуна коркунуч келтирбестен, бүтүндүктү сактоо үчүн бузулган бюллетендерди берүү жана эсепке алуу боюнча альтернативдүү кепилдиктер иштелип чыгышы зарыл.

**Шайлоочуларды каттоо**

22. Добуш берүүнүн купуялуулугун сактоо максатында, добуш берген шайлоочулардын аттарын жарыялоого тыюу салуу үчүн мыйзамдык базага өзгөртүүлөр киргизилиши керек.

**Талапкерлерди каттоо**

23. Саясий плюрализмди жана өкүлчүлүгү аз топторду кошууну өнүктүрүү үчүн, мындай коомчулуктардын мүчөлөрүнүн шайлоого катышуусуна көмөктөшө турган оң чараларды иштеп чыгууну карап чыгуу керек. Мындай чараларга талапкерлерди көрсөтүүнүн маанилүү квоталары, резервдик орундар жана мындай топтордун өкүлдөрү үчүн шайлоо депозиттерин азайтуу кириши мүмкүн, бирок алар менен чектелбеши керек.

24. Шайлоого катышуудагы каржылык тоскоолдуктарды жоюу максатында талапкерди шайлоого каттоо акысы азайтылышы керек жана шайлоонун жыйынтыктарына жараша кайтарылып берилиши керек. Каттоо акысынын суммасы коомчулуктун кеңири талкуусунун негизинде аныкталышы керек.

**Шайлоо өнөктүгү**

25. Шайлоо өнөктүгүнүн иш-чараларына жана шайлоочулар менен талапкерлердин маңыздуу катышуусуна тоскоолдук кылбаган чөйрөнү түзүү үчүн, укук коргоо органдарынын жана улуттук коопсуздук органдарынын өнөктүк эрежелеринин аткарылуусун көзөмөлдөөгө катышуусу алардын мандатында так белгиленген милдеттер менен чектелип, адам укуктарын сактоо көз карашынан ишке ашырылышы керек.

26. Шайлоо процессине болгон ишенимди бекемдөө үчүн шайлоо мезгилинен тышкары мезгилде дагы жарандардын маалымдуулугун жогорулатуу өнөктүгү жана натыйжалуу соттук териштирүүлөр аркылуу добуш сатып алуу маселесин чечүү үчүн күчтүү аракеттер талап кылынат. Функцияларды натыйжалуу бөлүштүрүүнү жана ырааттуу тергөөлөрдү камсыз кылуу үчүн БШКнын тергөөгө чейин добуш сатып алуу иштерин алдын ала карап чыгуудагы ролу кайра каралышы керек.

27. Шайлоо өнөктүктөрүнүн инклюзивдүүлүгүн жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында, саясий партиялар өздөрүнүн үгүт иштерин жүргүзүү стратегияларын, материалдарын, иш-чараларын жана маалыматтарын ар кандай майыптыгы бар адамдардын түрдүү муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ылайыкташтырышы керек. Чыныгы инклюзивдик стратегиялар майыптыгы бар адамдардын өкүлдөрү болгон уюмдар менен кызматташтыкта иштелип чыгышы керек.

**Өнөктүктү каржылоо**

28. Буюм түрүндө каражат кошууга уруксат берүү жана үчүнчү тараптардын каржылоосун жөнгө салуу, рыноктук баалоо жана отчеттуулуктун так эрежелерин белгилөө үчүн укуктук базаны кайра карап чыгуу керек.

29. Шайлоо өнөктүгүндө бардык атаандаштар үчүн бирдей шарттарды түзүү үчүн, эл аралык жакшы тажрыйбага ылайык, өнөктүк кирешелеринин жана чыгымдарынын мыйзамдуу чектерин кайра карап чыгуу мүмкүн.

30. Өнөктүктү каржылоо боюнча бардык отчетторду онлайн тапшыруу үчүн платформа киргизүү каралышы керек. Бул система бардык каржылык маалыматты дароо, автоматташтырылган түрдө жарыялоого мүмкүндүк берүү жана каржылык маалыматтарды колдонуучуга ыңгайлуу интерфейс жана жарыяланган документтердин машина окуй жана издей ала турган форматы аркылуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында мамлекеттик маалымат базалары менен интеграцияланышы керек.

31. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелерин бузуулар үчүн натыйжалуу, пропорционалдуу жана токтотуучу административдик жазалоо системасын түзүү максатында укуктук базаны кайра карап чыгуу керек, бул жазалардын жазыктын ордугуна ылайык келишин камсыз кылат.

**Жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК)**

32. Мыйзамда да, иш жүзүндө да натыйжалуу жана толук көз карандысыз иштей турган эркин ЖМКларды жөнгө салуучу органды түзүү маселесин карап чыгуу керек.

33. Улуттук телерадиоберүү корпорациясы көз карандысыз жетекчилик дайындоону, так аныкталган коомдук мандат жана каржылык көз карандысыздыкты камсыз кылган каржылоо модели бар коомдук кызмат көрсөтүүчү маалымат каражатына айландырылышы керек.

34. ЖМК эркиндиктери бекем сакталышы зарыл. Сөз эркиндиги үчүн жагымдуу чөйрөнү камсыз кылуу максатында маалыматка жетүүдөгү негизсиз чектөөлөр, анын ичинде айрым ЖМКларга маалымат алууга артыкчылыктуу мүмкүнчүлүк берүү, журналисттердин ишмердүүлүгүнө кийлигишүү ЖМК адистерин опузалоо мыйзамдарда жана иш жүзүндө жок кылынышы керек.

35. "ЖМКлар жөнүндө" мыйзам сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн кайра каралышы керек, анын ичинде учурдагы каттоо талаптарынын ордуна билдирүү тартибин киргизүү, өзүн-өзү жөнгө салуу механизмин өнүктүрүү жана талаптар бардык басылмаларга эмес, кесипкөй ЖМКларга гана тиешелүү экенин так көрсөтүү зарыл. Чет элдик жана кош жарандыгы бар адамдардын маалымат каражаттарына ээлик кылуусуна коюлган чектөөлөр кайра каралышы зарыл.

36. Онлайн контентти чектөөгө же веб-сайттарды убактылуу токтотууга байланыштуу жоболорду мындай чечимдер сот бийлигинин гана юрисдикциясына киришин камсыз кылуу үчүн кайра карап чыгуу керек. Мындай чечимдер тийиштүү процесстик кепилдиктер менен коомдук угуулардан кийин кабыл алынышы керек жана чектөө киргизилген контенттин же веб-сайттардын толук тизмеси менен кошо жарыяланышы керек. Чектөөлөр белгилүү бир контентке тиешелүү болушу жана тар чөйрөдө колдонулушу керек, ошондой эле бүтүндөй веб-сайттарга тыюу салуудан качуу керек.

37. ЖМКлар үчүн керексиз тоскоолдуктарды жаратпоо жана шайлоочуларга жеткиликтүү маалыматтын көлөмүн чектеп коюудан качуу максатында, акы төлөнүүчү жарнамаларды көрсөтүү үчүн ЖМКларды аккредитациялоо талаптарын кайра карап чыгуу керек.

38. Бардык акы төлөнүүчү саясий мазмун так жана ырааттуу түрдө аныкталышы керек. Жарнама менен редакциялык чагылдыруунун ортосундагы айырмачылыкты сактоо үчүн жаңылыктарда жана учурдагы окуялар программаларында акы төлөнүүчү үгүт материалдарын көрсөтүүгө тыюу салууну карап чыгуу керек.

39. Мыйзам талап кылгандай, мамлекет тарабынан каржыланган бардык телерадиокомпанияларда бош убакыт бөлүп, дебаттарды уюштурууну карап көрсө болот. Дебаттардын форматы атаандаштардын ортосундагы чыныгы жарыш сөзгө өбөлгө түзүшү керек. Талапкерлерге өнөктүк учурунда атаандаштарын сындоого мыйзамдык тыюу салынбашы керек.

**Шайлоо талаш-тартыштарын чечүү**

40. Шайлоо, анын ичинде мөөнөтүнөн мурда шайлоо, боюнча даттанууларды берүү жана кароо мөөнөттөрү даттанууларды жана негиздүү чечимдерди натыйжалуу даярдоого мүмкүндүк берүүнү жана тиешелүү юридикалык чара көрүүнү камсыз кылуусу үчүн кайра каралышы керек.

41. Шайлоо талаш-тартыштарын чечүүдө ачык-айкындуулукту жана жоопкерчиликти күчөтүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы бардык болжолдуу мыйзам бузууларды ачык жыйындарда карашы керек. Чечимдер түшүнүктүү жана жакшы негизделген

болушу зарыл, ошондой эле даттануу жолдору жана мөөнөттөрү көрсөтүлүшү керек. Фактыларды аныктоону жумушчу топтору аткарса да, институционалдык жоопкерчиликти камсыз кылуу жана соттук кайра карап чыгууга мүмкүндүк берүү үчүн чечим чыгаруу укугу Комиссияда калышы керек.

**Улуттук азчылыктардын катышуусу**

42. Өнөктүк чөйрөсүнө жеткиликтүүлүктү жана инклюзивдүүлүктү камсыз кылуу үчүн бийлик тил укуктары жана натыйжалуу саясий катышуу боюнча эл аралык стандарттарга ылайык, азчылыктардын тилдеринде, анын ичинде маалымат каражаттарында өнөктүк иш-чараларын, шайлоо материалдарын жана саясий дискурстарды кепилдеши жана жайылтышы керек.

43. Бийлик улуттук азчылыктардын шайлоо администрациясынын бардык деңгээлдеринде жетиштүү өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүшү керек.

**Шайлоого байкоо жүргүзүү**

44. Жарандык коом шайлоого байкоо жүргүзүү иш-аракеттерине ашыкча тоскоолдуктарсыз же жазадан коркпостон катыша ала турган ыңгайлуу чөйрөнү түзүү үчүн мыйзамдарды кайра карап чыгуу керек. Атап айтканда, чет элдик каржылоосу бар жарандык уюмдардын шайлоого байкоо жүргүзүүсү үчүн "чет элдик өкүлдөр" катары катталуу талабын алып салууну карап чыгуу керек.

**Шайлоо күнү**

45. Бийлик органдары шайлоо участокторунун ички түзүлүшү жана жайгашкан орду ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын көз карандысыз кирүүсүнө жана жашыруун, өз алдынча добуш берүү мүмкүндүгүн камсыз кылышы керек. Сенсордук мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн тиешелүү жардамчы куралдар дайыма жеткиликтүү болушу керек.

46. Шайлоо участокторунда ыйгарым укуктуу адамдар гана болушун жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү өз ишин кийлигишүүсүз жүргүзүшүн камсыз кылуу үчүн чаралар көрүлүшү керек.

47. Добуш берүүнүн купуялуулугу боюнча мыйзамдын жоболору участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан ишке ашырылышы жана аткарылышы керек.

48. Участкалык шайлоо комиссияларынын жыйынтыктарын жокко чыгаруу боюнча мыйзамда белгиленген жоболор, анын ичинде мындай жокко чыгаруу кайталап добуш берүүгө негиз берерин же бербесин баалоо, округдук шайлоо комиссиялары тарабынан аткарылышы керек.

**Шайлоо күнүнөн кийинки окуялар**

49. Шайлоого катышуу укугун коргоо үчүн, талапкерлерди кайталап шайлоого катышуудан четтетүү жол-жоболору так юридикалык негиздер жана жеке жоопкерчиликти эске алуусун камсыз кылуу максатында укуктук базаны жана аны ишке ашырууну кайра карап чыгуу керек

# I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН АКЫРКЫ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ[168]

| Шайлоо темасы | Алынган добуштар – Бюллетень сканери | Алынган добуштар – Кол менен эсептөө | Жарактуу бюллетендер (шайлоо округу боюнча жалпы) | Жараксыз бюллетендер (шайлоо округу боюнча жалпы) | Жалпы берилген бюллетендер (шайлоо округу боюнча жалпы) | Шайлоо округу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ажыбаев Чынгыз Ильяскожоевич | 9222 | 10467 | 57626 | 690 | 58316 | 1 |
| Жороев Исманалы Эгембердиевич | 7696 | 8715 | | | | |
| Талиева Камила Абдыразаковна | 4879 | 5377 | | | | |
| Атажанов Ырысбек Исламович | 12746 | 13794 | 58465 | 707 | 59172 | 2 |
| Калпаев Бактияр Алиевич | 6345 | 6981 | | | | |
| Аманова Бурун Кушбековна | 4753 | 5078 | | | | |
| Рысбаев Равшанбек Рысбаевич | 9933 | 10440 | 54184 | 628 | 54812 | 3 |
| Аматов Жаныбек Женишбекович | 5544 | 5850 | | | | |
| Мавлянова Махабат Эргешовна | 3651 | 3953 | | | | |
| Рустамбек уулу Советбек | 11130 | 11899 | 58483 | 710 | 59193 | 4 |
| Жаанбаев Уланбек Коргонбаевич | 9185 | 9996 | | | | |
| Алимжанова Нилуфар Якубжановна | 3744 | 4264 | | | | |

168 БШКнын веб-сайтынан алынган алдын-ала жыйынтыктар.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Элдар Нурланович Сулайманов[169] | 18298 | 18789 | 51222 | 920 | 52172 | 5 |
| Исраилов Азамат Алмазбекович | 8582 | 9248 | | | | |
| Ахмедова Айгүл Абдилхаевна | 4952 | 5225 | | | | |
| Кудайбердиев Алтынбек Мусажанович | 12744 | 13826 | 51619 | 804 | 52423 | 6 |
| Эргешов Бекмурза Аскарбаевич | 8655 | 9022 | | | | |
| Аманова Санталат Абдылдаевна | 2897 | 3478 | | | | |
| Козуев Алишер Абибиллаевич | 19643 | 20672 | 49875 | 810 | 50685 | 7 |
| Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович | 7109 | 7711 | | | | |
| Машрапова Гүлай Эгемназаровна | 3238 | 3478 | | | | |
| Акаев Жанарбек Кубанычович[170] | 11266 | 13856 | 56952 | 820 | 59862 | 8 |
| Примов Улан Бердибаевич | 9776 | 11009 | | | | |
| Төрөбекова Нуржамал Турсуналиевна | 2857 | 3145 | | | | |
| Жалилов Азамжан Абдуллажанович | 5358 | 5461 | 40081 | 643 | 40724 | 9 |
| Төлөнов Данияр Эрмекович | 4941 | 5088 | | | | |
| Эгенбердиева Жылдыз Абдылдаевна | 1056 | 1127 | | | | |
| Зулушев Курманкул Токторалиевич[171] | 12901 | 14688 | 51716 | 521 | 52237 | 10 |

169 Депутат Элдар Сулайманов мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 18-февралында БШК анын ордуна Абдуллаев Азизбекке мандат ыйгарган.

170 2026-жылдын 19-февралында БШК президенттин жарлыгына ылайык Жанар Акаевдин парламенттик ыйгарым укуктарын токтотуп, ошол эле күнү анын ордуна Таалайбек Сарыбашевге мандат ыйгарган.

171 Депутат Зулушев Курманкул мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 18- мартында БШК анын ордуна Ормонов Улугбекке мандат ыйгарган.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Омурзаков Сүйүнбек Абдылдаевич | 6327 | 7637 | | | | |
| Баатырова Гүлнара Маришовна | 2809 | 3506 | | | | |
| Ташиев Шаирбек Кыдыршаевич[172] | 22387 | 24302 | 43517 | 589 | 44106 | 11 |
| Кылычбаев Алтынбек Таирович | 6703 | 7447 | | | | |
| Салямова Венера Хамзаевна | 4442 | 4839 | | | | |
| Чолпонбай уулу Бекмырза | 15208 | 16335 | 59524 | 1099 | 60623 | 12 |
| Масабиров Талайбек Айтмаматович | 8925 | 9945 | | | | |
| Курманалиева Жылдыз Кочкоралиевна | 2299 | 2517 | | | | |
| Мамытов Талант Турдумаматович | 12 108 | Жок | 68 937 | 942 | 69 879 | 13 |
| Алтынбеков Айбек | 13 509 | Жок | | | | |
| Карабекова Айгүл Асановна | 8 861 | Жок | | | | |
| Борбиев Болотбек Ибраимович | 11822 | 13445 | 53948 | 588 | 54536 | 14 |
| Сулайманов Кундузбек Кошалиевич[173] | 10993 | 12064 | | | | |
| Култаева Гүлшаркан Оконовна | 5896 | 6415 | | | | |
| Тургунбек уулу Нурланбек[174] | 14990 | 17125 | 67487 | 741 | 68228 | 15 |

172 Депутат Ташиев Шайырбек кызматтан кет мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 18-мартында БШК Калбердиева Мавлюдага мандат ыйгарган.

173 Депутат Сулайманов Кундузбек мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 24-февралында БШК Дүйшөнбиев Райимбердге мандат ыйгарган.

174 Депутат Тургунбек уулу Нурланбек мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 24-февралында БШК анын ордуна Нышанов Жайлообайга мандат ыйгарган.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Турсунбаев Азизбек Атакозуевич | 9902 | 10713 | | | | |
| Абдибаева Айсаракан Нышановна | 3356 | 3988 | | | | |
| Жумабеков Дастанбек Артисбекович | 11142 | 12928 | 56285 | 746 | 57031 | 16 |
| Чотонов Медер Өскөнбекович | 9057 | 10164 | | | | |
| Кайырылбекова Медина Кайырылбек кызы | 8179 | 8951 | | | | |
| Азыгалиев Нурланбек Асанбекович[175] | 11198 | 12020 | 48640 | 723 | 49363 | 17 |
| Узакбаев Улукбек Камчыбекович | 9838 | 10766 | | | | |
| Эсенаманова Чолпон Замирбековна | 4358 | 4714 | | | | |
| Ханджеза Карим Лемзарович | 7617 | 7893 | 48348 | 704 | 49052 | 18 |
| Чомоев Бакыт Муратбекович | 6442 | 6906 | | | | |
| Сатиева Гүлжан Эркинбековна | 4851 | 5142 | | | | |
| Алиев Медербек Кубанычевич | 4594 | 5 532 | 42250 | 595 | 42845 | 19 |
| Эгембердиев Абдылдабек Жолдошалиевич | 5038 | 5316 | | | | |
| Тайгараева Эдита Каныбековна | 1281 | 1397-жыл | | | | |
| Айтиев Темирлан Тынычбекович | 8580 | 9021 | 31062 | 540 | 31602 | 20 |
| Атамбаев Сейитбек Алмазбекович | 2873 | 3825 | | | | |
| Ашымбаева Токтобубу Абасовна | 1130 | 1249 | | | | |

[175] Депутат Азыгалиев Нурланбек мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 18-мартында БШК Чойбеков Бактыбекке мандат ыйгарган.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Конгантиев Куванычбек Камбаралыевич[176] | 12118 | 13379 | 39860 | 533 | 40393 | 21 |
| Абиров Жаныбек Болотбекович | 8128 | 8914 | | | | |
| Садырбаева Жылдыз Эсенбековна | 1795-жыл | 2079 | | | | |
| Бекешев Дастан Далабаевич | 15106 | 17378 | 40339 | 419 | 40758 | 22 |
| Ибрагимов Болот Адылбекович | 6717 | 8128 | | | | |
| Кожокулова Гуля Акматкуловна | 994 | 1214 | | | | |
| Сурабалдиева Эльвира Жыргалбековна | 8919 | 11278 | 40776 | 542 | 41318 | 23 |
| Маматалиев Марлен Абдырахманович | 6360 | 6932 | | | | |
| Кыдыралиев Умбеталы Токторалиевич | 6013 | 6448 | | | | |
| Салымбеков Жумабек Мамытбаевич | 6771 | 7481 | 33755 | 554 | 34309 | 24 |
| Карыбек уулу Улукбек | 4839 | 6038 | | | | |
| Акимбаева Гүлнара Орозбековна | 3002 | 3505 | | | | |
| Шабазов Бахридин Валиевич | 9816 | 10 062 | 45719 | 750 | 46632 | 25 |
| Тентишев Бакыт Эркинович | 6673 | 7108 | | | | |
| Сейтказиева Эркеайым Алымовна | 2997 | 3225 | | | | |
| Саккараев Медербек Жаманкулович | 11808 | 11 978 | 52766 | 878 | 53647 | 26 |

176 Депутат Конгантиев Куванычбек мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 10-мартында БШК анын мандатын токтоткон; 28-мартка карата бул орунга башка талапкер келе элек болчу.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Исеналиев Эркинбек Аскевич | 11097 | 11265 | | | | |
| Исаева Жамиля Кубанычбековна | 6636 | 5944 | | | | |
| Түмөнбаев Акылбек Тогузбаевич | 12190 | 13 445 | 60766 | 699 | 61465 | 27 |
| Муратбеков Табылды Муратбекович | 4947 | 5992 | | | | |
| Молдобекова Гулкан Сакиновна | 4851 | 5156 | | | | |
| Кокулов Эрулан Калчороевич | 8772 | 11 619 | 57082 | 595 | 57677 | 28 |
| Сагынаев Болот Турусбекович | 7888 | 9254 | | | | |
| Жунушбаева Рахат Мырзабековна | 5948 | 6724 | | | | |
| Сыдыгалиев Нурбек Омурбекович | 10451 | 13 067 | 55734 | 573 | 56307 | 29 |
| Белеков Адилет Чолпонбекович | 8240 | 9535 | | | | |
| Жунушалиева Гулсункан Ишенгазиевна[177] | 5814 | 6688 | | | | |
| Самаков Кубанычбек Карганбекович | 10870 | 13 333 | 61667 | 539 | 62206 | 30 |
| Бакасов Улан Болотбекович | 9168 | 11411 | | | | |
| Таалайбек кызы Жылдыз | 5945 | 7243 | | | | |

177 Депутат Жунушалиева Гүлсүнкан мандатын тапшырып кеткенден кийин, 2026-жылдын 18-мартында БШК Мурзакимова Алтынкүлгө мандат ыйгарган.

| | **Өлкө ичинде (бюллетень сканери жана пульт)** | **Өлкөдөн сыртта (ӨС) (бюллетень сканери жана пульт)** | **Жалпы добуш (бюллетень сканери жана пульт)** | **Жалпы добуш (кол менен эсептөө жана алыстан добушта р)** |
|---|---|---|---|---|
| Шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын жалпы саны | | | | 4 294243 |
| Шайлоочулардын тизмесиндеги аял шайлоочулардын жалпы саны | | | | 2 212729 |
| Добуш берген шайлоочулардын жалпы саны | 1 558 384 (Жалпы – ӨС) | 26 06 2 | 1 584 446 | 1 578397 |
| Алыстан добуш берүүнүн жалпы саны | 163 968 (Жалпы – ӨС) | 26 062 | 190 030 | 190 030 |
| Жараксыз добуштардын саны | 20 857 (Жалпы – ӨС) | 282 | 21 139 | 20 806 |
| Жарактуу добуштардын саны | 1 537 527 (Жалпы – ӨС) | 25780 | 1 563 307 | 1 557427 |

## II ТИРКЕМЕ: ЭЛ АРАЛЫК ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ МИССИЯСЫНА КИРГЕН БАЙКООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

### ДИАУБ ШБМдин кыска мөөнөттүү байкоочулары

| | |
|---|---|
| Селкан Фабианковиц | Австрия |
| Аня Фидлер | Австрия |
| Герман Хагшпил | Австрия |
| Филипп Германн | Австрия |
| Ева Пумперниг | Австрия |
| Бернхард Цимбург | Австрия |
| Гюнай Асадли | Азербайжан |
| Яна Гашпарикова | Чехия |
| Терезие Хиклова | Чехия |
| Вацлав Грабак | Чехия |
| Павел Хрнчир | Чехия |
| Ян Шрот | Чехия |
| Тереза Станкова | Чехия |
| Виктор Велек | Чехия |
| Карин Бергквист | Дания |
| Хелен Эллеманн-Йенсен | Дания |
| Герт Холце | Дания |
| Мартин Ларсен | Дания |
| Пол Лорицен | Дания |
| Кирстен Могенсен | Дания |
| Финн Нильсен | Дания |
| Бирте Солевад | Дания |
| Бо Вебер | Дания |
| Калви Нурмэги | Эстония |
| Майя Далгрен | Финляндия |
| Юхо Кярияинен | Финляндия |
| Катри Линна | Финляндия |
| Артту Малкамяки | Финляндия |
| Помпео Коппола | Франция |
| Флоренс Гану | Франция |
| Элиз Монтуа | Франция |
| Жак Пелле | Франция |
| Максенс Пениге | Франция |
| Лена Сабадел | Франция |
| Халил Зерарги | Франция |
| Гунда Амат Аморос | Германия |
| Ивонн Бах | Германия |
| Юлия Бауманн | Германия |
| Яна Боллингер | Германия |
| Заза Бзишвили | Германия |
| Ингеборг Чила | Германия |

| | |
|---|---|
| Керстин Доктер | Германия |
| Клара Дуске | Германия |
| Доминика Эйхштадт | Германия |
| Томас Эрлинг | Германия |
| Йоахим Фройнд | Германия |
| Марсель Гейсслер | Германия |
| Ким Грүндбахер | Германия |
| Якоб Хоффманн | Германия |
| Хеннинг Хорстмейер | Германия |
| Йоахим Кэтцлер | Германия |
| Ханнс-Кристиан Класинг | Германия |
| Александр Клосс | Германия |
| Эдельтрауд Лир | Германия |
| Максим Менщенин | Германия |
| Марион Мьентерт | Германия |
| Лорена Мошароф | Германия |
| Кирстен Мүллер | Германия |
| Каролин Мүллер-Хофстед | Германия |
| Ульрике Нойндорф | Германия |
| Мартин Нөлле | Германия |
| Анна Ренншмид | Германия |
| Керстин Роеске | Германия |
| Хильдегард Роглер-Мохель | Германия |
| Маттиас Румпф | Германия |
| Фолкер Шиллер | Германия |
| Генрих Шнайдер | Германия |
| Йенс Шуеринг | Германия |
| Урсула Шулце-Абубакар | Германия |
| Паула Шуман | Германия |
| Арним Штаут | Германия |
| Марлис Темме | Германия |
| Анна Улиг | Германия |
| Маркус Фогел | Германия |
| Петер Фогл | Германия |
| Матиас Воллерт | Германия |
| Мари Луиз фон Халем | Германия |
| Микаел Вален | Германия |
| Микаел Вирсиң | Германия |
| Тереза Каэрти | Ирландия |
| Кэтлин Касс | Ирландия |
| Финбар Хефферон | Ирландия |
| Мариан Кирнан | Ирландия |
| Пиппа Мэттьюс | Ирландия |
| Артур О'Мэлли | Ирландия |
| Дэвид О'Ши | Ирландия |

| | |
|---|---|
| Кьяра Д'Алессандро | Италия |
| Паоло Форадори | Италия |
| Симоне Гинзбург | Италия |
| Федерико Орси | Италия |
| Алессия Паппалардо | Италия |
| Алессия Рива | Италия |
| Аленс Рупейкс | Латвия |
| Алинда Алпоел | Нидерланды |
| Гийсберт Баккер | Нидерланды |
| Марие Бридвелд | Нидерланды |
| Анетт Фройланд | Норвегия |
| Суннива Касин | Норвегия |
| Жозеф Марделли | Норвегия |
| Элсе Мури | Норвегия |
| Рейдун Самуэлсен | Норвегия |
| Матеуш Дебович | Польша |
| Элзбиета Грицук | Польша |
| Мариуш Маршевский | Польша |
| Мацей Милник | Польша |
| Якуб Пиенковски | Польша |
| Марчин Поплавски | Польша |
| Маржена Рышковска | Польша |
| Адам Зауэр | Польша |
| Элзбиета Свидровска | Польша |
| Ханна Зобел | Польша |
| Франциско Виана | Португалия |
| Наталия Драган | Румыния |
| Алин Стоенеску | Румыния |
| Диана Айнетдинова | Россия Федерациясы |
| Андрей Алексеев | Россия Федерациясы |
| Алина Артамонова | Россия Федерациясы |
| Андрей Авдеев | Россия Федерациясы |
| Мария Башкирова | Россия Федерациясы |
| Алексей Бударев | Россия Федерациясы |
| Анна Чиркова | Россия Федерациясы |
| Егор Детинов | Россия Федерациясы |
| Дмитрий Дрючин | Россия Федерациясы |
| Андрей Ермоленко | Россия Федерациясы |
| Александр Федяков | Россия Федерациясы |
| Александр Федоринов | Россия Федерациясы |
| Ариф Гаджиев | Россия Федерациясы |
| Дамир Галиулин | Россия Федерациясы |
| Марсель Гибадуллин | Россия Федерациясы |
| Юлия Голубкина | Россия Федерациясы |
| Елена Горшкова | Россия Федерациясы |

| | |
|---|---|
| Александр Капишников | Россия Федерациясы |
| Асия Халитова | Россия Федерациясы |
| Василий Хлебушкин | Россия Федерациясы |
| Дарья Ким | Россия Федерациясы |
| Ольга Колосова | Россия Федерациясы |
| Олег Комаров | Россия Федерациясы |
| Евгений Кожокин | Россия Федерациясы |
| Ирина Крестова | Россия Федерациясы |
| Ирина Кулбанова | Россия Федерациясы |
| Антон Кураков | Россия Федерациясы |
| Павел Курочкин | Россия Федерациясы |
| Семен Ляпичев | Россия Федерациясы |
| Мария Молодцова | Россия Федерациясы |
| Дмитрий Мухрин | Россия Федерациясы |
| Тамерлан Мунчаев | Россия Федерациясы |
| Никита Назаров | Россия Федерациясы |
| Дарья Пахомова | Россия Федерациясы |
| Антон Перов | Россия Федерациясы |
| Станислав Притчин | Россия Федерациясы |
| Илья Самарин | Россия Федерациясы |
| Стефания Ситнер | Россия Федерациясы |
| Инна Тарышева | Россия Федерациясы |
| Андрей Телушкин | Россия Федерациясы |
| Алексей Топольский | Россия Федерациясы |
| Ксения Верхоланцева | Россия Федерациясы |
| Алексей Зенков | Россия Федерациясы |
| Сергей Жданов | Россия Федерациясы |
| Наташа Адлесик Барба | Словения |
| Хана Хаджиахметович | Словения |
| Мар Агилера Вакес | Испания |
| Ракел Кабелло Аррибас | Испания |
| Хосе Луис Дел Риего Сантос | Испания |
| Алваро Гарласки Родгригес | Испания |
| Эстефания Гуалар Арино | Испания |
| Хавьер Позе Родригес | Испания |
| Мажа Аасе | Швеция |
| Маркус Ахлквист | Швеция |
| Мэй Энн Айрот Рамзи | Швеция |
| Андреас Берглөф | Швеция |
| Эмма Брэдли | Швеция |
| София Буш | Швеция |
| Ивон Карлберг Бенгтсон | Швеция |
| Санна Элиассон | Швеция |
| Виктория Энстрөм Линдског | Швеция |
| Карин Фялт | Швеция |

| | |
|---|---|
| Латифа Гарби | Швеция |
| Нина Гуннеберг | Швеция |
| Виктор Гупта | Швеция |
| Женни Густафссон | Швеция |
| Мадлен Хагг-Лилестрем | Швеция |
| Леннарт Хаггрен | Швеция |
| Ами Хеденборг | Швеция |
| Лена Ингелстам | Швеция |
| Кэтрин Джонссон | Швеция |
| Томми Карлссон | Швеция |
| Стина Ларсеруд | Швеция |
| Ульрих Ларссон | Швеция |
| Андерс Лиден | Швеция |
| Сара Мехия Лагергрен | Швеция |
| Торбьорн Мессинг | Швеция |
| Тильда Нильссон Гиге | Швеция |
| Эрик Норберг | Швеция |
| Кайса Норман | Швеция |
| Жонатан Остерлунд | Швеция |
| Карин Олофссон | Швеция |
| Анна Стенвалл | Швеция |
| Лиза Вестхольм | Швеция |
| Кристина Винрот | Швеция |
| Мишель Босшард | Швейцария |
| Диана Криттин | Швейцария |
| Марианна Гербер | Швейцария |
| Кристина Хоффет | Швейцария |
| Рим Магри | Швейцария |
| Сандро Маркотуллио | Швейцария |
| Мартин Миндер | Швейцария |
| Рая Шифферле | Швейцария |
| Тина Штауффер | Швейцария |
| Жанна Ву Ван | Швейцария |
| Олган Бекар | Түркия |
| Яшар Сары | Түркия |
| Эндрю Хоултон | Улуу Британия |
| Сохибжон Олимжонов | Өзбекстан |
| Ирода Убайдуллаева | Өзбекстан |

**ДИАУБ ШБМдин узак мөөнөттүү байкоочулары**

| | |
|---|---|
| Лилит Антонян | Армения |
| Корнелия Перле | Австрия |
| Мартин Россманн | Австрия |
| Вафа Фати-зада | Азербайжан |
| Юлия Хавланова | Чехия |

| | |
|---|---|
| Мирослав Крчмар | Чехия |
| Стиг Сковбо | Дания |
| Янне Ахола | Финляндия |
| Татиана Хрол-Лаппалайнен | Финляндия |
| Надя Яхлаф-Лаллеманд | Франция |
| Родольф Оберле | Франция |
| Томас Фроелих | Германия |
| Софи Харинг | Германия |
| Ребекка Вагнер | Германия |
| Сара Формисано | Италия |
| Франческа Калви Жанкристофаро | Италия |
| Гандолгор Сайнкуу | Монголия |
| Николай Паус | Норвегия |
| Нарве Рио | Норвегия |
| Арсен Айсин | Россия Федерациясы |
| Вадим Митрофанов | Россия Федерациясы |
| Надежда Обухова | Россия Федерациясы |
| Николай Воробьев | Россия Федерациясы |
| Деян Деянович | Сербия |
| Анна Пернилла Берлин | Швеция |
| Роберт Холл | Швеция |
| Анна Лидстрөм | Швеция |
| Лаура Мерц | Швейцария |
| Симон Шорно | Швейцария |
| Алона Шешения | Украина |

**ДИАУБ ШБМдин негизги тобу**

| | | |
|---|---|---|
| Тамаш Мезерикс | Миссиясынын башчысы | Венгрия |
| Петер Надерер | | Австрия |
| Александр Халядзинский | | Беларусь |
| Елена Ковалева | | Беларусь |
| Давор Чорлука | | Босния жана Герцеговина |
| Тарви Мартенс | | Эстония |
| Димитра Иоанну | | Греция |
| Рокко Жованни Дибиазе | | Италия |
| Жакопо Леоне | | Италия |
| Макс Бадер | | Нидерланды |
| Роберт Лех | | Польша |
| Ружица Йованович | | Сербия |
| Иван Годарский | | Словакия |
| Андреас Рот | | Швеция |
| Фаррух Журакулов | | Тажикстан |
| Зелиха Айдын | | Түркия |
| Катя Андрус | | Улуу Британия |
| Крис Тейлор | | Улуу Британия |

| | | |
|---|---|---|
| Кайл Бауэрс | | Америка Кошмо Штаттары |
| Меган Фицжералд | | Америка Кошмо Штаттары |

**ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясынын делегациясы**

| | | |
|---|---|---|
| Клод Хааген | атайын координатор | Люксембург |
| Моника Зайкова | делегация башчысы | Түндүк Македония |
| Мартин Петерл | | Австрия |
| Кристин Шварц-Фукс | | Австрия |
| Дэвид Стогмүллер | | Австрия |
| Себастиан Швайгофер | | Австрия |
| Турал Гянжалиев | | Азербайжан |
| Аллессия Клаес | | Бельгия |
| Албин Муслик | | Босния жана Герцеговина |
| Тео Рогич | | Босния жана Герцеговина |
| Деян Дечев | | Болгария |
| Сандра Крпан | | Хорватия |
| Никола Мазар | | Хорватия |
| Олгика Толич | | Хорватия |
| Кириакос Хажиянни | | Кипр |
| Ярослав Чалупский | | Чехия |
| Радек Меркл | | Чехия |
| Линхарт Збынек | | Чехия |
| Хенрик Рейнхолт Андерсен | | Дания |
| Ким Аас Кристенсен | | Дания |
| Мати Райдма | | Эстония |
| Ласси Вилхелм Жуннила | | Финляндия |
| Валери Бойер | | Франция |
| Жизел Журда | | Франция |
| Стефани Колчанов | | Франция |
| Леван Махашвили | | Грузия |
| Николоз Самхарадзе | | Грузия |
| Малте Кауфманн | | Германия |
| Стефан Койтер | | Германия |
| Тобиас Александр Винклер | | Германия |
| Элени Мария Апостолаки | | Греция |
| Теодора Чачлаки | | Греция |
| Христос Жаннулис | | Греция |
| Эвангелос Сиригос | | Греция |
| Анна Билотти | | Италия |
| Федерико Казелли | | Италия |
| Фабрицио Комба | | Италия |
| Жузеппе Де Кристофаро | | Италия |
| Евгения Фаббри | | Италия |
| Эмануэл Лоперфидо | | Италия |
| Федерика Онори | | Италия |

| | |
|---|---|
| Катия Полидори | Италия |
| Жузеппе Трезза | Италия |
| Эуженио Зоффили | Италия |
| Алибек Наутиев | Казакстан |
| Клод Гаспард | Люксембург |
| Моник Кристианс | Нидерланды |
| Фарах Карими | Нидерланды |
| Роберт Ван Гастерен | Нидерланды |
| Лидия Каракамчева | Түндүк Македония |
| Мимоза Муса | Түндүк Македония |
| Мариус Арион Нильсен | Норвегия |
| Барбара Бартус | Польша |
| Радослав Фогиел | Польша |
| Казимеж Клейна | Польша |
| Марчин Микиетины | Польша |
| Катажина Уберхан | Польша |
| Дарья Боярская | Россия Федерациясы |
| Анжелика Иванищева | Россия Федерациясы |
| Милан Радин | Сербия |
| Артеми Висент Ралло | Испания |
| Рикардо Тарно | Испания |
| Педер Бьорк | Швеция |
| Улрик Нилссон | Швеция |
| Жессика Роден | Швеция |
| Маркус Вахлунд Вихел | Швеция |
| Манучехр Салохудинов | Тажикстан |
| Селами Алтынок | Түркия |
| Мурат Байбатур | Түркия |
| Халис Далкылыч | Түркия |
| Эжем Даник Гөкче | Түркия |
| Өзгүл Саки | Түркия |
| Мурат Уйсал | Түркия |
| Артем Дубнов | Украина |
| Павел Фролов | Украина |
| Шарон Хожсон | Улуу Британия |
| Рейчел Бауман | Америка Кошмо Штаттары |
| Женис Хелвиг | Америка Кошмо Штаттары |

**Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын делегациясы**

| | | |
|---|---|---|
| Георгиос Стаматис | делегация башчысы | Греция |
| Хагани Гулиев | | Азербайжан |
| Ману Дирих | | Бельгия |
| Амила Беркович | | Босния жана Герцеговина |
| Иван Ракан | | Хорватия |
| Евгений Шенфелд | | Чехия |

| | |
|---|---|
| Карин Роллер Кауфман | Франция |
| Гаррет Ахерн | Ирландия |
| Аврора Флорида | Италия |
| Элизабетта Гардини | Италия |
| Фабио Пиетрелла | Италия |
| Пол Галлес | Люксембург |
| Сржан Дарманович | Черногория |
| Ванда Новицка | Польша |
| Богдан Торкаториу | Румыния |
| Херардо Жованиоли | Сан-Марино |
| Пьер Гарроне | Швейцария |
| Мехмет Акалин | Түркия |

**ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюро (ДИАУБ) мүчө- мамлекеттерге «адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук урматтоону камсыздоого, мыйзам үстөмдүгүн сактоого, демократиялык принциптерди колдоого жана (…) демократиялык институттарды курууга, бекемдөөгө жана коргоого, ошондой эле бүткүл коомдун масштабында көтөрүмдүүлүктү өнүктүрүүгө» көмөк көрсөтүүчү ЕККУнун негизги институту (Хельсинки саммитинин документтери, 1992-жыл). Бул ЕККУнун адамзаттык өлчөмү болуп саналат.

Варшавада (Польша) жайгашкан ЕККУ/ДИАУБ «Эркин шайлоолор боюнча бюро» деген аталыш менен 1990-жылы Париж саммитинде негизделип, өз ишин 1991- жылдын май айында баштаган, бир жыл өткөн соң, Бюронун аталышы, анын мандаты кеңейип, адам укуктарын жана демократияны колдоону камтып калгандыгына байланыштуу, өзгөртүлгөн. Бүгүнкү күндө Бюронун курамында 150дөн ашуун адис бар.

ДИАУБ **шайлоолорго байкоо жүргүзүү** жагынан Европадагы алдыңкы уюм болуп саналат. Жыл сайын бюро ЕККУ регионундагы шайлоо процесстеринин ЕККУнун алдында алынган милдеттенмелерге, демократиялык шайлоо өткөрүү боюнча эл аралык милдеттенмелерге жана стандарттарга, ошондой эле улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө баа берүү үчүн миңдеген байкоочуларды жиберүүнү уюштурат жана координациялайт. Анын уникалдуу усулдары шайлоо жараянынын бардык жагдайлары боюнча тереңдетилген талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Көмөк көрсөтүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге шайлоо инфраструктурасын жакшыртууга жардамдашат.

Бюронун **демократияны колдоо** жаатындагы ишмердиги төмөнкүдөй чөйрөлөрдү камтыйт: мыйзамдын үстөмдүгү, мыйзам чыгарууну колдоо, демократиялык башкаруу, миграция жана орун которуу эркиндиги жана гендердик теңчилдик. Жыл сайын ДИАУБ демократиялык структараларды өнүктүрүү боюнча бир катар максаттуу көмөктөшүү программаларын ишке ашырат.

ДИАУБ, мүчө - мамлекеттерге алар ЕККУнун адамзаттык өлчөм жаатында кабыл алынган **адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин** бекемдөө жана коргоо боюнча алардын милдеттенмелерин аткарууга көмөк көрсөтөт. Буга өнөктөштөрдүн кеңири чөйрөсү менен биргеликте терроризмге каршы күрөшүү шарттарында адам укуктарын сактоо, адамдарды сатуудан жабыр тарткандарды укуктарын коргоого көмөктөшүү, адам укуктары боюнча окутуу жана даярдоо, адам укуктарын сактоого мониторинг жүргүзүү жана отчет түзүү, ошондой эле аялдардын укуктары жана алардын коопсуздугу сыяктуу тематикалык тармактарды камтыган кызматташтыкты бекемдөө, дараметти чыңдоо жана экспертизаларды жасоо боюнча боюнча иш жүргүзүү аркылуу жетишилет.

**Толеранттуулук жана дискриминацияга жол бербөө** боюнча иш-аракеттердин чегинде ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге жек көрүүнүн, расизмдин, ксенофобиянын, антисемитизмдин жана көтөрүмсүздүүлүктүн башка формаларынын негизинде жасалган кылмыштарга каршы жооп кайтаруунун натыйжалуулугун жогорулатууда колдоо көрсөтөт. Көтөрүмдүүлүктү жана басмырлабоону камсыз кылуу боюнча ДИАУБдун ишмердиги төмөнкү тармактарга багытталган: мыйзам чыгаруу, тартип коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн окутууларды уюштуруу; кылмыштарга жана көтөрүмсүздүүлүктүн көрүнүштөрүнө жооп кайтарууга мониторинг, отчеттуулук жана байкоо жүргүзүү; көтөрүмдүүлүктү, урматтоону жана өз-ара түшүнүүнү жайылтуу боюнча агартуу иш- чаралары.

ДИАУБ мүчө - мамлекеттерге **рома жана синти** элдери боюнча алардын саясат маселелери боюнча консультация берет. Бюро дараметти чыңдоо менен рома жана синти жамааттары менен алакаларды күчөтүүгө жардамдашып, рома жана синти өкүлдөрүнүн саясатты аныктоочу органдардын ишине катышуусуна көмөктөшөт.

ДИАУБдун бардык иш-чаралары ЕККУнун мүчө - мамлекеттери, ЕККУ институттары жанажер-жерлердеги өкүлчүлүктөрү, ошондой эле башка эл аралык уюмдар менен тыгыз координацияда жана кызматташтыкта жүргүзүлөт.

Кошумча маалыматты ДИАУБ сайтынан алууга болот (www.osce.org/odihr).